КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ ЖАЗГҮЛ**

# «МАНАС» ҮЧИЛТИГИНДЕГИ ДИДАКТИКАЛЫК МОТИВДЕР

*монография*

«Улуу Тоолор»
Бишкек–2023

УДК 398:821.51.0
ББК 82.3 (3 Кир)
Т 50

*Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү*

*Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңешинде басмага сунуш кылынды*

**Жооптуу редактору:**
академик *А. А. Акматалиев*

**Рецензенттер:**
*Орозобекова Ж. К.* – филология илимдеринин доктору
*Көлбаева М. К.* – филология илимдеринин доктору, доцент

**Тойчубек кызы, Жазгүл**
Т 50 **«Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдер:** (монография). – Б.: «Улуу Тоолор», 2023. – 160 б.

ISBN 978-9967-12-962-7

Китепте дидактикалык мотивдердин «Манас» эпосундагы көп багыттуу идеялык-көркөмдүк функциясына талдоо жүргүзүү аракети болду.

Манасчы Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин вариантындагы дидактикалык мотивдер буга чейинки эмгектерде жалпы мүнөздө гана берилсе бул иште сюжет, композиция, көркөм образдар системасы эпостогу дидактикалык мотивдердин көркөм функциясы, идеялык-эстетикалык кызматы аныкталды;

Китеп ЖОЖдордун студенттерине, магистранттарга, аспиранттарга жана жалпы эле манастаанууга кызыккан окурмандарга сунушталат.

**УДК 398:821.51.0**
**ББК 82.3 (3 Кир)**

ISBN 978-9967-12-962-7

© Тойчубек кызы Жазгүл

# БАШ СӨЗ

Канча кылымдардан бери кыргыздын руханий маданиятынын туу чокусу аталган «Манас» эпосундагы баатырлардын, чоролордун эл үчүн жасаган эрдиктери, жүрүм-туруму, өз ара мамилеси, сый-урматы, жаш муун үчүн үлгү, сабак ала турган тарбия болуп кызмат кылат. Мына ошол таалим-тарбиялык ойлордун манасчы С.Каралаев менен С.Орозбаковдун айтуусундагы «Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдерге системалуу анализ жүргүзүү, байыртадан келе жаткан таалим-тарбия салттарынын алкагында талдоо жана алардын бүгүнкү күндөгү моралдык-эстетикалык маанисин көрсөтүү ишин максат кылган бул монографиялык эмгектин актуалдуулугунан эч күмөн кылууга болбойт. Ишти жазууда автор «Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдердин идеялык-эстетикалык зарылдыгын аныктоону, сюжет курууда, композициялык түзүлүшүндө, көркөм образдар системасындагы дидактикалык мотивдердин көркөм функциясын аныктоону, эпостун тулкусундагы кенже жанрлардын (макал, ылакап ж.б.) көркөм-эстетикалык кызматын аныктоону, ынтымак, ар намыс, биримдик ж. б. этикалык категориялардын эпикалык-көркөмдүк интерпретациясына талдоо жүргүзүүнү, үй-бүлө темасынын «Манас» үчилтигинде көркөм чагылышын анализге алууну негизги милдеттеринин бири катары алдына койгон. Иштин жыйынтыгында автор милдеттерин дээрлик аткара алганын көрүүгө болот.

Монография структуралык жактан «Манас» – элдик оозеки өнөрдүн көркөм антологиясы», «Эпостогу дидактикалык мотивдердин идеялык-тематикалык көп багыттуулугу» деп аталган эки бөлүмгө бөлүнгөн. Бул бөлүмдөр ич ара параграфтарга ажырымдалат. Ал бөлүмчөлөрдө манасчы Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин вариантындагы дидактикалык мотивдердин сюжет, композиция, көркөм образдар системасындагы көркөм функциясын, идеялык-эстетикалык кызматын аныктоо аракети жүргөн. Манастын жарык дүйнөгө келгенден баштап, бул дүйнөдөн өткөнгө чейинки өмүрүн чагылдырган сюжеттик линияда анын эл үчүн жасаган иш аракети жана чоролоруна жасаган мамилесиндеги таалим-тарбиялык ойлор, үчилтигиндеги макал, ылакаптардын идеалык-эстетикалык кызматы, алардын эпостогу орду каармандардын аткарган иш аракети талданат. Ошондой эле автор ынтымак, ар намыс, биримдик ж. б. этикалык категориялардын эпосто көркөм-образдуу интерпретацияланышын да көз жаздымда калтырбайт. Жалпысынан алганда, дидактика жалаң насаат айтуу аркылуу тарбия берүүчү педагогика багытынын бир гана танабы эмес, анын кеңири маанисиндеги философиялык жүктү аркалап турган оозеки поэтиканын мыкты үлгүсү катары талданган.

Автордун тандап алган темасы кыргыз фольклористика илими үчүн актуалдуу дешке болот. Ишти жазууда автордун буга чейин эпостун варианттарын жарыкка чыгарууда көп эмгек жумшагандыгы чоң жардам бергени, мындан улам эпостун варианттарынын көпчүлүгү менен тааныштыгы байкалат.

*А. А. Акматалиев*
*Академик*

*Бул эмгегимди атам Тойчубекке,*
*апам Жамалга арнайм*


**Автор**

# КИРИШҮҮ

Дидактика термини оболу грек тилинде *«дидактик», «дидаскал»* устат, нускоочу, насаатчы акын же жазуучу деген түшүнүктү билдирчү экен. Адамзат тарыхында таалим-тарбия маселеси алмустактан эле боло келгендиги өзүнөн өзү белгилүү го, анткени кылымдар бою топтолгон турмуштук тажрыйба улам жаңы муунга өткөрүлүп турушу мыйзамченемдүү көрүнүш эмеспи. Демек, устаттык, нускоочулук иши ар бир адам коомунда ар кыл формада пайда болуп калыптанган. Биз үчүн эң кызыгы – грек маданиятында да таалим-тарбия вазийпасын акын-жазуучулар аркалап келгендигинде. Жазуу маданияты өркүндөгөн Батыштын байыркы доорунда деле ал максатты жүзөгө ашыруунун негизги милдетин акын-жазуучулар алган экен. Ал эми көчмөн цивилизациянын коюнунда телчиген кыргыз маданиятынын дидактикасы акын-төкмөлөрдүн, жомокчу-манасчылардын оозунда сакталып, укумдан тукумга оозеки түрдө өткөрүлүп келген. Кийинчерээк, XVI-XVII кылымдарда «дидактика» атайын илимий багытка айланып, бул терминди немец педагогу Вольфганг Ратке (Ратихия) (1571–1635) окутуп-үйрөтүү өнөрүн белгилөө үчүн пайдаланганы белгиленип жүрөт. Дал ушундай эле мааниде Ян Амос Коменский

дидактиканы «бардыгын үйрөнүүнүн универсалдуу өнөрү» деп аныктаган. Ал эми XIX кылымдын башында дагы бир немец педагогу Иоганн Фридрих Гербарт дидактикага таалим-тарбия берип окутуучу теориянын статусун берген. Ошентип дидактика XIX кылымдын башында педагогиканын орчундуу бөлүгүн түзүп («didasko» искусство учить, объяснять, доказывать, учиться, наставлять) [https://ru.wikipedia.org/wiki], билим берүүнүн жалпы теориясына айланган.

Чындыгында дидактика илими жалпы психология, философия, социология, кибернетика, педагогикалык психология, физиология, жеке усулдук ыкма, тарбия теориясы жана эргономика сыяктуу илим тармактары менен тыгыз байланышта экендигин биз мисалга алган төмөнкү схема айкын көрсөтүп турат:




Схемадан көрүнүп тургандай, тарбия берүү теориясы, жеке усулдук ыкма жана педагогикалык психология деген дидактика илиминин бир-экиден гана бутагы болуп,

калган тарамдуу бөлүктөрү антропология менен философиядан баштап кибернетика менен информатиканы кучагына алып турган көп тармактуу билимдин түпкүлүктүү маңызын түзүп турат.

Дидактиканын илим катары өнүгүү тарыхынан көрүнүп тургандай, бул багыттын оболу башында топтолгон турмуштук тажрыйбаны, илим-билимди урпактарга өткөрүп берүү башкы максат болгон. Дидактиканын тарыхый өнүгүү жолу педагогиканын алкагында түздөн-түз тарбиялоо кызматын аткарып келсе, улуттук маданиятыбызда каада-салттын, ырым-жөрөлгөнүн элементтери аркылуу таркаган. Ушул өңүттөн алганда дидактиканын кеңири маанидеги илимий функциясын кыргыздын эл оозеки мурастары – макал, ылакаптан баштап «Манас» сыяктуу эбегейсиз эпикалык полотно аткарып келген. Эгерде дидактиканы, көпчүлүккө белгилүү тарап кеткен жалаң насаат айтуу аркылуу тарбия берүүчү педагогика багытынын бир гана тарабы эмес, кеңири маанисинде, маселен, антропология менен философия өңүтүндө аңдап-түшүнө турган болсок, анда анын пайда болуп калыптануу башатында ириде фольклор тургандыгы айдан ачык. Себеби дидактика сыяктуу эле фольклор термини оболу (англ. *folk-lore* – «элдик даанышмандык») – элдин турмушун, жашоого карай көз карашын, өмүрдөгү идеал, принциптерин эл чыгармачылыгы аркылуу көркөм чагылдыруу дегенди билдирет. Алмустактан бери адамзат жашоо-турмушун коштоп келе жаткан бул түшүнүктүн ичине илимпоз-изилдөөчүлөр эң башында эл ичинен жаралган бардык көрүнүштү камтып белгилешкен: «Народное творчество, зародившееся глубоко в древности – историческая основа всей мировой художественной

культуры, источник национальных художественных традиций, способ выражения народного самосознания» *[https://ru.wikipedia.org/wiki/Фольклор].* Фольклор – элдик даанышмандык деп 1846-жылы алгач ирет аныктаган англис окумуштуусу Уильям Томс бул терминдин ичине элдик көркөм чыгармачылыкты: көркөм сөздү, бийди, музыканы, ошондой эле эл ичиндеги зергер жана уздардын колунан жаралган материалдык көркөм өнөр предметтерин да камтыган. Чындыгында эле ошол оюу-саймаларда, буюм-тайымдын коздолушунда, жасалган түзүлүш-формаларында (мисалы, боз үйдүн бүтүндөй турпатында) эл философиясы чагылдырган эмеспи. Ушул өңүттөн караганда деле дидактика менен фольклор – бул элдик даанышмандыктын, илимдин тили менен айтканда философиянын уюткусу болуу менен, биринен бирин ажырымда карап-талдай албай турган биримдиктүү объект экендигине ынанабыз.

Анын ичинен алганда кыргыздын улуттук философиясы азыркы учурда да ата-бабаларыбыз муундан муунга оозеки өткөрүп жүрүп олтурган көркөм сөз мурасында сакталып турат. Баарыбызга белгилүү го, кыргыздын «Манасынын» ушундай көп кырлуу табиятын дароо байкаган Чокон Валиханов: ««Манас» – кыргыз элинин турмуштук энциклопедиясы. Анда алмустактан берки аңыздарынан баштап, ар кылымда калк өз башынан кечирген азап-тозокту, кубаныч-шаттыкты, каада-салтын, ырым-жөрөлгөсүн, нарк-насилдүү нускасын бир эпопеяга батырган» деп жазып кеткен. Демек, эпостогу дидактика курулай акыл-насаат айтуудан алыс, эпикалык кейипкерлердин жүргөн-турганы, кылган-эткени аркылуу улам кийинки жаш муундун аң-сезимине таңуулоосуз

сиңген. Ошондой баа жеткиз мазмундуу болгондугунан «Манас» эпосун улуттук идеологиянын башатына коюп, «Манастын жети осуяты» иштелип чыккан. Ата-бабалар өз урпактарына таалим-тарбияны жалаң үгүт-насаат сөзү менен эмес, иш жүзүндө, ар бири жеке тагдыры аркылуу үлгү болуп бергендигин мисалдар аркылуу далилдөөгө аракеттенебиз.

Өткөндү окуп-билип, эсте сактап, ата-бабалардын накыл кептерин, насааттарын күнүмдүк жашоо-турмушубузда колдонуунун мааниси өтө актуалдуу. Анткени, бул турмушта жаш муун кандай тарбия алыш керек, кандай нукта калыптанышы керек, тарбиянын кандай ыкмасын колдонуу керек? деген суроолор жаралат. Бул суроолорго жооп издөөдө артка бир кылчайып карап, ата-бабалардын калтырып кеткен насааттарына, макал-ылакаптарына, элдик оозеки чыгармаларына кайрылууда алардын турмуштагы мааниси күчтүү экендигине ынанабыз. С.Байгазиев белгилегендей: «Тарбия илими өткөн доорлордун өзөгүнөн өрнөктөрдү, тарыхтын тажрыйбасынан таяныч табууга умтулуп, илгерки ата-бабалардын рухий-маданий «прафеноменине» активдүү түрдө кайрылып жатат. Бул бекеринен эмес. Руханият тармагы аба ырайындай тез-тез өзгөрүлүп турган экономика же саясат тармагы эмес. Руханият сферасында кээде, модачыл инновацияга караганда кылымдарды карытып келген байыркы архаика алда канча маанилүү, алда канча керектүү болуп чыгат» [С. Байгазиев. Педагогикалык руханият. Б., 2008]. Жогоруда окумуштуу белгилеп өткөндөй кылымдарды карытып келген байыркы элдик оозеки чыгармалар, акындардын насаат ырлары, макал-ылакаптары бүгүнкү күндө өтө маанилүү керектүү болуп

турган учур. Мына ошондуктан азыркы учурда келечек муунду тарбиялоодо элдик оозеки чыгармалардагы таалим-тарбиялык насааттарга кайрылуу өтө зарыл болуп турган учур. Мына ушул кырдаалдан алганда өтө алыска көз чаптырбай эле Орхон-Энесай эстеликтериндеги ташка чегилип жазылган жазуулардан баштап, өзүбүздүн руханий мурасыбыз, энциклопедиябыз болгон «Манас» үчилтигинде, деги эле оозеки мурастарыбыздын бардыгында кезиккен акыл-насаат, макал-ылакапта чагылган дидактикалык мотивдерди жашоо-турмушубузда, таалим-тарбиялык ролу өтө маңыздуу. Жогоруда белгилеп өткөндөй, «Манас» эпосунан байыркы Орхон-Енисей эстеликтердин сюжеттик жана поэтикалык окшоштуктар байма-бай кездешет. «Манастагы» кошок, арман руна жазуулары менен үндөш экенине эч бир күмөн жок, эпостогу кээ бир эпитеттер, кайталоолор, поэтикалык ыкмалар, синтаксистик параллелизмдер ошол руна жазуусу кеңири тараган учурда «Манаска» таасир эткенби деген ойго кетесиң» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: Р. З. Кыдырбаева. С. Орозбаков – «Манастын» салттарын сактап өнүктүрүүчү. Б., 1993, 13-б]. Рун жазууларды, элдик оозеки чыгармаларды ата бабаларыбыз бекеринен ташка чегип, кээ бирин оозеки айтып, кээ бирин кагаз бетине түшүрүп кетпесе керек. Изги тилек, аруу максат, чоң ишеним, илгери үмүт менен урпактар муундан-муунга өткөрүп, тарбия алып, окуп, үйрөнүп турсун деген чоң үмүт менен тарыхый мурас катары калтырып кеткен.

Эл оозеки чыгармаларында анын көп кылымдык турмушу, өткөн тарыхы, келечек үмүт-тилеги жогору көркөмдүктө чагылдырылат. Себеби ал ошол көркөм сөз

нускалары канчалаган муундун кулагына сиңип, акыл-эсинде калчанып, оозунда айтылып олтуруп бизге чейин жетти. Жаш муундарга ата бабаларынын бай тажрыйбасын өткөрүп берүүдө, аларга дүйнө таанытууда, таалим-тарбия берүүдө көчмөн жоогерчилик далай заманды башынан кечирип, калк учугун улап келген кыргыз өңдүү элдерде анын мааниси өзгөчө болуп келген. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы өтө бай жана көп түрдүү: макал, ылакап, жаңылмач, табышмак, санат, насаат, үлгү-нуска терме ырлар, жөө жомок жана чоң жомок аталып келген эпикалык мурастын уюткулуу түрү. Булардын ичинен эпостордо камтылган философиялык көрөңгө, дидактикалык кызматты аркалап келген мотивдер улуттук маданиятта өзгөчө орунду ээлейт. Анткени, андагы каармандардын жасаган иш аракеттери аркылуу жаш муунду патриоттуулукка, ар намыстуулукка тарбиялоо, элдин келечекке болгон үмүт-тилеги, жаратылыш, дүйнө түзүлүшү, жашоонун маңызы жөнүндөгү элес-түшүнүктөрүн камтыган көп кылымдык турмушу поэтикалык формада чагылдырылган. Үч бөлүктөн турган кыргыздын монументалдуу «Манас» эпопеясы – кыргыз элинин улуттук сыймыгы болуп калышынын башкы себебин казак элинин илимпоз изилдөөчүсү Ч.Ч. Валихановдун аныктамасы аркылуу түшүндүрсөк болот: «Кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламыштарынын бир убакытка жана бир адамдын – баатыр Манастын айланасына топтогон энциклопедиялык жыйнагы. «Манас» талаа «Иллиадасы» сыяктуу. Элдин турмушу, адат-салты, кулк-мүнөзү, жаратылышы, диндик жана медициналык көз караштары – мына ушунун баары бул эң чоң эпопеяда чагылдырылган» [Валиханов

Ч.Ч. Избранные произведения. Алма-Ата: Казгослитиздат, 1958. С.112]. Манастын эл үчүн жасаган эрдиктери, акылман абаларынын жана анын чоролорунун жүрүм-туруму, өз ара мамилеси, сый-урматы, жаш муун үчүн үлгү, сабак ала турган тарбия болуп кызмат кылат. Эпостун сюжетинде сүрөттөлгөн ар бир каармандын образы, алардын иш аракети аркылуу көркөм шөкөттөлгөн мотивдердин бардыгында сан кылымдык таалим-тарбия камтылган.

# I Б А П
# «МАНАС» – ЭЛДИК ООЗЕКИ ӨНӨРДҮН КӨРКӨМ АНТОЛОГИЯСЫ

## 1.1. Дидактикалык мотив – «Манас» эпосунда идеялык-эстетикалык зарылдык

Ата-бабаларыбыздан баа жеткис мурас катары калган «Манас» эпосу дүйнөдө көлөмү жагынан да, мазмуну жагынан да эч бир эпоско теңегис элдик оозеки чыгармалардын бири. Анткени, «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигинен турган бул эпос дүйнө элдеринин эпосторунун ичинен өзүнүн океандай зор көлөмү менен гана айырмаланбастан, нечендеген кылымдардан бери оозеки сакталып, манасчылар аркылуу муундан муунга өтүп, күнүбүгүн да оозеки түрдө уланып келе жаткан жандуу процесс катары бөтөнчө салттуулугу менен дагы айырмаланат. «Манас» эпосу аркылуу биз дүйнө элине таанылып, дүйнөлүк маданияттын казынасынан орун алып отурабыз. ЮНЕСКОнун тизмесине киргенден бери расмий түрдө кыргыз жүзүн дүйнө элдерине таанытып турган бирден-бир баалуу документтердин бири «Манас» үчилтиги болуп калды. Чындыгында эле «Манас» эпосу кыргыз элинин энциклопедиясы, көөнөрбөс мурасы, түгөнбөс кенчи. Эпосто кыргыз элинин тарыхы, жашоо-турмушу, маданияты, үрп-адат, каада-салт оюндары камтылгандыгы айтылып да, жазылып да жүрөт. Анын баалуулугу, улуттук маданиятта узак мезгил бою көө-

нөрбөс болуп жашап келе жатышынын сыры да ушунда. Ошондуктан ар бир окурман, ар бир угарман эпосту уккан сайын андан түгөнбөгөн байлыкты табат, жандүйнөсүнө рухий азык алат. «Манас» эпосунда таалим-тарбия берүүчү, акыл-эстүүлүккө, эмгекчилдикке, адамкерчиликке, элин-жерин сүйүүгө, кишилик асыл сапаттарга, ар кандай кыйынчылыктар менен күрөшө жана жеңе билүүгө тарбиялаган чыдамкайлыкты үйрөтүүчү мотивдер көп кездешет. Ошондой эле кыргыз элин ынтымакка, биримдикке, биртууган элдердин ортосундагы достук мамилени чыңдоого, ынтымакта жанаша жашоого үндөгөн насааттарга өтө бай.

Албетте, жаңыланган техниканы өздөштүрүп, дүйнө эли бара жаткан ыкчам ыргактан артта калбай, жаңылыктар менен таанышуу керек, кошуна мамлекеттердин маданиятын билүү керек. Бул өнүгүп-өсүүгө чоң таасирин тийгизет. Бирок «Өткөндү билбей туруп жаңыны жаратуу мүмкүн эмес» деп акын Сүйүнбай Эралиев айткандай, ата-бабаларыбыздан калган улуу мурастарыбызды өз турмушубузга өрнөк кыла жүрүшүбүз керек. Өз тарыхыбызды, маданиятыбызды билбей, алардан үлгү албай туруп эч качан ийгиликке жетише албайбыз. Бүгүнкү ааламдашуу да күн санап жаңыланган техниканын арааны ургаал жүрүп турган мезгилде жаш муундар көбүнчө чет эл маданиятынын таасиринде калып, улуттун нукура салт-санаасына жат тарбия алып, айрым диний конфессиялардын идеясын аң-сезимине сиңирип, кыргыз экенин да унутуп, жан кейите турган иштерди жасап жатышкандыгы баарыбызга маалым. Экономикалык кризис коомду социалдык деградацияга түртүп, пейил бузулуп, ууручулук, аракечтик, кылмышкерлик күндөн-күнгө күч алууда. Рыноктун аёосуз заң-мыйзамы өзүмчүлдүктү

көтөрө салып мактап-жактап, жеке керт баштын ийгилигин даңазалап, эли-журту тургай, жакындарына жакшылык жасабай турган кыйын замандын эпкини каптады.

Ушундай жаман сапаттардан арылууга, жалпы эле жакшы сапаттарга, адам болууга тарбиялоочу дидактикалык мотивдер «Манас» эпосунда жыш кездешет. «Дидактика – бул бардыгын бардыгына үйрөтүүнүн универсалдык искусствосу» деп, улуу педагог Ян Амос Коменский таасын белгилеп кеткендей, тарбиялоо ишмердүүлүгү өтө чоң чеберчиликти, эмгекти, жөндөмдүүлүктү, чыгармачылыкты талап кылган татаал жана көп кырдуу процесс. Жалпылап айтканда «дидактика – коомдук турмуштун материалдык талаптарына ылайык пайда болуп, өсүп-өнүгүп жаткан илим [Дидактика. Бишкек, 2009, 8-б.]. Адамзат коомчулугу тиричиликтин түрдүү тармактары боюнча турмуштук тажрыйбаларын жана билимдерин акырындык менен системалап, илим казынасына жыйнап келген. Коомдун тынымсыз өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн улам жаңы муундарды рухий байлыктарга ээ кылуу зарылдыгы келип чыккан. Өзүнүн жазмасы жок эл, анын ичинде кыргыз эли да, кылымдар бою башынан кечирген нечен түрдүү кайгы-муңу менен кубанычтарын, жоогерчилик менен ата конушундагы бейпил күндөрүн, өз элинин тарыхын, маданиятын, тилин оозеки чыгармаларда фольклордо сактап жана байытып келген.

Фольклор кылымдар бою муундан-муунга өтүп өркүндөп, байып, жетилип келген элдик кенч. Улам жаңы муундарды турмуш сабактарына үйрөтүп, тарбиялап даярдоодо дидактиканын ролун дал ушул оозеки үлгү-мурастар аткарып келген. Бул терминден «дидактикалык чыгармалар», «дидактикалык адабият», «дидактикалык поэзия» деген аталыштар келип чыккан. Албетте, булар-

дын аталыштары ар башка болгону менен бири-бирине мааниси жагынан тыгыз байланышта экендигине киришүү бөлүмүндө токтолгонбуз. Ал эми мотив окумуштуулардын изилдөөсүндө төмөнкүдөй түрдө берилип келген: «мотив – (фр. – күү, обон) – сюжетте каармандардын кандайдыр бир иш-аракеттерди аткарышынын себептери, ошол ишти аткарууга түрткү берген психологиялык жагдайлар» [Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Фр., Мектеп, 1987, 56-б]. Мотив (лат. moveo —«двигаю») – простейшая составная часть сюжета. Мотив (по Ю. Е. Берёзкину) – образ или эпизод или совокупность образов или эпизодов, встречающиеся более чем в одном фольклорно-мифологическом тексте. Б. В. Томашевский өзүнүн «Теория литературы. Поэтика» деген эмгегинде мотив деп: «Тема неразложимой части произведения называется мотивом. В сущности – каждое предложение обладает своим мотивом» деп белгилейт. «Мотив – (фр. от. лат. motives – подвижный) – простейшая содержательная (смысловая) единица художественного текста в мифе и сказке» [Краткая литературная энциклопедия. 4-том. С. 995]. Окумуштуулар белгилеп өткөндөй, мотив бул каармандардын кайсы бир ишти аткаруу себептери, аткарууга түрткү болгон психологиялык жагдайлар. Жалпылап алганда чыгармадагы каармандардын үлгү болорлук, сабак болорлук, тарбиялык мааниси терең, жакшы адам болууга үндөй турган, адамкерчиликке жалпы эле гумандуу сапаттарга тарбиялай турган иш аракеттерин дидактикалык мотив катары эсептесек болот.

Дидактикалык тек өз кучагына ар кыл жанрларды камтыйт. «Кыргыз фольклорунда башка элдерде анча учурай бербеген санат, насаат, терме, үлгү, үгүт, нуска сыяктуу аталыштары башка-башка болгону менен ички

мазмуну, сырткы түзүлүшү бири-биринен анча айырмаланбаган үлгүлөрү кездешет. Ал эми дүйнө элдеринин бардыгынын фольклорунда терең орун алган макал, ылакап, табышмак, тамсил жанрлары да ушул текке жатат» [Кыргыз адабиятынын тарыхы. Б.; 2004-ж, 1-т., 207-б]. Окумуштуулар арасында кийинки төрт жанр кайсы текке жатары жөнүндө бирдиктүү пикир жок. Мисалы, белгилүү изилдөөчү В. Е. Гусев макал, ылакап, табышмакты эпикалык текке жаткырбаган дүйнөлүк атагы бар фольклорист В. Я. Проппко каршы болуп: «Алар эпикалык тектин негизги касиетине ээ, анткени, эл массасынын объективдүү чындык кубулушту типтештирген же объективдүү тарыхый, социалдык турмуштук тажрыйбасын жөнөкөй баяндоочу формула болуп саналат» дейт [Гусев В. Е. Эстетика фольклора. – Л., 1967, с. 113]. Негизинен, аталган жанрлардын ички мазмунун дидактикалык тектин негизги белгилеринин бири адамды ыймандуулукка, адеп-ыйманга, асыл адамкерчиликке, терең акылмандыкка, ыкчам ойлоно билген тапкычтыкка тарбиялоо түзөт. Экинчиден, муну алардын кыргыздын нагыз дидактикалык поэзиялары санат, насыят, терме, үлгү, үгүт нускалар менен тектештигин да ырастайт. [Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-т, 207-б]. Бул жөнүндө кыргыз фольклористи Т. Танаев минтип жазат: «Поэтикалык структурадагы макал, ылакаптарда ритм, рифма, речитативдүүлүккө багынып, төкмөчүлүктүн күчү аркылуу поэтикалык ыргакка өтүп, алгач ырым-жырым айтууда, бара-бара бата берүү толкунунда дарымдоо санаттарында, андан ары кадимки ырдын толук кудуретинде – санат, насаат, терме, ырларын жараткан» [Танаев Т. Эпикалык жанрлар. 2-китеп. – Ош, 1999, 17-б]. Жогоруда белгилеп өткөндөй дидактика деген терминден «дидактикалык

адабият», «дидактикалык чыгармалар», «дидактикалык поэзия» деген аталыштар келип чыккан. Мына булардын аталыштары ар башка болгону менен логикалык байланышы, мааниси жалпы жонунан таалим тарбия берүүчү түшүнүк болуп эсептелет.

«Дидактикалык поэзия – грек тилинде «поучительный», «акыл-насаатчы», «таалим берүүчү» деген маанидеги сөздөн алынган термин. Дидактикалык поэзия биздин эрага чейин байыркы доордо Гесиоддун поэмаларынан башат алат. Баарынан мурда оозеки чыгармачылыкка, ошондой эле кыргыз оозеки поэзиясына өтө мүнөздүү көрүнүш. Маселени ушул жагынан алып караганда дидактикалык поэзия – насаат, таалим берүү, тарбиялоо маанисиндеги чыгармаларды текши камтып анын кандайдыр бир жанрдык чек арасы жок сыяктуу болуп сезилет. Анткени акыл-насаат мотиви терме, санат ырларынан баштап, тамсилдерге чейин, макал-ылакаптардан баштап, эпикалык чыгармаларга чейин, акындар поэзиясынан тартып, профессионалдык жазма адабияттын үлгүлөрүнө чейин болушу толук ыктымал» [Кыдырбаева Р. З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү» Б, 2004, 156-б]. Белгиленип өткөндөй, акыл насаат мазмунун камтыган дидактикалык поэзиянын курамындагы дидактикалык мотивдер элдик оозеки чыгармалардан тартып кыргыз акындарынын ырларында байма-бай кездешет. Кыргыз поэзиясында дидактикалык идея акындар чыгармачылыгында өтө жакшы өнүккөн. Алар өздөрүнүн ырларында жалпы коомду адамзатка таандык изги сапаттарга үндөп ырдап келишкен. Мисалы, Токтогул, Жеңижок, Калыгул, Арстанбек жана башка кыргыздын улуу акындары мына ушундай элге таалим-тарбия бере турган санат, насыят, терме ырларды көп аткарышып элдин ын-

тымагын, биримдүүлүгүн сактап келишкен. Бул акындардын ырлары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой жаш муундар арасында ырдалып, аткарылып келечек муун үчүн жакшы тарбиялык мааниси терең ыр катары сакталып келүүдө. Акындар аткарып келген санат, насаат, терме, үлгү, үгүт ырлар элдик оозеки чыгармачылыкта да кеңири орун алган. «Манастагы» насаатка толгон кээ бир ыр түрмөктөрүн анализдеп көрсөк, алардын түрк руна жазмалары менен байланышын байкай алабыз» [Кыдырбаева Р. З. Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр». Б., 2009, 50-б] деп окумуштуу Р. З. Кыдырбаева да белгилеп өтөт. «Манас» эпосубузда кездешкен кээбир дидактикалык ырлардын үлгүсүн акындардын ыр саптарынан да кезиктиребиз. Бул демек акындардын көпчүлүгү байыртадан булак сымал башат алып, кийин «Манас» сымал океанмухитке топтолгон казынадан азыктанып ушундай ырларды жараткан десе дурус болор эле. Ушул өңүттөн ой жүгүртсөк, оозеки көркөм сөздү издектеген ырчы-жомокчулардын сан-миңдеген мууну «Манас» үчилтигинен түптөлгөн дүйнөтааным кору менен азыктанып, аны турмушуна сиңире билип, ийгиликтерге жетип, жалпы улуттун уюткулуу маданиятын түптөп келген.

«Дидактикалык адабият – (гр. – үйрөтүүчү, насааттоочу) – акыл-насаат берүүчү, таалим-тарбия үйрөтүүчү, курч сөздүү, көлөмү чакан чыгармалар. Адабият, искусство жалпысынан таалим-тарбия берсе, дидактикалык чыгармаларда ошол насаат, тарбияга үйрөтүү түздөн-түз көрүнөт» [Кыргыз адабияты: терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. / Түз. Шериев Ж., Муратов А. – Бишкек, 1994. 29-б.]. Жалпысынан окумуштуулардын ой пикирине таянсак, баардыгы тең «дидактикалык адабият», «дидак-

тикалык поэзия», «дидактикалык чыгармалар» деген түшүнүктөр биригип келип таалим-тарбия берүүчү кызмат аткарарына күбө болуп отурабыз.

Дидактикалык текке кирген табышмактардын макал, ылакаптарга жакындыгы жөнүндө фольклорист Т.Танаев мындай дейт: «Табышмактардын жаралышы, өнүгүшү, колдонушу, жана көркөмдүк түзүлүшү жагынан макал, ылакаптарга жакын турган жанр, анткени, макал, ылакаптар сыяктуу эле табышмактар да жашоонун бардык жагдайларында толук учурап, алардын объектисине кирбеген, эч нерсени учурата албайсың. Тематикасы, идеялык багыты, көркөм формалары, поэтикалык касиети жагынан макал, ылакаптар менен табышмактар бирин-бири колдойт, айкалышат» [Танаев Т. Эпикалык жанрлар. 2-китеп. – Ош, 1999, 42-б]. Демек, кыргыз фольклорундагы макал, ылакап, табышмактар педагогика илиминдеги дидактикалык багыттын функциясын түзмө-түз аткара билген эл оозеки жанрларына жатат.

Макал буга чейинки окумуштуулардын эмгектеринде төмөнкүдөй берилет: 1) «Макал деп, турмуштук тажрыйбаны жыйынтыктоонун негизинде акыл, насыят катарында айтылган кыска, элестүү, көркөм чулу сүйлөмдөрдү айтабыз» (Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты. – Б., 1993), 2) Макал деп, коомдук турмуштун бардык жагын кучагына алуучу, адамдардын турмуштук тажрыйбаларынан алынган жана алардын дүйнөгө болгон көз караштарын билдирип турган, тарбиялык мааниси терең курч сөздүү, рифма жана ритмге ээ болгон, ойду бүтүрө айткан кыска поэтикалык сүйлөмдөрдү айтабыз» (Закиров С. Кыргыз элинин макал-ылакаптары). – Ф., 1972); 3) «Адам турмушундагы, жашоо-тиричиликтеги айныксыз далилденген бардык натыйжалардын,

көз караштардын, ой-пикирлердин корутундулардын тарбиялык мааниде, элестүү, төп, ары кыска, учкул тизмектелип накыл сөзгө айланып айтылышын – макал деп атайбыз» дейт (Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1 том /А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – 2 бас. – Б., 2004). Демек, жогорудагы окумуштуулардын пикирине таянып жыйынтык чыгарсак жашоо турмуштук тажрыйбаларынан алынган, тарбиялык мааниси күчтүү кыска сүйлөмдөрдү айтууга болот.

Ал эми ылакап 1) «ылакап – деп, кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунун, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап, так, элестүү кылып берилген, өзүнчө чечилүүчү тарыхы бар, көбүнчө каймана мааниде айтылып, контекстке карата мааниси чечилүүчү, кыска, образдуу сүйлөмдөрдү айтабыз» (Закиров С. Кыргыз элинин макал-ылакаптары. – Ф., 1972), 2) «адамдардын жүрүм-турум, кулк-мүнөзүндө кездешкен же турмушта арбын учураган күлкүлүү, келекелүү ошондой эле адаттан тыш көрүнүштөргө, болбосо учурдагы окуя, жагдайга карата айтылып калган элестүү тизмектер» (Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1 том /А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – 2 бас. – Б., 2004. 3). «Ылакап – деп кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунун, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап, так, элестүү кылып берилген, өзүнчө чечүүчү тарыхы бар, көбүнчө каймана мааниде айтылып, контекстке карата мааниси чечилүүчү кыска, образдуу сүйлөмдөрдү айтабыз» (Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. – Ф., 1973) деп берилет. Ошентип, макал, ылакаптар элдин башынан өткөргөн окуяларды поэтикалык каражаттар аркылуу кыска, афоризмге айланган түрдө ар тараптан чагылдырган жанр.

Ал эми макал, ылакаптардан сырткары кыргыз фольклорунда санат, насыят, терме, үгүт, үлгү, нуска деп аталган нукура дидактикалык чыгармалардын өзүнчө чоң тобу бар. Алардын аталышы башка-башка болгону менен мейли сырткы түрү жагынан, мейли ички мазмуну жагынан болсун бири-биринен анча айырмаланбайт. Алардын ар бири өзүнчө өмүр сүрүү менен бирге майда жанрлардан тартып чоң масштабдагы эпикалык чыгармалардын арасында кошо жашап, кеңири орун алган.

Жалпы аныктамаларга таянсак: санат – кыргыздын төл сөзү. Сүйлөө речте туруктуу сакталган учкул, сөздөрдүн, макал-лакаптардын, акылман сөз айкалыштарынын, элдик моралдын, философиянын адабий нормага айланган бир түрү. Санат-насаатта адамдардын турмушундагы ар кыл мамилеге, жаратылыштын кубулуштарындагы ар башка көрүнүштөргө философиялык ой жүгүртүп, жалпыга мүнөздүү белгилери саналып, акыл-насаат айтуу менен жыйынтыкталат.

«Терме – ар түрдүү темага арналган адабий импровизация, терме дидактикалык, таалим тарбиялык мааниде айтылуучу оозеки поэзиялык чыгарма. Турмуштагы кездешүүчү ар түрдүү нерселердин, кубулуштардын адамга керектүүсүн тандоо, пайдасы жогун ылгап, жараксызын алып таштоо, бөлүштүрүү айырмалоо. Экинчи мааниси элге сиңген акылмандыкты, учкул сөздөрдү тандап, аларды башаламандыкта эмес, чөйрөгө, социалдык шартка ылайыктап, жүрүш-туруштун этикасын салыштырып, адамдын аң сезимине төкмөчүлүктүн күчү аркылуу жеткирет, угуучу андан өз алдынча корутунду чыгарат, жашоосунда пайдаланат.

«Үлгү – акыл-насаат айтуу, тарбиялуу болууга чакыруу маанисиндеги айтылган ырлар. Үлгүнүн кеңири

таралышы адамдын жеке жүрүш-турушу, ички рухий байлыгынын санаты, бирөөгө жасаган мамилеси, кыял-жоругу. Жакшы адамдын үлгү алар жакшы жагы сыпатталып, даңазаланса, анын каршысында жаман адамдын көңүл иренжиткен терс жактары сүрөттөлүү менен адамды андай жоруктардан качуу жагы эскертилип турат.

«Үгүт – үгүт-насыят жүргүзүү. Үгүт ырларында эрдикке (патриоттуулукка), адамкерчиликке, эмгекке үндөөлөр орун алат [«Эл адабияты» сериясы. Санат, насыят жана эмгек ырлары» 24-том. Б, 2003, 7–8-б.б.].

Санат-насыят, терме адамдардын мүнөзүндөгү оңтетириси, жаман-жакшы сапаттары салыштырылып, теңештирилип, угуучуларга акыл-насаат катары багышталып, аларды адеп-ахлакка, ыймандуулукка, жалпы эле бийик адамкерчиликке чакырат. Санат, насыят ырлары көп учурда макалдатып, ылакап түрүндө да айтыла берет. Бул бир жагынан макал менен ылакаптын ырга айланышын көрсөтсө, бир жагынан санат, насаат, терме ырларынын макал, ылакаптардын мындай бири-бирине өтүп турушу, аларда берилген идеянын ортоктош жалпылыгында.

Ошентип, кыргыз оозеки чыгармаларында дидактикалык текке жаткан санат, насыят, терме, үлгү, үгүт, макал, ылакаптар адамды ыймандуулукка, адеп, ыйманга, адамкерчиликке, акылдуулукка, байкагыч, тапкычтыкка үндөө, тарбиялоо менен идеялык мазмун жагынан өз ара бирдикти түзүп, тарбиялык мааниси зор болуп, бүгүн да эстетикалык күчүн жоготпостон жашоосун улантууда. Бирок бул санат-насыят ырлары бир эле кыргыз элинде кыргыздарда эмес, жалпы түрк элдеринде кеңири таркаган жанр экендигине анын байыртадан бери эле жашап

келе жаткандыгына Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» жана Махмуд Кашкаринин «Түркий тилдер сөздүгү» деген эмгектери жана Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулар да далилдеп турат. «Чындыгында таш бетиндеги бул тарых, биринчиден, байыркы түрк элдеринин социалдык турмуш тиричилигин, экономикалык саясий, тарыхый кырдаалдарын жеткилең баяндаса, экинчиден, бул элдердин тилинин 5–9-кылымдардагы өсүп, өнүгүш абалын илимий негизде изилдөөгө база болуп да саналат» [Орхон-Енисей эксттери. Ф., 1982, 6-б]. Эстеликтеги тексттердин баалуулугу жогорудагы айтылгандар менен гана чектелип калбайт. Бул эстеликтерде насааттар, сөз берметтери да аябай көп кездешет. Мисалы, Суджидеги (Монголияда) «Кыргыздын уулу» жөнүндөгү эстеликте «Уулум эр жеткенде окутуучуңдай бол, ханга кызмат кыл, кайраттан» деген сыяктуу насааттар көп кездешет. Өзгөчө Ж. Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасы насааттарга өтө бай экендигин айтууга болот. Муну академик Т. Сыдыкбековдун «Куттуу билимдин» кыргызча котормосуна жазган баш сөзүнөн да көрө алабыз: «бардык жакшылыктын уюткусун асыроо кыйын экендигин Жусуп Баласагын өз дастанында мындайча эскерди:

Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса.
Кут бир келет – бакпасаң кетип калат,
Бак бир конот, үйлөсөң өчүп калат.

Ушундан улам: «Бактысыздан кут качат», «Жашыңда мээнет, карыганда дөөлөт», «Куттуу үйдө шам жанат», «Кут илимге эшик ачат» деген накыл сөздөр жаралып отурат.

Бүгүн эл оозунда айтылган макал, ылакаптардын бул түрмөгү да дал ушул «Куттуу билим» менен байланыштуулугун далилдеп турат. Демек, «калкыбыздын баамында кут образы жандуу, касиеттүү» [Ж. Баласагын «Куттуу билим» Б., 2015] деген пикирди ырастайт.

Ушундай эле пикирди Махмуд Кашкаринин «Түрк тилдеринин сөздүгү» жөнүндө да айтууга болот. «Насаат, насыйкат аттуу терминдин азыркы түрк элдеринин ичинен негизинен кыргыздар гана ошол Махмуд колдонгон маанисин өзгөртпөй, сактап калышы дал ошол орто кылымдын улуу мурасында бүгүнкү кыргыздардын көп үлүшү бар экендигин айгинелеп турат. Насыят, терме, санат ырлары өнүккөн жанр катары кыргыз поэзиясында өз өмүрүн эч токтотпогондугунун өзү байыркы көркөм салт менен азыркы кыргыз адабиятынын үзүлбөгөн эриш-аркагын күбөлөйт. Элибиздин оозеки поэзиясы, анын ири инсандарынын чыгармаларында санат-насыят ырларынын башка тектеш элдерде кездешпегендей бийиктикке көтөрүлүшү, кыргыз калкынын көркөм мураска өзгөчө маани берип, аны азыркыга чейин өнүктүрүшү, байыркы маданий мурасты куйрук үзбөй улашы өзүнчө чоң илимий изилдөөгө алынчу көп тармактуу проблема болуп эсептелет» [Шериев Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты. Б., 1996. 97-б]. Мына ушундай айтылган окумуштуулардын ой пикирлеринен улам санат, насыят ырлары бир гана кыргыз элине эмес жалпы түрк элдерине тиешелүү экендигин жогоруда айтылып өткөн чыгармадагы мисалдардан улам көрө алдык. Мындан сырткары санат, насыят ырлары кийинки доорлордо Калыгул, Арстанбек, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Жеңижок, Токтогул, Барпылардын чыгармачылыгында өзгөчө орунга ээ болгонун да айта кетсек болот. Анткени, бул

акындардын ырлары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой, жаш муунду тарбиялоодо өзгөчө орунду ээлеп, эл арасында кеңири колдонулуп келе жатат. Көбүнчө эл арасында колдонулуп келген санат, насаат ырларында айтылып келген ойлор макалдаштырылып берилгендиктен экөөнү айырмалоо кыйынчылык туудурат.

Мындай көрүнүш өзгөчө «Манас» үчилтигинде көп колдонулат. Бул жөнүндө окумуштуу С. Закиров: «макал, ылакаптын чыккан булагы катары үгүт, насаат, терме ырларын көрсөтүүгө болот. Элдик оозеки чыгармалардын ичинде үгүт, насаат, терме ырлар макалдарга турмушту, адамкерчилик жөнүндө, үй бүлөлүк, коомдук мамилелерди курч, элестүү сөздөр менен баяндап берүүдө эң окшош болот. Ошондуктан булардын эң таамай айтылгандары макалга айланып кетет» [Закиров С. Кыргыз элинин макал, лакаптары. Ф., 1972. 27-б.] деп көрсөтөт. Кадимки макал, ылакап катары айтылып, элге тарап кеткен санат, терме ырларынын саптарын адамдардын оозунан дал өзүндөй колдонуп, айтылып жүргөндүгүн угууга болот. Алсак, «Атасы жакшы айттырбайт, сөөгү жакшы сөктүрбөйт», «Баатыр болмок маңдайдан, чечен болмок таңдайдан» деген өңдүү макал, ылакап болуп кеткен ыр жолдорун каалашыбызча жолуктурууга болот. Макал, ылакап менен санат, терме ырларынын мындай жалпылыгы – аларда берилген идеясынын бирдигинен байкалат» [Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Ф., 1973, 144-б]. Мына бул жерден көрүнүп тургандай ырчылар эл оозунда айтылып жүргөн макалдарды колдонуп, өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүнө жараша ырларында колдонуп, санат, насыят ырларына да айлантып келишкендигин алардын ырларынан жолуктура алабыз. «Акындардын оозунан чыккан саптардын

баары эле чылк фольклор түрүндө жаралат экен го деп түшүнүүгө ыңгай жок. Себеби, фольклордук чыгармалар коллективдүү чыгармачылыктын продукциясы, ал эми акындардын чыгармалары ошол фольклордук эстетикага негизденип, анын абасынан дем, кыртышынан азык алган жекече чыгармачылык. Ал фольклор кыртышынын канчалык тереңинен бөртүп чыкса да ырчынын жекече көрүмүнө, угумуна (чыныгы таланттарда булар сөзсүз болот) жараша оригиналдуу боёк менен жаралат. Ал турсун ар бир ырчыда сыртынан анча аңдалбаган, бирок ичкертен чыгармачылыгын бүткүл тулкусун ээлеп, бириктирип турган көркөм ыкма, жекече өзгөчөлүк жашайт. Ошондуктан алар бири-биринен айырмаланып, көз карашы, дүйнөнү баамдоосу, талант, даражалары ж. б. жагынан бири экинчисинен бөтөнчөлөнүп турган личносттор экендиги маалым» [С. Кайыпов. Эл ырчылары жыйнагына жазылган баш сөз. Ф., 1981, 3-б]. Мына ушундай айтылган ойлордон улам санат-насыят ырларын макал, ылакаптар сыяктуу эле карапайым элдер жаратпастан, таланттуу акындар, ырчылар жараткандан кийин гана эл арасына кеңири тарап, макал, ылакаптарга айланып, эл арасында көп кездешип келгендигин айтсак болот. Мындай көрүнүш «Манас» үчилтигинде жортуулга аттанууда же ич ара болгон чоролордун урушунда жана Манаска, анын баласы Семетейге насааттарын айтып туура жолго салууда Бакайдын, Каныкейдин, Кошойдун, Акбалтанын, Чыйырдынын, Айчүрөктүн жана башка акылман адамдардын айткан насааттарында көп колдонгондугун көрөбүз. Мисалы, Семетей жаңы гана кыргыз жерине келгенде Көбөш экөө уруша кетишет. Ошондо Көбөшкө болушмакчы болгон Абыкени Бакай мындай насаат айтып токтотот:

Куюндан оргуп чаң кетет,
Жаңжалдан кара кан кетет.
Кан кеткенде жан кетет,
Кыя тартып суурса,
Кызуусу кумар кылычтын,
Кызыл ала мушташсак
Залалы жаман уруштун

*[«Семетей» эпосу 1-китеп, 284-б].*

Бакай ушул насааты аркылуу сабырдуулукка чакырып, жаңжалды токтотуп коёт. Эпосто Манасты анын чороорун кыйын кырдаалда акыл насаатын айтып келген акылман карыя бул Бакай. Кыргыз элинде кичүүлөргө акылмандыгы, нускалуу жүргөн-турганы, кылган-эткени аркылуу кадыр-барк күткөн кишилерди «аксакал» атап, алардын нускоочулугу жогору бааланып келген. «Манас» үчилтигиндеги Бакайдын образындагы эң башкы функция – анын даанышмандыгы.

Мисалга алсак, чыккынчылык кылган кырк чорону Каныкей менен Сары кан кырып салышмакчы болгондо да Бакай:

Кең өзөнгө жер керек,
Жетилип келген жетимге
Эртеңки күнү эл керек,
Адырмак тоого бел керек
Азаматка эл керек.
Каны акмак эмеспи,
Калың элде не жазык,
Баштыгы акмак эмеспи,
Баары журтта не жазык.

*[«Семетей» эпосу 1-китеп, 327-б].*

деп ортого түшүп, нарктуу сөзүн айтат. Элде кандай күнөө бар, күнөө эл башчысында дейт. Бакайдын айткан ушул насаатынан улам ар бир жөнөкөй карапайым адам болобу, эл башчысы болобу биринчи кезекте катаны элден издебестен терең ойлонуп көрүп өзүнөн издеп талдап туруп иш кылуу идеясын насааттап жатат.

Ушундай эле ой Семетейге чыккынчылык менен Кыяз кол салганда жедигерлердин ак сакалы Кадырбай менен Төлөбайлар тарабынан да айтылат:

Журт казына, эл мура,
Кабылан төрөм, эл кырба.
Мүйүз сынса күч кетет,
Эзилип эмчек жоголсо,
Азыкка салган сүт кетет,
Карап кылып калк кырсаң
Чын колунан эл кетет.

*[«Семетей» эпосу 1-китеп, 284-б].*

Мындай мааниде айтылган насаат ырлар эпосто арбын. Көбүнчө эпосто ушул маанидеги насааттар Манасты жана анын чоролору жортуулга аттанарда жана ич ара болгон чыр-чатактарда дайым акылман адамдар өз насааттарын айтып туура жол көрсөтүп, ынтымактуу, биримдиктүү болууга чакырып келишкен. Кылымдар бою элдин эстутумунда сакталып келе жаткан элдик оозеки чыгармада, анын ичинен «Манас» үчилтиги ушундай дидактикалык ойлорго өтө бай. Үчилтиктин сюжетинде камтылган идея, каармандардын жасаган иш-аракеттери, каармандардын айткан акыл-насааттары, аткарган кызматтары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпостон жаш муунду тарбиялоо ишинде зор маани-маңызга ээ. Улуу педагог

К. Д. Ушинский белгилеп өткөндөй: «Биз билгендин баары биздин туюубуз аркылуу өтөт, сырткы дүйнө биздин таанып билүүбүздүн булагы, тажрыйбасыз «адамдын руху» өзүнүн өсүүсүндө бир да кадам шилтей албайт, урук, топурак жана арыксыз өнө албаган сыяктуу эле, адамдын ички дүйнөсү организмге берилүүчү туюу, тажрыйба формасындагы рухий азыксыз өнүгө албайт» – дегендей рухий азыксыз эч бир адам өнүгө албайт, өсө албайт.

Жыйынтыктап айтканда, дидактикалык маанидеги оозеки чыгармалардын «майда жанрлар» деп шарттуу түрдө аталган бөлүгү толугу менен кирет. Булар: макал, ылакап, учкул сөз ж.б. Мындан сырткары кыргыз оозеки поэзиясында кең өрүш алган санат, үлгү ырларында дидактикалык маңызда жаралган көркөм туундулар. Санат, үлгү ырларынын өлбөс болуп өнүгүшүнө кыргыздын жез таңдай төкмө акындары зор өбөлгө түзгөн. Алар жараткан санат үлгүсүндөгү терме ырлар оозеки поэманын көлөмүнө чейин өсүп жетип, булактан башат алган дайра сымал кыргыздын оозеки көркөм сөз маданиятын сел сыяктуу каптап, ар бир кыргыз баласынын аң-сезимине сиңип, турмуштун ар кыл кырдаал-жагдайына жараша ооздон төгүлүп кулакка сиңип, улуттук ойломдун, акыл-эстин стилине айланган. Ошондой эле «Манас» эпосундагы каармандардын иш аракеттери аркылуу дидактикалык мотивдерди белгилеп жана эпостогу Бакай баш болгон акылман карыялардын чоролорго айткан насааттары аркылуу таалим-тарбиянын муундан-муунга өтүшү, дидактиканын идеялык-эстетикалык зарылдыгы эпосто катышкан каармандардын иш аракеттеринин негизинде аныкталды.

Ошондой эле адамзат коомчулугу тиричиликтин түрдүү тармактары боюнча турмуштук тажрыйбаларын

жана билимдерин акырындык менен системалап, илим казынасына жыйнап келгендигин коомдун тынымсыз өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн улам жаңы муундарды рухий байлыктарга ээ кылуу зарылдыгы келип чыккандыгын, өзүнүн жазмасы жок эл, анын ичинде кыргыз эли да, кылымдар бою башынан кечирген нечен түрдүү кайгы-муңу менен кубанычтарын, жоогерчилик менен ата конушундагы бейпил күндөрүн, өз элинин тарыхын, маданиятын, тилин оозеки чыгармаларда фольклордо жана биз обьект кылып алган Сагымбай, Саякбайдын варианттарындагы Бакайдын чоролорго айткан насааттары эпостун идеялык-эстетикалык зарылдыгын байытып тургандыгын эпостогу каармандардын аткарган кызматынын негизинде ачып бердик.

## 1.2. «Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдердин функциясы. (сюжет, композиция, көркөм образдар системасына байланыштуу маселелер)

«Манас» үчилтиги көлөмү жана нечен түркүн сюжеттерди жана мотивдерди өтө эле кеңири камтыгандыгы менен башка эпостордон айырмаланып турат. Мунун далили: «Эр Төштүк» «Кожожаш», «Эр Сайкал», «Эр Жолой» сыяктуу кенже эпостордун кейипкерлери дагы ушул «Манас» эпопеясынын сюжетине катышкан эң көрүнүктүү каармандар. «Сюжет жана композиция, алардын диалектикалык байланышын ири нукура чыгармалардын, бөтөнчө «Манас» сыяктуу чоң эпостордун негизинде талдап көрсөтүү өтө маанилүү жана актуалдуу. Эпостогу сюжеттер – алар тек бир ар түрдүү окуялардын жөн эле жыйындысы эмес. Алар белгилүү системага салынып,

ырааттуу ишке ашкан бүтүн көркөм дүйнө. Андыктан, муну ар түрдүү аспектилерде талдоо зарыл маселелерден болуп саналат» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: О. Исмаилов «Манас» эпосунун сюжети жана композициясы жөнүндө. Б., 1993, 74-б]. Жогоруда белгиленип өткөндөй сюжет менен композицияны ар түрдүү аспектиде изилдөө зарыл болуп эсептелет. Биз бул бөлүмдө «Манас» үчилтигинде камтылган сюжеттердеги дидактикалык мотивдерди изилдөөгө алмакчыбыз. «Сюжет баарыдан мурда коомдук өнүгүүнүн карама-каршылыктарын чагылдырган окуялардын системасы. Сюжеттин жаралышы турмуштун өзү менен шартташып, өзүнүн конкреттүү мазмуну боюнча мүнөздөр менен бекемделип турат. Маселен, «Манас» эпосундагы баатырдык, каармандык мүнөздөр ушул сапаттарды ачып көрсөткөн жоокерчилик замандын окуялары менен терең тастыкталган. Белгилүү эмеспи, эпостун негизги сюжеттик өзөгүн баатырдык окуялар түзөт. Ал эми өзөктүү сюжеттик курамдын ичиндеги ар түрдүү маанилүү окуялар ошол өзөк сюжетке улам жалгашып, түрмөктөлүп жүрүп отурат. Бул жагдай эпостун турпатынын бардык жагынан таасын байкалат. Маселен, Манастын образына карата, В. Жирмунский туура белгилегендей, бул процессте, бир жагынан Манастын эпикалык өмүр жолу: кереметтүү төрөлүшү, жашынан баатырдык касиеттерге ээ болушу, душмандарга каршы күрөшү сыяктуу ичкери жактан улам толукталып, кеңейтилип отурса, экинчи жактан, анын бул өмүр жолу алгач өз алдынча курулуп, кийин гана Манаска чоролукка келишкен Кошой, Эр Көкчө, Эр Төштүк, Алмамбет ж. б. баатырлардын кылган иштери менен да кошумчаланып, байып келген» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: О. Исмаи-

лов. «Манас» эпосунун сюжети жана композициясы жөнүндө» Б., 1993, 74-б]. Ушундан улам, Манастын жарык дүйнөгө келгенден баштап, бул дүйнөдөн өткөнгө чейинки сюжеттерде камтылган анын эл үчүн жасаган иш аракети жана чоролоруна, Манаска, Семетейге акыл-насаатын айтып келген Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк, Кошой, Бакай, Акбалтанын иш-аракеттеринин логикалык маңызында дидактикалык мотивдер жатат. Сюжет өз алдынча турганда көркөм чыгарма болбостугу маалым: «Ал белгилүү бир архитектоникада, композициялык жактан уюшулганда гана искусство туундусу боло алат. Бул жагынан алганда «Манас» эпосубуз көз тайгылткан өзүнчө бир көркөм мунара. Анын ар бир материалы пайдубалынан тартып терең ойлонуштурулган, ошого жараша кыналып, коոздолгон. Эгерде мындай болбогондо алгач өз алдынча айтылган ар түрдүү окуялар «имараттын» жалпы курулушуна ылайык келбей, жарашпай калмак. Эпостун композициясы жөнөкөй сыяктанып көрүнгөнү менен чындыгында эле өтө көп тармактуу, татаал. Бул дегинкисинде турмуштун татаалдыгын, адам мүнөздөрүнүн орчун кагылыштарын, жалпы эле тарыхый окуяларды масштабдуу сүрөттөөлөр менен байланышкан. Эпостун жалпы сюжети да, анын ичиндеги кээ бир бүкүлү окуялар да башталышы, чиелениши, өнүгүп кыл чокусуна жетиши (кульминация) жана чечилиши сыяктуу композициялык курулмаларды даана көрсөтөт» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: О. Исмаилов. «Манас» эпосунун сюжети жана композициясы жөнүндө» Б., 1993, 75-б]. Жогоруда айтылгандай «Манас» үчилтигинин сюжетинде жолуккан кырдаалга жараша айтылган дидактикалык ырлар, каармандардын жасаган иш аракетиндеги дидактикалык мотивдер келечек муун-

га татыктуу тарбия берүүнүн бирден бир энциклопедиялык жыйнагы. «Манас» – майда тунук, булактардын башын бириктирип турган чалкыган көл сыяктуу терең да, аймагы кенен да. Анын бирден-бир сыры кыргыз элинин учкул кыялында, көркөм өнөрканасында кылымдар бою түзүлүп, калыптанып өчпөс мураска айланган эл оозеки чыгармачылыгынын каймагын калпып, өз боюна сиңиришинде турат» [Манас – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: Б. Кебекова, С. Орозбаковдун вариантынын фольклордук жанрлардын түрлөрү менен карым-катышы. Б., 1993, 98-б]. Окумуштуу Б. Кебекова белгилеп өткөндөй, эпостун улуулугу, түбөлүктүүлүгү фольклордун ар кандай жанрларынын анын ичинде дидактикалык мотивдердин камтылышы. Анткени, «Манас» үчилтигинде кездешкен дидактикалык багыттагы мотивдер азыр дагы жаш муундарды тарбиялоодо актуалдуулугун жоготпой, убакыт өткөн сайын улам мааниси тереңдей бере турган философиялык көөнөрбөс наркы бар.

Дидактикалык мотивдер «Манас» эпосунун ар бир сюжетинде каармандардын иш аракеттери аркылуу көрүнүп турат. Мисалы, баш каармандары болгон Акбалтанын, Бакайдын, Кошойдун, Каныкейдин жана башка каармандардын образдарында ачык-айкын көрүнөт:

Өтүрүк сөз – өлгөн сөз,
Жалган айткан жаман сөз.
Убал кылбай бирөөгө,
Укканыңды айтпагын,
Көрмөйүнчө көз менен,
Айтып келбе бу жерге,
Бирөө айткан сөз менен

*[С. Орозбаков «Манас» эпосу]*

Бул саптарда калп айтпоого, өз көзүң менен көрүп туруп ошонун чын экенинин далилин билгенде гана айтып жүр деген насаат камтылган. Башка бир учурдан мисал алалы: эл кыйынчылыкка батып, аларга баш көз болуп оң жолду көрсөтүп турган элге хан, башчы керек экендигин, башчысы болсо эл кор болбойт деп элге ушунча эрдин ичинен бирөөнү хан көтөрөлү дейт:

Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бу журт жөнүкпөйт.
Башчысы болбой маарыбайт,
Баш аламан жарыбайт.
Ханы болсо кор болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт.
Жайыт болбой мал болбойт,
Жабылса кытай жан койбойт.
Бекери болбой бек болбойт,
Бекер жатыш эп болбойт.
Каары болбой хан болбойт,
Дене болбой жан болбойт.
Тегерегиң баары жоо,
Тепсесе душман жан койбойт.
Калкалайм десең жаныңды,
Көтөрүңөр ханыңды

*[С. Орозбаков «Манас» эпосу].*

«Таң калаарлык поэтикалык көрүнүш, – деп жазат Р.З. Кыдырбаева, – оозеки айтылып жаткан учурда, манасчы ойлонбой туруп эле ушундай рифмаларды төгүп салды деп ойлойсуң – бирок бул эбегейсиз акындык талант менен чоң эмгектин натыйжасы» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: Кыдырбаева Р. З.

С. Орозбаков «Манастын» салттарын сактап өнүктүрүүчү. Б., 1993, 14-б]. Улуттук нарк-насилди аң-сезиминде сактап, күнүмдүк турмушундагы ырым-жөрөлгөдө, салт-санаада уруна билүү нукура кыргыз тарбиясын улантуунун натыйжалуу усулу.

«Манас» эпосундагы каармандардын жүргөн-турганы, жалтанбас эрдиктери, аксакалдардын акыл-кеңештери, насаат сөздөрү, сабырдуу асылзат аялдардын уздугу менен акыл тапкыч айлакерлиги кай заманда болбосун үлгү сабак кылууга татыктуу. Ата-бабаларыбыз көркөм сөздүн таасирлүү күчү, касиети, таамай айтылган акыл сөздөрү, нускалуу кеңештери менен гана эмес, оболу керт башына таандык айкөлдүгү, сабырдуулугу, калыстыгы, көрсөткөн эрдиктери, талыкпас мээнеткечтиги аркылуу кыргыздын эр жүрөк азаматтарын, адептүү уз кыздарын тарбиялап келишкен эмеспи.

Манас калмак балдарын кырып, өз уруусунун мал-жанын, намысын коргоп, тайманбай айбат көрсөтүп, алгачкы эрдиктерин жасай баштаганда Жакып: «балам, сен түпкө жетесиң, малымды талатасың» деп кайгырат:

Минте берсең, сен балам,
Казмак болдуң орумду
Кайнатмак болдуң, кулунум,
Капкайдагы шорумду,
Кетиресиң алымды,
Бул тентегиң койбосоң
Талатасың малымды

*[«Манас» эпосу, С. К. 82-б].*

Жыйган-терген малымды талатасың деп катуу кайгырып жатканда Акбалта келип Жакыпка мындай дейт:

Эркек бала шок болсун
Мал багар уул болгунча
Бар болгунча жок болсун!
Малга ишенген болобу,
Малың бала болобу?

*[«Манас» эпосу, С. К. 8-б].*

Акбалта: Сан кара малың сага караан болуп бере албайт. Каракан атаң өлгөндө калмактар камчыга салып бөлгөндө, алардын кордугун көргөндө караан кылар бир жан жок эмес беле деп өткөндү Жакыпка эскертет. Манас уулуң чоңойсо мына ошол калмактардан кыргыздын өчүн алып берет. Ошондуктан Манасты караан тутуп, эрдигине жол тоспой чоңойтолу деп, жоогерчиликтен келе жаткан салт-санаага ылайык акылын айтат:

Аркар, кулжа тоонуку,
Сенин кейип жаткан бул малың,
Күчөсө бир күн жоонуку,
Бул тентек балаң оңолот,
Өлбөсө бир күн журттуку,
Бекерге жыйган куу малың,
Кыйкырса бир күн жуттуку

*[Каралаев С. «Манас» эпосу. – Б.; 2010, 86-б].*

Баккан малына ыңгайлуу жайыт уулап көчүп-конуп, жайлаган жайлоосу менен кыштаган кыштоосуна көз арткан коңшулардан мекенин коргоп ар дайым эл четинде, жоо бетинде өмүр өткөрүп жоогерчилик менен жан сактаган көчмөндөр цивилизациясынын бөтөнчөлүктөрүн иликтөөгө алган изилдөөчүлөр таамай баамдагандай, чыныгы көчмөн калк тирүү мал жандыгын асырап-

багып, ал эми көчкөндө артыкбаш жүк боло турган өлүү дүнүйөнү көп жыйып ач көздүк кылган эмес. Ошондуктан карыган кезде зарлап жүрүп көргөн жалгызы Манастын малын чачканы «тепеңдеп дүнүйө» жыйган Жакыпты гана кейитет. Жакыптын материалдык байлыкка карамдуу болуу мүнөзүн, Ж. Баласагындын «Кут алчу билик» чыгармасында Айтолдунун Күнтууду Ээликке жазып калтырган керээзинин мааниси өзүнүн аты менен салыштырып «толуп турган айдай бүтүн элем, кемидим бет келиштим ажал менен, – деп, баштап ченемсиз байлык жыйдым пайдасы жок баары калды» – деген саптарын эске түшүрөт. Манастын өткүр жана чечкиндүү болуп өсүп келатканы Акбалта өңдүү уруу аксакалдарын кубантат:

Эселек Жакып не дейсиң,
Эркек балаң шок болсун.
Шок болбосо ал бала,
Туулгуча жок болсун.
Эркек балаң эр болсун,
Эр болбосо ал бала,
Туулбай кара жер болсун.
Күптүңдү чечер шер ушул,
Күрдөлүү чечен эр ушул.
Үзүлгөнүң улоочу
Чачылганың жыйноочу,
Өчкөн отуң тамызат,
Аман болсо бул бала
Өлгөн жаның тиргизет

*[Каралаев С. «Манас» эпосу. – Б.; 2010, 108-109-бб].*

Манас эр жетип чоңойсо жалпы кыргыз журтун душмандардан коргоп, эч кимге кор кылбай намысын тебе-

летпей кыргыз элин коргогон баатыр болоруна Акбалтанын көзү жетип, ошондуктан Манасты:

Эрешен тартып, эр болсо
Эр уулу менен тең болсо,
Билбегенди билгизип,
Минтип жолго салалы,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго салалы,
Өйдө чыксак Манасты
Өбөк кылып алалы,
Ылдый түшсөк Манасты
Жөлөк кылып алалы.
Бул Манастын тентегин
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп
Эркелетип көрөлү,
Ээленсе кара калмактан
Ушул Манас бала үчүн
Ажал жетсе өлөлү!

*[«Манас» эпосу, СК, 86-б]*

– деп жалпы калайык-калкка кайрылып, Манастын тайманбастыгын баарыбыз биргеликте колдойлу дегенде жалпы эл:

Билбегенди билгизген
Билимдүү экен Акбалта.
Туйбаганды туйгузган
Туйгун экен Акбалта

– деп Акбалтанын айтканын туура көрүп, калайык-калк макулдугун берип, Манаска караан болуусун туура көрөт.

Буга үндөш дидактикалык мотивдер «Манас» эпосундагы дагы башка каармандардын Бакайдын, Чыйыр-

дынын, Каныкейдин, Алмамбеттин башынан кечирген окуяларынын негизинде да таасын чагылат. Мисалы, Каныкейдин айткан сөзүндө:

Ат кубаты жал менен,
Адамдын күчү мал менен,
Аарынын күчү бал менен,
Айымдын күчү кан менен,
Булуттун күчү жел менен,
Буудандын күчү тер менен,
Улуктун күчү эл менен,
Дыйкандын күчү жер менен,
Кыяндын күчү сел менен,
Катындын күчү эр менен

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу. 4-том. – Ф.; 1982, 102–103-бб].*

«Манас» эпосу канчалык байыркы окуяларга арналбасын, анын ичиндеги көтөрүлгөн ойлор, санат, насаат бүгүнкү күндө абдан зарыл болуп тургансыйт» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: Кыдырбаева Р. З. С.Орозбаков «Манастын» салттарын сактап өнүктүрүүчү. Б., 1993, 17-б.]. Окумуштуу Р. З. Кыдырбаева белгилеп өткөндөй, эпостогу окуяларда көркөм чагылдырылган дидактикалык мазмун тарбиялоо ишинде таасири зор болор эле деп ойлойбуз:

Жыгылып кетсе сүйөө бол
Жылас болгон Манаска,
Алдырып кетсе арка бол,
Кайышып кетсе калка бол,
Өңкөйүп кетсе өңкө бол,
Чөгөлөп кетсе жөлөк бол

– деп ар дайым бири-бириңерге жөлөк, сүйөө болуп жардамдашып бирдикте, ынтымакта жүргүлө деген насаат «Манастан» гана эмес, айтуучу Сагымбайдын жүрөгүнөн да чыгып жаткансыйт» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: Кыдырбаева Р. З. С. Орозбаков «Манастын» салттарын сактап өнүктүрүүчү. Б., 1993, 18-б].

Ошондой эле Сагымбайдын вариантында Алмамбет чалгынга чыкканда Чубак менен айтышканда төмөнкүдөй саптар кезигет:

Калкынан азган кор экен,
Элдүүнүн баары эр экен,
Элинен азган жигитке
Эртелеп өлүм эп экен...

Эл намысын коргогон жигит бирөөнүн жергесинде жүрбөй, ар бири өз ата-журтун коргосо, кандай бакыт деп, азган-тозгон абалдын драмалуу азабын башынан кечирген Алмамбет ичтеги арманын айтып жатат. Ушундай трагедиялуу тагдыр Манастын уулу Семетейдин бала чагына да туш келет. Семетей төрөлгөндөн баштап, эр жеткенге чейинки эли-журтун таап, кыргыз журтун коргоого багытталган аракеттеринен ачык-айкын көрүнөт. Ололу Семетей баатырдын төрөлүшү жеке гана бир үй-бүлөнүн кубанычы болбостон, келечекте көптү үмүттөндүрө турган, бүтүндөй журттун намысын коргой турган, жалпы кыргыз элинин кубанычы катары кабылданат. Анткени, илгертен кыргыз эли уул төрөлгөндө кыргыз элинин намысын коргой турган жоокер уул төрөлдү деп аябай кубанган. Уул төрөлгөндө элдин тагдыры, үмүтү, жигиттердин колунда деп эсептешкендиктен Семетей төрөлгөндө да жалпы кыргыз журту кубанычка бөлөнгөн.

Кыргыз эли илгертен баланы эч кимге кор кылбай, эркин тарбиялап келишкендиги жогоруда Манастын бала чагындагы тентектигине болгон уруу аксакалдарынын көз карашын талдоодо сөз болду. Ушундай көрүнүш «Семетей» эпосунда да байкалат. Манас баатыр өлгөндө С.Каралаевдин варианты боюнча Семетей алты айлык балтыр бешик бала болот. Манас Чоң казаттан кайтып келип өлөөр алдында Каныкейге керээз катары жаш калган баласы Семетейди Темиркандын шаарына барып он эки жашка чейин чыныгы өз ата-бабалары тууралуу билгизбей, баланы эркин тарбиялап бага көр деп керээз калтырат. Манас баласынын тууган-уруктарынын арасында эч кимге кор болбой эркин өсө ала тургандыгына көзү жетпейт. Семетейдин алты арамдын арасында кор болуп, алардан келтек жеп, коркок, жалтак болуп өсүшү бир гана уулу үчүн эмес, эси жок эл башыларга кор болуп калган жалпы кыргыз калкынын тагдырына кооптонуп жатат. Ошондуктан Каныкейдин Темиркандын шаарына кетүүсүн каалап керээзин айтат:

Менин көзүм өткөн соң,
Кең Талас сага эл болбойт,
Бадыра темир курч эмес,
Жердигинде башка өскөн иттер журт болбойт.
Алты арамдын чалгырты жүрчү көзүндө,
Чамасы келсе алты арам
Чалганы жүрчү өзүмдү.
Кыңырты жүрчү сөзүндө,
Кыйшыгы жүрчү көзүндө.
Эр өлгөндө катынга төркүн жакын болуучу,
Жыйылуу мүлкүң чачып кет,
Төркүнүң Темиркан көздөй качып кет.

Темирканга барганда
Тентегиң ташта долу күң,
Арка чачың өрө көр,
Алты айлык болгон Семетей
Бир тууганың Ысмайылга бере көр!
Мойнуна тумар тактыргын,
Бир тууганың Ысмайылга бактыргын.
Кири бар кийим кийгизбе,
Жашы он экиге келгенче,
Кыргыздын жайын билгизбе.

Он экиге келгенде гана тек-жайын, ата-журтун билгизгин дейт. Анткени, эпикалык салтка ылайык он эки жашка келгенде баланын акыл эси толук жетилип, башка адамдар менен болгон алака-мамиледе, калк арасы карым-катнашта, кишиге кылган мамилеси, мүнөзү калыптанат деп эсептеген.

Кыргыз оозеки чыгармачылыгына мүнөздүү жанрлардын бири керээз. «Керээз – каада-салт ырларынын байыркы түрлөрүнүн бири. Эл оозеки чыгармачылыгында эки түрдө – кара сөз жана ыр түрүндө кезигет. [Манас энциклопедиясы 1995, 293-б]. Керээз «Манас» эпосунда да жыш кездешип, анын алган орду өзгөчө. Себеби, «Манас» эпосундагы Манас менен Көкөтөйдүн керээзинде жалпы элдин камын, балдарынын кийинки келечегин ойлоп түйшөлгөн. Жалпы элге кайрылып айткан акыл-насааттарынын мазмуну биз талдап жаткан дидактика мотивинин таасын үлгүсү болуп кызмат кылат. Андыктан керээз жанры – кыргыз фольклорунун жанрларынын ичинен эң таасирлүү дидактикалык маңызга ээ. Керээздин дидактикалык мазмун-маңызынын мындай таасирлүү чыгышы анын драмалуу мотивинде. Себеби жарык дүйнө

менен түбөлүк кош айтышып, артына караламан калкын кароосуз калтырып жаткан элбашы, колбашы, жолбашы үчүн жеке керт башынын гана эмес, эртеңки тагдыры кайгылуу күнгө кабыла турган журт трагедиясы турат. Манастын керээзи өтө оор жана кайгылуу жагдайда философиялык ой толгоолорго жык болуу менен бирге тарбиялык мааниси күчтүү насааттарга бай. Кичи казатта Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган кыргыз баатырлары майданда окко учуп, Манас жүрөгүндө катуу кайгы, тулку боюнда оор жараты менен элине кайтат. «Манасты жарык дүйнө менен коштошуу эмес, баатыр чоролорунун шейит өлүм болушу, жесир аяштарынын ый-зары, өзү өлгөндөн кийин ички, сырткы душмандардын курчоосунда башчысыз калып жаткан кыргыз элинин, жалгыз баласы Семетейдин тагдыры катуу тынчсыздандырып кабыргасын кайыштырат» [Манас энциклопедиясы. 1995, 294-б].

Жарааты катуу болуп өлүм алдында турган абалында Манас акыл токтотуп, кайран эли бир жагынан эси жок жаман туугандын тепсендисинде, экинчи жагынан кыргыздын жерине сырттан көз артып турган чет душмандардын коркунучу астында каларын сезип, жары Каныкейге кимдер дос, кимдер кас душман жана ага өмүр бою ким жөлөк болуп жардам берээрин айта келип, аман жүрүп эсейип эр жетсе ордун баса турган, журтун кор кылбай баштап кете Семетейдин эркин тарбиялануусун каалайт. Болочок баатырдын эркин чоңоюп, тарбияланышы кыргыз журтунун күнкорсуз келечеги үчүн зор таяныч болот деген ишеним – кыргызда калыптанган салттуу нарк эле. Кыргыз фольклорундагы керээз жанры «Манас» үчилтиги сыяктуу ири эпикалык полотнонун сюжеттик курумунда сөздүн кеңири маанисинде дидактикалык функцияны аркалап турат. Керээздин улуттук көркөм сөз

корундагы дидактикалык стили санат, терме жанрындагы поэзия формасынан кескин айырмаланып турган өзгөчө касиети бар. Бул – ачык үгүт-насаат айтуудан, ак-караны тескеп бөлүп санап, «андай болбой, мындай бол» деген шекилдеги таңуулама ыкмада эмес, сюжеттеги кырдаалдын өзүнөн сызылып чыккан «дүйнө-өмүр философиясынан» башат алат. Керээз сөздү ар бир эле пенде айта бербеген. Керээз айтып, о дүйнөгө узай турган кишинин бу дүйнөдө эли-журтун багып-тигип, коргоп-колдоп, жол баштап жүргөн улуу вазийпасы болгон. Эми ошондой журт башы көздөгөн мүдөөсүнө толук жетпей, караламан калкына берген убадасынын өтөөсүнө чыкпай көзү өтө турган болгондо аргасыздан айтылган акыл-насаат, үйүт-күйүтү болгон. Мындай акыл-насаат сөздүн артында чоң трагедия – айтылбай калган далай сөз, атылбай калган жебе, жайдакталган тулпар ат, жыгылган туу, карайлаган башчысыз журт бар эле. Кыргыздын дидактикасы биз жогоруда учкай мисал келтирип кеткен орто кылымдын орток маданиятына таандык, калем кармап кагазга из түшүрүп кеткен Чыгыш жазма адабиятынын үлгүсү Баласагындык Жусуптун таза дидактикасынан принципиалдуу түрдө айырмаланып турат. Сөзүбүз куру болбосун үчүн кыргыздын керээзине кош жарыш салыштырып мисал келтире кетели.

Сагымбай Орозбаковдун айтуусунда «Көкөтөйдүн керээзи» мазмундук масштабы жагынан кеңири пландагы этнографиялык обзор. Керээздин текстинде байыркы кыргыздын сөөк коюу каадасы, анда жасала турган ырым-жөрөлгө көркөм шөкөттөлүп өтөт. «Көкөтөй ооруп, ажал тооруп, кабыргадан кагынып, каса ажалы табылып, ажалы жетип өлөөрүндө, өтүрүк дүйнөдөн чын дүйнөгө жөнөөрүндө:

Сексен төрт келген жашымда
Жеткен өлүм башыма,
Керээз кебим укпады
Бокмурун туруп кашымда – деп арман кылат.

Журт мыктыларын кашына жыйнап, жалгыз уулу Бокмурунга аманат сөзүмдү жеткиргиле деп айтып турган керээзинде эсепсиз малы, казына толгон зери, ойрот элине он бир кызын берип куда-сөөк күткөнүн айта келип, кыргыз менен коңшу турган алыс-жуук калктын баарысына мүнөздөмө берип, жердеген конуштарын сүрөттөп чыгып, Бокмурунум эси жоктук кылбасын – ыраак-жакын коңшуну акыл менен күтүп, ынтымакты бузбасын дейт:

Аттансам ушул дүйнөдөн,
Акыры жаным чыкканча
Ашыкпайын сүйлөөдөн.
Ким жүрөр тирүү жалганда
Менден калган бир нуска
Үлгү болуп калганга.
Болгон сөзүм баарын айт,
Бокмурун деген балама:
Урматтап күтүп калкыны
Ынтымагын бузбасын.
Ыраакы менен жакыны – деп келип,
Арызымды балам жеткирсин,
Арстан Манас иниме! –

*[Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. III китеп. Ф., 1982. 8–27-б.]* – деп, акыркы сөзүн айтып көз жумат.

«Кут алчу биликтен»:
Көр дүйнөнүн артынан түшүп кетпе,
Адилдикти ар кылган иштен изде.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Көр дүйнө үчүн өзүңдү отко салба,
Шорго батпай, напсиңди бекем карма.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Эске түй өмүрүңдүн тез өтөрүн,
Төрөлүү – өлүү жолу кыска экенин.

*[Жусуп Баласагын. Куттуу билим. 129-б].*

Мисалга алган «Көкөтөйдүн керээзинде» ата менен уулдун кулк-мүнөзү, жашоо-турмушка карай мамилеси, коом (журт) ичинде ээлеген орду ортого чыгат. Атасы Көкөтөй кыргызда экинин бири болгон, журт башында туруп кадыр-барк күткөн уруу аксакалы, «кайыптан бүткөн» жалгыз уулу Бокмурун бир жагынан акыл-эси токтоло элек он төрт-он беш жаштагы бозбала. Бирок, «болор бала он бешинде от болот, болбос киши отузунда жаш болот» дегендей, экинчи жагынан атасынын байлыгына эсирген эс-акылы чакталуу жигит:

Кайыптан күттүм баланы.
Балага айтса жетеби,
Атасынын саламы.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Жалгыз балам Бокмурун,
Башынан билем шоктугун,
Балада акыл жоктугун.

Айтылган керээздин саптары, айтылып кеткендей, таанып-билүүчү маалыматтардан сырткары, арман маанисин да камтыйт:

Өкүмү күчтүү бир кудай
Өлбөс кылып койсочу!
Сайылган бойдон тал калды,
Жайылган бойдон мал калды
Жыйылган бойдон пул калды
Алганым жесир тул калды.
Мал берди кудай, башым аз,
Жалгыз балам Бокмурун
Жөнүн билбей, дөөлөт мас.

*[Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. III китеп. Ф., 1982. 27; 9; 10-б.].*

Салыштыруудан көрүнүп тургандай, кыргыз эпосторундагы дидактикалык мотив белгилүү сюжеттик окуянын ичиндеги мүнөздүү бир кырдаалга байланыштуу, кейипкердин образын кеңири планда ачып берүүдө портреттик кызматты аткара алат.

Ал эми орто кылымдагы орток түрк поэзиясынын жеке автор тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөн үлгүсүндө кыргыз эпикасына таандык сюжеттик, композициялык курулум толук мааниде кездешпейт. Ал тургай Баласагын поэмасында «Манастагыдай» конкреттүү, жандуу кейипкерлерди эмес, абстракттуу образдарды негиз кылып алат. Мисалга тарткан саптардан көрүнүп тургандай, кыргыздын эпикалык поэзиясына мүнөздүү философиялык ой толгоолору дагы көп тараптуу, кайгы-касыретке, реалдуу адамдык тагдырга байланбастан, «антпе-минтпе», «андай бол, мындай бол» деген курулай дидактикага жыш. Андыктан кыргыз эпосундагы дидактика: философия, этнография этнология өңдүү антропологиянын чар тарабын чагылдырып, ал эми филологиялык тараптан сюжеттик планда эпостун жалпы композициясына ши-

релишип, үлгү, санат, арман сыяктуу жанрлардын мазмунун тулку-боюна сиңирүү менен терминдин кеңири маанисиндеги маңызын кучагына алып турат. «Куттуу биликтеги» дидактика тек гана терминдин кууш маанидеги маңызына: усулдук методика, педагогикалык психология жана тарбия теориясы деген жооп бере алат.

Албетте, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында үлгү, санат, насаат ырлары дидактикалык жанрлар деген топтун алдында жиктелип, зилинде акыл айтуу максатын көздөйт. Бирок, ал көркөм сөз туундулары убагында «Манас» өңдүү эпикалык бай казынадан азыктангандыктан, аларда курулай үгүт айта берүү, өз оюн ачык таңуулоо пафосу анча байкалбай, акыл-насаат мазмуну эпикалык философияга сугарылган:

Дүнүйө кызыл кырчын талдайсың,
Дүнүйө токсонго чыккан чалдайсың.
Шекер менен балдайсың
Бал татыган талдайсың.
Келериңде дүнүйө,
Терезелүү айнексиң,
Кетериңде дүнүйө,
Суу койсо да токтобос,
Түбү түшкөн чайнексиң.

Же:

Баатырдын кыйын жүрөгү,
Октон кайра тартпаган.
Баатырдыктын белгиси,
Элин жоодон сактаган.
Кайра качпай душмандан,
Берген антын актаган.

Болбосо:

Дөөлөт деген чоң байлык,
Дөөрүк киши наадандык.
Акылдуунун бир сөзү,
Айткан сайын бир тайлык.

Санат, насаат, терме, үлгү ырлары жалпысынан булар бири-бири менен ары мазмундаш, ары окшош. Бирок, алар айрым белгилери боюнча айырмачылыкка ээ. «Насаат» ырында акыл-насаат сыяктуу ойлор басымдуу келсе, санат менен термелерде ортодогу алака-мамиле, түшүнүктөр, аракеттер ж. б. жаратылыштагы көрүнүш, кубулуштар, ирети менен саналып айтылат. Бирок, «санат» менен «терме» өзүнчө түр катары өзгөчөлүктөргө ээ. «Санат» деген сөз көп сандагы кубулуш, предмет буюмдардын санын ырга жамдап айтканды жана «нуска» маанидеги түшүнүктөрдү билдирет. Ал эми негизинен «терме» деген сөз ырлардын мазмунун белгилеген термин болуп саналат. Бул түшүнүк акындык поэзияда ар түрдүү көрүнүштү, түшүнүктү, заттарды, кубулушту терип көрсөтүп, анын маанисин терең баяндаганга байланыштуу келип чыккан. Бирок ал ырлардын маанисин терип айтуу менен ырдын идеясы тайкы болбойт. Бардыгында тең дүйнөгө, чөйрөгө көз караш философиялык ой аркылуу чагылдырылгандыктан санат менен термелердин мааниси терең келип, адамдарга үлгү, таалим берүү идеясы жогорку деңгээлде турат» [Байгазиев С. Улуу «Манас» урпактарыбыздын дил жана тил бешиги. Б., 1994]. Мисалы, кылымдарды карытып, кыргыз элин дүйнө элине тааныткан элдик оозеки чыгармаларыбыздын бири болгон «Манас» эпосун тарбиянын алгачкы булагы катары эсептесек болот. Дидактикалык ырлар (санат,

насаат, терме, үлгү ж. б.), дидактикалык чыгармалардын маани-маңызын ачып берүү илимий түрдө башталганга жана азыркы мектепте окутулганга чейин эле анын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүгүн балдарды адамкерчиликтүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо жактан тарбия ишине тартуу бир нече этаптарда ишке ашырылган деп Ж.Тургунбаева төмөнкүдөй этаптарга бөлүп көрсөткөн:

1. «Элдик оозеки чыгармалар катары же элдин күнүмдүк турмушундагы сүйлөшүү кеби катары кыргыз эли пайда болгондон тартып эле оозеки формада колдонулуп келген.

2. Байыркы Орхон-Эне-Сай, Талас жазма эстеликтериндеги өтө көп дидактикалык мазмундагы насааттар ал булактарды окуй билген адамдар тарабынан колдонулган.

3. Кыргыздар арасына кеңири таралган диний жана чыгыш классикалык адабиятынын ичиндеги дидактикалык адабияттын үлгүлөрүнөн (Куран, Хадис, «Аптиек», «Сопалдияр», «Чаар китеп», Асан кайгы, Кулкожо Акмат, Сулайман Бакырганий, Машраб, Рабгузий, «Кабус наама», «Калила менен Димна», «Тотунаама», «Зафарнаама», «Бабурнаама», «Лайли, Мажнун», «Хосров, Ширин», «Шахнаама», «Миң бир түн» ж. б.) акыл-насаат алып, аларды балдарды тарбиялоо ишинде колдонушкан.

4. Исламдык билим берүүчү медреселерде (Канат хандын, Алымбек датканын, Нурмолдонун, Молдо Нияздын ж.б. медреселери) да дидактикалык адабияттын үлгүлөрү, анын ичинде кыргыз фольклорунун жана айрым эл акындарынын (Нурмолдо, Молдо Кылыч, Молдо Нияз ж. б.) санат, насыят, терме формасындагы чыгармалары окутулган.

5. XX кылымдын башында алгачкы ачылган орус-тузем жана «жаңы метод» («усули-жадид») мектептеринде

(Чүйдө Шабдан баатыр, Дүр Сооронбай уулу, Чолпонкул Тынаалы уулу, Калпа ажы, Алай болуш, Касымалы манап, Байзак Тооке уулу, Курман манап, Сагаалы Малиев ж. б. адамдардын ысымы менен белгилүү окуу мекемелери) сөзсүз түрдө кыргыз элинин макал, ылакап, жаңылмач, санат-насаат ырларын, табышмактарын окуткан жана аларды өз тарбиялануучуларынын адептүү болушу үчүн каражат катары колдонушкан» (Тургунбаева Ж. Ж. Элдик дидактикалык чыгармалар аркылуу окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо. Б.; 2012. 23–24-беттер). Мындан сырткары элибиздин энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу баштаган ар кыл жанрдагы эсепсиз оозеки чыгармалар акын жазуучулардын чыгармачылыгынын өнүгүшүнүн алгачкы булагы катары эсептелип келген. А. Т. Калдыбаева, Б. К. Үкүбаева эмгегинде мындай деген пикирди белгилеп өткөн: «Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармалары өзүнүн тарыхында жашоо өзгөчөлүгүнүн бир түрү болгон акындык поэзиянын өнүгүшүнө булак болуп бергендигин, башкача айтканда, акындар поэзиясы фольклор менен профессионалдык жазма адабиятыбызга көпүрө болуп, маани-мазмуну, жогорку идеясы жагынан зор тарбиялык милдетти аткарып тургандыгы менен чыгармачылыктын башка түрүнөн кескин айырмаланып турат» [А. Т. Калдыбаева, Б. К. Үкүбаева. «Элдик акындар жана тарбия». Бишкек. 1995.6-бет]. Ушул сөздүн далили катары «Манас» эпосунда кезиккен дидактикалык ырлардын акындардын чыгармачылыгында да негизги булак болуп келгендигин бир катар акындардын ырларынан да жолуктура алдык. Мисалы, калк арасынан чыккан төкмөлөрдүн санат, насыят, терме ырлары бүгүнкү күнгө чейин ооздон оозго өтүп эл арасында кеңири жайылып балдарды тарбиялоодо колдонулуп, алардын

ырларынын саптары балдардын жүрүш-туруш эрежесине айланган. Элдик акындардын ичинен Женижок, Барпы, Тоголок Молдо, Калыгул, Токтогулдардын ырларынан жолуктура алдык. Өзгөчө бул акындардын ичинен Токтогулдун ысымын баса белгилеп өтсөк болот. Анткени, ал өзүнүн бүт чыгармачылыгын, өнөрүн элге арнаган. Анын санат, насыят, термелери жана үлгү ырлары идеялык-көркөмдүк сапаттары менен өзгөчө баалуулукка ээ.

«Манас» эпосунун сюжетинде кезиккен кээ бир тарбиялык мааниси бар дидактикалык ыр саптарын Токтогулдун ырларынан да кезиктире алдык. Мазмундук, маңыздык жактан, сөздүк курулуш формасы жактан окшоштуктар бар. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунда мындай деген саптарды кезиктирсек:

Эр эшиги сом темир,
Эритмекке эр керек

*(С. Орозбаков «Манас» эпосу. 2-том.*
*Ф.; / Кыргызстан /, 1980. 271-б.)*

Бул саптарды Токтогулдун ырларынан да таптык. Мисалы:

Эрдин күчү – сом темир,
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдаар жер керек.
Эр жигиттин белгиси –
Эпчил болот термелеп.
Өз колуңда болбосо,
«Өлдүм» десең ким берет.

– деген окшоштуктарды көрүүгө болот [С. Орозбаков «Манас» эпосу. 2-том. Ф.: Кыргызстан, 1980. 271-б]. Мын-

дай саптарды «Семетей», «Сейтек» эпосторунан да жолуктурабыз. Семетей куш салууга чыгаарда Чачыкей аны үйдөн чыгарбоого аракет кылып, кушун алдырып жиберерин айтат. Албетте ал Айчүрөктүн аккууга айланып келгенин Семетейге айтпайт. Анын айтканы дал келип, Семетей шумкарын алдырып жиберип, дайынын сурап келүүгө Күлчоро менен Канчорону жөнөтсө да Чачыкей айтпайт. Алардын бири, Бакайдын Көрпөжанды Чачыкейге кайрылып:

Өз башыңа Эркек киши сом темир,
Балам атың ургаачы,
Эритүүгө эп келет,
Айтпай койсоң уят иш, кеп келет – деп эскертет. [Каралаев С. «Семетей» эпосу, 2-китеп, 27-б.].

Ал эми «Сейтек» эпосунда:

Калың кара жедигер,
Кан эшиги кыямат.
Басып кирчү эп керек.
Хан көңүлү зом темир,
Эритүүгө эп керек.

*[Каралаев С. «Сейтек» эпосу, 30-б. Кыяз].*

Баш эшиги кыямат,
Бат кирүүгө эп керек.
Кан эшиги зом темир,
Эритүүгө кеп керек

*[Каралаев С. «Сейтек» эпосу, 127-б.].*

Жогорудагы саптар бири-биринен көп деле айырмаланбайт. Болгону чыгармадагы шартка, кырдаалга, аткарган кызматына жараша саптар бир аз өзгөрүүгө

учурап калган. Фольклордон азыктанып, анын сюжеттеринин кээ бир керектүү саптарын өздөрүнүн чыгармаларында колдонуп келген чыгармалар абдан көп.

Ал эми Айчүрөк Сейтекти Кыязга алып келгенде Кутунун Кыязга айтып турган жери:

Канды кудай урганда
Катыны менен кабышат,
Калкы менен чабышат.
Айза кармап боолашат,
Жакыны менен жат болуп,
Өз эли менен жоолашат.
Канды балаа басарда
Жумшаган кулун кезектейт,
Үйүндө ашын эсептейт.
Кан башынан бак кетет,
Астынан алтын так кетет,
Ал аскардай бел кетет,
Алакандай чуркурап
Андан кийин эл кетет!
Жакшынын багы соо болот.
Канды кудай урарда,
Калкы турмак койнуңда
Катыны менен жоо болот.

*[Каралаев С. «Сейтек» эпосу, 44-б]*

Ушундай эле ыр саптары бир аз өзгөртүүлөр менен Токтогул Сатылгановдун ырларында да кездешет:

Ханды кудай урарда,
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай урарда,
Дөөлөтүнө мас болот.

Кышты кудай урарда,
Күн жылымдап жаз болот,
Эрди кудай урарда,
Элүүндө жаш болот.

Ошондой эле эпосто ар дайым өзүнүн насаатын айтып келген акылман карыя Бакай, Кошой, Акбалта жана башка каармандар өзгөчө орунду ээлеп турат:

Кең өзөнгө жер керек,
Жетилип келген жетимге
Эртеңки күнү эл керек.
Адырман тоого бел керек,
Азамат эрге эл керек.

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу]*

Ай бөксөрүп күн өтөт,
Арадан эчен жыл өтөт.
Жер жаңырып чөп болот,
Эл жаңырып журт толот.

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу]*

Мындай мазмундагы тарбиялык мааниси терең насаатты Бакайдын айткан осуятынан да жолуктурабыз:

Жаман тууган кагышат,
Жай билбестер чабышат.
Жарылган баш жабылат,
Бир тууган кайдан табылат?
Айрылса баш таңылат,
Агайын кайдан табылат?
Тууганын сойгон оңчу эмес,

Душман тууган болчу эмес,
Кыйырына тийген оңобу,
Кытай тууган болобу?
Сабылып турбай, сабыр кыл,
Сабырдын түбү сары алтын.
Сабыр кылсаң озорсуң,
Сабырсыз болсоң тозорсуң.

Мисалга алган насаат, осуят эпостогу Манас баштаган баатырлардан тартып анын чоролору жана жалпы эл жортуулга аттанарда жана ич ара болгон чатактарда айтылып, баатырларды тарбиялоодо чоң роль ойногон. Анткени, жаш баатырлар ойлонбостон туура эмес иш жасап койбосун деген максатта «Кудай берсе ынтымак, Куусаң да кетпейт ырыс бак» деп аксакалдар жаш баатырларга жол көрсөтүп келишкен.

Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганын жөлөгөн,
Айырылганын септеген,
Ажыраганын эптеген,
Арбагы баштан кетпеген.
Ыкыбалдуу эрди көр,
Ынтымактуу элди көр.

деп ата-баба ишин татыктуу улантуу үчүн ар дайым бири-бирине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп ар дайым ынтымакты сактап иш кылса гана ийгиликке жетишээрин ырастап жатат. Ошондой эле, өлбөгөн адамдын башына нелер келип не кетпейт, ар бир адамдын башына кыйынчылык келет, анын баарына чыдап, терең ойлонуп, акыл токтотуп иш кылуу, кыйынчылыктан чыгууга үндөйт:

Жазуудан артык жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс.
Ажал жалгыз айда өлбөс,
Адам уулу кайда өлбөс,
Өлбөгөн бенде не көрбөс

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8–9-том, 186-б].*

Калмактар кыргыздарга кордук көрсөткөндө Жакып бай аларга ат-тон берип элчилик мамиле кылат:

Дүнүйө шекер эритет,
Жок болсо эрди кемитет.
Колуңда жетик болгондо,
Кош кылып көөнү сергитет.

*[Жусуп Мамай. «Манас» эпосу,18-б].*

Ушул сыяктуу улуу муундун өзүнөн кийинки муунга айткан санатын «Манас» эпосунун сюжетинен өтө мол учуратабыз.

Эпосто ар дайым Манаска атадай камкордук көрсөтүп, туура жол көрсөтүп, акыл кеңешин, насаатын айтып келген Бакай, Кошой, Акбалта сыяктуу акылман абалары бар. Алар дайым Манас кыйын күнгө туш болгондо акылын, насаатын, осуятын айтып келгендиги чыгармада мол сүрөттөлөт. Коңшу мамлекеттер менен ар дайым ынтымакты сактап, биримдиктүү, ынтымактуу болгула деген насаат эпостун негизги идеяларынын бири:

Казак, кыргыз, катаган,
Баарыбыз бир атадан.
Коюбуз болду короолош,
Ашыбыз болду жоролош.

*[Каралаев С «Манас» эпосу].*

Эпостогу дидактикалык мотивдерди Бакайдын, Кошойдун, Акбалтанын образдарынан, алар катышкан сюжеттердин тутумунан арбын кезиктиребиз:

Абам Кошой карыям,
Айла тапкыч олуям.
Өйдө тартсам өбөгүм,
Ылдый тартсам жөлөгүм,
Астыга салсам ак жолум.
Аркамда жүрсө сан колум!

*[Каралаев С. «Манас» эпосу].*

Убагында Манаска кеп-кеңешин айтып жүргөн аталган кейипкерлер кийин анын баласы Семетейге, Сейтекке да ушундай эле нукта тарбия жолун көрсөтүп келет:

Кең өзөнгө жер керек,
Жетилип келген жетимге
Эртеңки күнү эл керек.
Адырман тоого бел керек,
Азамат эрге эл керек.

Ай бөксөрүп күн өтөт,
Арадан эчен жыл өтөт.
Жер жаңырып чөп болот,
Эл жаңырып, журт толот.

– деп эр жеткен жигитке дайым жөлөк боло турган эл керек, эр жигит элге кызмат кылганда алар менен биримдикте болуп, эл менен бирдикте гана иш кылуу, Семетейге өз элин жерин табуу керектигин айтат [Каралаев С. «Семетей» эпосу].

«Бүгүнкү күнгө чейин жер бетинде жашап, өмүр кечирип өткөн ата-бабаларыбыздын, элибиздин өз тукумуна

арнап, көрсө көз тойгус, укса кулак кангыс кылып Улуу сөзгө түйүп койгон ыйык жаны. Аны чечмелеп түшүнүү жана пайдалануу ар бир жандын милдети. Андан эч бир киши баш тарта да албайт. Бул орток жан байлыктын бир салаасы-андагы таалимдер» [Исаков Б, Чоюнбаев О. «Манас таалими» Б.; 2008]. Кандай гана мезгил болбосун техника өнүгүп турган мезгилде да биздин улуттук дөөлөттөрүбүз анын ичинде кыргыз элинин энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу ичинде камтылган көөнөрбөс ойлор абдан арбын. Өзгөчө бүгүнкү күндө өтө актуалдуу болуп келген маселелер мисалы, улуу муун менен кичүү муундун ортосунда болуп жаткан ата-эне менен баланын ортосундагы, үй-бүлөдөгү аял менен күйөөсүнүн, бир туугандык, ата-балалык, жубайлык мамилелери «Манаста» өтө кеңири берилип, жаштарга үлгү болорлук, кең келечек түзүп берерлик акыл, насааттар, кеңештер көп кездешет.

Жалпылап айтканда, кыргыздын улуттук дөөлөттөрү чыныгы адамдын идеалын калыптандырууда, жаш муунду акыл эстүү тарбиялоодо, турмушка үйрөтүүдө, көркөм эстетикалык табиятын калыптандырууда «Манас» эпосундагы дидактикалык мотивдер адамды ой толгоого салып, абийирдүү, ар-намыстуу, адептүү, ыймандуу болууга акыл-кеңешин, насаатын айтат. «Жаштар турмуштун өнүп келе жаткан жаңы күчү, адамзаттын жаңыланган мууну, коомдун ар түркүн милдеттерин жана негизги идеяларын улантып, өнүктүрүп, келечекке алып кетчү канат-бутагы» деп улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов айткандай, кыргыздын энциклопедиясы болгон «Манас» эпосундагы дидактикалык мотивдер келечек муунга ыйман, бакыт тартуулап, чыныгы адам болууга үндөйт.

Бул бөлүмчөдө дидактикалык жанрдын курамына кирген кыргыз фольклорунда «майда жанрлар» деген

топко кирген макал жана ылакаптардын «Манас» үчилтигинин сюжетине кирген үлгүлөрүн тексттен алып чыгып мисалга алдык. Мисалдар көрсөткөндөй, манасчылар макал жана ылакаптарды эпостун сюжетиндеги кырдаал-жагдайга карай ылайыгы менен урунуп, эпикалык полотнонун поэтикалык наркына кошумча маани-маңыз киргизе билишкен. Кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы дидактикалык багыттын берилиши башка калктын дидактикалык чыгармаларына салыштырмалуу – курулай таңуулоо жок. Пикирди бекемдөө үчүн «Манастагы» дидактикалык мазмунду Жусуп Баласагындын айтылуу поэмасындагы саптарга салыштырдык. Ошондой эле жогоруда айтылгандай «Манас» үчилтигинин сюжетинде жолуккан кырдаалга жараша айтылган дидактикалык ырлар, каармандардын жасаган иш аракетиндеги дидактикалык мотивдер келечек муунга татыктуу тарбия берүүнүн бирден бир энциклопедиялык жыйнагы экендигин эпостогу каармандардын аткарган кызматынын негизинде ачып бердик. Мисалы, эпосто катышкан Бакай, Акбалта, Кошой сыяктуу акылман карыялардын Семетейге, Сейтекке насааттарын айтып, ал насааттар аркылуу алардын эл-жерди коргоодогу функцияларын улам кийинки сюжеттерде муундан-муунга өтүп жаткан балдарды тарбиялоодогу милдеттерин Манастан, Семетейге, Семетейден Сейтекке өтүп жаткандыгын жогорудагы берилген мисалдардын негизинде «Манас» үчилтигиндеги сюжет куруудa композициялык түзүлүшүнүн көркөм образдар системасындагы дидактикалык мотивдердин көркөм функциясын анализге алдык.

## 1. 3. «Манас» үчилтигиндеги макал-ылакаптардын идеялык-эстетикалык кызматы

Кыргыздын кылымдарга созулган маданий салтында улуу кичүүгө, ата балага, устат шакиртине таалим-тарбия берип, жүрүш-турушу, ыйман-адеби, сүйлөгөн сөзү, кылган эмгеги менен үлгү болуп, урпактарга өрнөк көрсөтүүдө оозеки чыгармачылыктын ролу өзгөчө болгон. Бай тажрыйбалуу өрнөктөргө ширелген эл оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрү улутту улут катары сактоодо, алардын нечен бир кылымдардын кыйырынан тарта бүгүнкү күнгө чейинки салт-санаасын, ырым-каадасын жок болуп кетүүдөн эстутумда сактай алган улуттук рухий баалуулуктардын бири. Айрыкча макал, ылакап, санат, үлгү, насаат ырлары – элдик тарбиянын уюткусу. Жашоо турмушубузда көп урунган макал, ылакап турмуштун ар бир кырдаал-жагдайына жараша айтыла бере турган кыска, таамай жеткиликтүү болуу менен, күнү бүгүнкүгө чейин эл арасында жандуу жашап, муундан-муунга өтүп келе жаткан алтын мурастарыбыздан. Жазуу-сызуу процесси жандангандан баштап кайрадан жаңыланып, оозеки түрдө да, жазууда дагы актуалдуулугун жоготпой келүүдө. Чыгаан жазуучубуз Ч. Айтматовдун бул тууралуу айткан төмөндөгүдөй ою да тастыктап турат: «Элдин генийинен жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары байыркы тuңгуюктан бери карай оор, узак сапар тартып өзүнүн наристе, нукуралык сапатын жоготпой, биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүшү катарында кабыл алынат. Дайыма кыймыл-аракеттин, дайыма жандуу организмдин касиетине ээ мындай баа жеткис асыл зат өткөн маданий эстеликтин чегинен чы-

гып, түз эле азыркы учурдун талабына шайма-шай жооп берген жандуу эстетикалык кубулуш катарында элдин реалдуу рухий асылдыктарына келип кошулат» деген пикири улуттук жандүйнөнүн эч көөнөрбөс азыгы экендигин дагы бир жолу далилдейт.

Кыргыз фольклор илиминде макал, ылакаптарды жыйноо иши XIX кылымдын экинчи жарымында жүргүзүлө баштаган. Анын тарыхын фольклорист Муңдук Мамыров минтип жазат: «Жердешибиз М. В. Фрунзенин атасы менен бирге иштешкен – Пишпектеги болгон эки медициналык кызматкерлердин бири – аскер доктору Ф. Поярков (1851–1910) кыргыз менен дунгандардын тарыхы менен турмушунан, оозеки чыгармачылыгы менен ар кыл диний ишенимдеринен көп материалдарды чогултуп, илимий эмгектерди да жазган этнограф, жыйноочу – фольклорист аталган. Анын жыйган элдик оозеки чыгармачылыгынын ичинде кыргыздардын алтымышка жакын макал-ылакаптары да бар. Профессор К. Юдахин (1890–1975) революцияга чейин эле Чымкент аймагында мугалим болуп иштегенде, Синьцзянда болгондо да өзбек менен уйгурлардын тилинен материал чогултканда кыргыздардыкын да кошо жыйнаган. Материалдардын ичине кыргыздардын макалы, ылакаптары да кирген. Миңге жакын макал, ылакаптарды илимий принципте биринчи жолу өзүнүн «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» (1940-жылы) басып чыгарган. Ошондой эле кыргыздын элдик мурастарын, айрыкча макал, ылакаптарын топтоодо Ыбырай Абдырахмановдун (1988–1967) сиңирген эмгеги да аябай зор. Ал өзү билген эки миңден ашык макал, ылакаптарды жазып тапшырган» [М. Мамыров. «Адабият башаты». Ф., «Кыргызстан» 1986. 159–160-бб]. Ошондой эле макал, ылакаптарды жыйноо ишинде фольклорист Каюм

Мифтаковдун да эмгеги зор. Ал Кыргызстандын бардык аймагын кыдырып, эл оозунан макал, ылакаптарды жазып алган. Мындан сырткары макал, ылакаптарды Бүбү Керимжанова 1948-жылы «Кыргыздын макалдары жана лакаптары» аттуу кыскача жыйнакты жарыкка чыгарып, кийинчерээк бул жыйнактын толукталган түрү автор тарабынан «Кыргыз элинин макал жана лакаптары» деген ат менен 1955-жылы кайра басылган. Профессор К. К. Юдахин, К. Мифтаков, Бүбү Керимжановадан башка кыргыздын макал, ылакаптарын активдүү жыйноочулар И. Абдрахманов, Ж. Ашубаев, А. Убукеев, Ю. Н. Цылевтор болгон. «Кыргыз элинин башынан өткөн турмушунун макал, ылакаптагы көрүнүшүн изилдеген алгачкы илимий монографиялык эмгек П. Коноваловго тийиштүү («Киргизские пословицы и поговорки», 1948). Ал макал, лакаптардын чыгышы, мааниси, айырмасы жана классификациялоо принциби, лексикалык составы жөнүндө бир канча баалуу пикирлерди айтат. П. К. Коноваловдун эмгегинен башка кыргыз элинин макал-лакаптарынын айрым өзгөчөлүктөрүн ачкан көлөмдүү эмгек жок» [С. Закиров. «Кыргыз элинин макал-лакаптары». Ф., «Мектеп» 1972, 4–5-бб] деп белгилейт С. Закиров.

Макал менен ылакап жер жүзүндө жашаган ар бир калктын элдик оозеки казынасын көркүнө чыгарып турган майда бирок маанилүү жанрлардан. Макал менен ылакап тегин жерден чыкпайт, ал сөзсүз асылдык менен аруулукту, айкөлдүк менен баатырлыкты, акыл парасаттуулук менен даанышмандыкты, мээнеткечтик менен чыдамдуулукту даңазалоо менен катар эле өйдө менен төмөндү, бийиктик менен пастыкты, көрөгөчтүк менен тайкылыкты, эмгекчилдик менен жалкоолукту, ак ниеттик менен ичи тарлыкты салыштыруу аркылуу жаман

менен жакшыны ажыратып түшүнүү альтернативасын ар бир кишинин жеке тандоосуна коёт.

Мисалы, «Темир устанын чайыр кесе турган бычагы жок» (въетнам), «Желпигич сатчу колу менен желпинет» (кытай), «Боёкчунун шымы боёлбойт» (жапон), «Карапачынын үйүндө бүтүн идиш жок» (афган), «Кайышчынын камчысы жок» (адыгей), «Устанын тогоосу жок» (кыргыз). Макалдардын элдин турмуш тажрыйбасынан улам чыкканын, алардын жалпы нравалык функциясы бирдей экенин мына ушундан да байкоого болот» [Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр: Ж. Шериев, А. Муратов. Б., 1994, 51-б)]. «Душманыңды чычкан ойлосоң, өзүңдө жолборстун күчү болсун» уйгур макалы же «Өзүңдү аскага теңебе, бирөөнү бир тал саманга теңебе» деп айтылган тува элинин макалы мааниси жагынан кыргыздын «Өзүңдү эр ойлосоң өзгөнү шер ойло» деген макалына төп келет.

Макал, ылакаптар орто кылымдардагы белгилүү түрк аалымы М. Кашкаринин «Дивану лугат-ит-түрк» сөздүгүндө да көп кездешет. «Сөздүктү барактаган сайын, Махмуд Кашкаринин эл арасынан ар бир сөздү簡 аздектеп чогултканы көз алдыга келе түшөт. Ал сөздөрдү жөн гана шурудай тизип бербестен, ар бир сөздүн мааниси окурманга жеткиликтүү, түшүнүктүү болушу үчүн, аларды жалпы элдик тилдин каймагын бузбай сактап келе жаткан макал, ылакап, ыр, табышмак жана туруктуу сөз айкаштары менен жабдып отурган» [М. Толубаев, С. Каратаева Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат-ит-түрк» сөздүгүндөгү макал-ылакаптар. Б., 2010, 3-б]. Чындыгында түрк аалымы Махмуд Кашкаринин бул жыйнагы жогоруда белгиленип өткөндөй, мазмундуу элдик макал-ылакаптарга өтө бай. Мисалы:

Жабыгып жүрсө жигитти жакырсың деп кордобо,
Ташыркаган бууданды баса албайт деп болжобо.

Аттан тай өсөөр,
Атадан бала өсөөр.

Эр эмгегин эл жебейт, эл эмгегин жер жебейт.

Мындай макал, ылакаптар элдик оозеки чыгармалардын бардык жанрларында ыңгайына жараша көп колдонулат. Макал, ылакаптардын жаратуучулары эл болгондуктан кичине баладан баштап чоңдордун кебинде көп колдонулуп жүргөнүн байкаса болот. «Кыргыз элинин байыркы доорлорунан берки башынан өткөргөн турмуштук тажрыйбаларын эпикалык формада жалпылаштырып чагылдырып келген «Манас» эпосу, өзүнүн көркөм поэтикалык түзүлүшүнө элдик оозеки чыгармачылыктын бардык үлгүлөрүн камтып, манасчылардын нечендеген муундары аркылуу муундан муунга, атадан балага өтүп отуруп, бүгүнкү күндө өтө көркөмдөтүлгөн деңгээлдеги классикалык чыгарма катары бизге жетип отурат» [Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Китепте: Садыков Б. «С. Орозбаковдун вариантындагы элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнүн мыйзамченемдүү сакталышы». Б., 1993, 76-б]. Мындан улам кыргыз элинин жашоо турмушунун жандуу энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу макал-ылакаптарга өзгөчө бай. Эпосто макал ылакаптардын дидактиклык мааниси өтө маанилүү, анткени, каармандардын мүнөздөрүн, ички дүйнөсүн, турмушка болгон көз карашын, кылык-жоругун, жасаган иш аракетин көрсөтүү үчүн кезеги келгенде макал жардамга келет. Макал аркылуу эпостун көркөмдүк деңгээли артып, чыгарманын мазмуну тереңдеген. «Эпосто-

гу макал-лакаптар ыр саптары менен айкалыша келип, ыргакка ылайык структуралык анча-мынча өзгөрүүгө учурап, сүрөттөлүп жаткан окуянын, көрүнүштүн көркөм, элестүү сүрөттөлүшүнө көмөктөшүп кошумча маани кийирип турат. «Мурут бар жерде сакал бар, мурунтадан макал бар» [С. Орозбаков 2-китеп, 15-б] деген саптардын өзү макал болсо дагы, байыртадан эле элде, элдин сүйүктүү чыгармасы «Манаста» макалдардын колдонулгандыгын айгинелейт» [«Манас энциклопедиясы». 1-т. Б., 1985-ж, 390-б]. Көбүнчө мындай макал-ылакаптарды акылман карыялар, энелер көп колдонуп, жаштарды туура жолго салып келген. Мындай көрүнүш эпосто Бакай, Кошой, Акбалтанын Манаска, анын чоролоруна кеңеш берип, туура жол көрсөткөн учурларынан жолуктура алабыз. Мисалы, эпостун текстиндеги:

Үйүр сагынып ат келет,
Эл сагынып эр келет,
Эл башына күн түшсө,
Элди баккан эр келет.

– деген макалдар биринчиден, каармандын мүнөзүн ачып берсе, экинчиден, жаш уландарды эл башына күн түшкөндө дайым элдин намысын коргой турган жигит керек экендигин жана ошондой кыйын кырдаалда ар дайым элдин намысы, тынч жашоосу үчүн кан-жанын аябай күрөшүүгө даяр турууга үндөп келген.

«Манаска» мүнөздүү монументалдуулук, архаикалуулук, алгачкы доорлорго тиешелүү болгон легендарлуу окуяларды камтуу «Семетейде» аз. Анда согуштук эпизоддор да өтө арбын учурайт. Тескерисинче, анда Семетейдин балалык чагына, өсүп-чоңоюшуна, өз эли-жерине кайтып келүүсүнө, ички жана сырткы душмандардан эл-жерин коргоого, атасынын даңкын өчүрбөй, анын

өчүн алуу көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. Андыктан эпосто көбүнчө дидактикалык мазмундагы, келечекке үмүт кылуу, ички душмандардан сак болуу маанисиндеги макал, лакаптардын камтылышы кокусунан эмес» [Сборник докладов научно-студенческой конференции слушателей ШБЭ. Б-2001, 35-б]. Мисалы, Манас өлүп ордосу чабылган соң Каныкей төркүнүнө Семетейди, кайненеси Чыйырдыны ала качат. Жолдо ачка калып, эмчегинен сүт чыкпай ыйлаганда Чыйырды ага:

Шумкар учса уядан,
Тынары калат ордунда.
Туйгуну учса уядан,
Тунжуру калат ордунда

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 1-к, 38-б]*

деп сооротот. Мындан Чыйырдынын Каныкейге сөздүн күчү менен акыл айтып кайрат берип жатканы көрүнөт.

Жакшысы өлсө миңи өлөт,
Жаманы гана өлсө бири өлөт.
Асылым Манас өлүптүр,
Адыр толгон сан жылкы
Алты арам күнүн көрүптүр

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 110-б]*

– деп, Бакай Манас өлгөндөн кийин Каныкей менен Чыйырды кандай күндү башынан өткөргөнүн, алты арам кандай кордогонун Каныкейден угуп Манас өлгөнү кыргыздын далай мыктылары кор болуп, азап тартканын, жалпы эл жабыркаганын байкайт. Жакшысы өлсө миңи өлөт деген ушул деп өкүнөт. Жакшы адам дүйнөдөн өтсө жалпы эл кайгырат, капаланат, анын ордун жоктойт. Мына ошондуктан Манас өлгөндө да кыргыз эли жак-

шы адамынан, коргоочусунан айрылганын сезет. Ал эми жаман адам өлсө ал бат эле унутулуп калат. Анткени, элдин эсинде эстей турган эч нерсе калтыра албаган, эл үчүн кызмат кылбаган. Ошон үчүн жаман адам кайтыш болгондо эч ким кайгырып, капаланып түйшөлгөн эмес. Ошондуктан ушул ой тыянак макал түрүндө эл арасында сакталып калган.

Мындан сырткары «Семетейдин өлүмү» сюжетинде кезиккен Семетей кайып кеткен соң андагы Канчоро Каныкейдин ак сүтүн актабай, Семетейге чыккынчылык кылып, кайра өзүнө душмандык кылат. Семетей о дүйнө кеткенде Каныкей менен Айчүрөк Канчоронун кыянаттыгын душмандын өзүнө теңеп көрсөтүү үчүн өздөрүнүн диологунда ушундай макал кездешет:

Ээ, кулунум балам Айчүрөк,
Өлөңдүн күйүп өрт чыгып,
Өз ичинен жоо чыгып,
Уу төгүптүр күбүңө,
Ушу турган Канчоро,
Балам жеткен экен түбүңө

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 332-б, 2-китеп].*

Тексттен көрүнүп тургандай
«Өлөңдүн күйүп өрт чыгып,
Өз ичинен жоо чыгып,
Уу төгүптүр күбүңө»

деген көркөм текст кыргыз элинде илгертен айтылып, эл арасында бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келе жаткан «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген макалдын аналогиясы. Бул макалдан биз өзүңдүн эң жакын адамың, туугандарың, көп жылдык кан досто-

руң өзүңө душман болуп чыгышы баарынан коркунучтуу нерсе болуп эсептелерин көрсөтүп жатат. Анткени, Канчоронун Семетей өлгөндөн кийин Каныкейдин ак сүтүнөн кечип, ага душман болуп чыгышы эпосто ушул макал аркылуу Канчоронун образын, адамдык сапатын ачып берди. Канчоронун жасаган иш аракетинен улам эч качан жакын адамдарыңа жамандык кылбоого, алардын сен үчүн жасаган жакшы мамилесин унутпай, ак эмгегин аткарууга, дайыма ыймандуу, адамкерчиликтүү болууга чакырат.

Убададан тангандарга, антты бузгандарга, чыккынчылык кылгандарга, коркокторго, чыккынчыларга, саткындарга карата «Төбөсү бийик көк урсун, төшү түктүү жер урсун» деген каргыш айтылса, баатырларга, патриоттторго, адептүү адамдарга карата айтылган таалим-тарбия берүүчү акыл-насааттар, макал, ылакаптар бүгүнкү күндөгү жаш муундардын мекенчилдик, атуулдук сезимин козгоп, бийик тарбиянын үлгүсүн көрсөтөт. Мындан сырткары, коңшулаш элдер менен биримдиктүү, ынтымактуу өмүр сүрүү максатында кыз-алышып беришип, алар менен туугандык мамиле түзүү, жамандык-жакшылык учурларда бири-бирине жардамдашуу, каралашуу максатында бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып биримдиктүү бейпил өмүр сүрүүгө кеңеш берген, ынтымакка келтире турган накыл сөздөр «Манас» эпосунун башынан аягына чейин толук камтылган. Мисалы, «Эркек козу болгондо курмандыкка караткан, Эр азамат болгондо, намыс үчүн жараткан». Кыргыз элинин байыркы түшүнүктөрүндө мүчөсүндө эч кандай кемчилиги жок эркек малды курмандыкка чалып, Теңирден жакшылыктарды сураса, баардык тилектер орундалат деген ишеним бар. Мындан улам эркек козуну курмандыкка багыштоо

ырымы бар. Ал эми жоокерчилик заманда кыргыздар уул төрөлсө эл жерин тышкы душмандардан коргой турган ар намыстуу, мекенчил уул, жоокер төрөлдү деп өтө кубанышкан. Төрөлгөн эркек баланы Теңир кыргыздын намысы үчүн жараткан деп билген. Ошондуктан кичине кезинен баштап чыныгы кыргыздын атуулу болууга, тышкы душмандардан элин-жерин коргоого, өзүнүн эли үчүн жанын да курман кылууга даяр болууга үндөгөн. Ушул өңдүү макал-ылакаптар татыктуу уулдарды тарбиялап келишкен. Бүгүнкү жаш муундар дагы ушундай элдик оозеки чыгармалар менен көп таанышып, анын сюжетинде камтылган дидактикалык ырлар макал-ылакаптар менен азыктанса, жашоо-турмушунда колдонсо көптөгөн ийгиликтерге жетишип чыныгы эр жигит болуп тарбияланат эле. Эпосто «Өтүрүк сөз – өлгөн сөз, Жалган айткан – жаман сөз» деген макал арбын кезигет. Бул макал аркылуу кийинки өсүп келе жаткан жаш муундарга калп айтпоого, уккан нерсеңди айтып келип бирөөнүн убалына калба, дайым өз көзүң менен көрүп туруп ошонун чын экенинин далилин билгенде гана айтып жүр дегенге тарбиялап жатат. Мына ушул сыяктуу келечек муунга татыктуу таалим-тарбия берүүчү макалдарды санай берсек өтө көп. Мына ушул маанайдагы тарбиялык мааниси зор «Эркек балаң шок болсун, Шок болбосо ал бала, Туулгуча жок болсун» , «Эр эшиги сом темир, эритмекке эр керек» , «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет. (Жарылсаң ууру алуучу) , «Куру кайрат-баш айрат» ,«Өлүм орток, жан бирге» , «Аманат жанга бир өлүм» , «Өтүрүк сөз-өлгөн сөз, Жалган айткан – жаман сөз» , «Ырыстуулга – жуучу келет, ырысы жокко – доочу келет», «Жаман айтпай жакшы жок, жинди болбой бакшы жок», «Доо аяган

каралуу, жоо аяган жаралуу», «Жибек оңуп жүн болбойт, Жакшы ургаачы күң болбойт», «Сабыр кылсаң озорсуң, сабырсыз болсоң тозорсуң» [1-2-китеп, 147-189-283-332-бб.] – деген макалдар өз маанисин жоготпой, тарбиянын табериги катары сакталып келүүдө. Ошондой эле Манас өлгөн соң Каныкейди Көбөшкө алып берүү үчүн Тазбаймат менен Кыргыл чал ортого түшкөндө Каныкей аларды сабап, кууп чыгат. Ошондо Көбөш:

Ат өлсө соору керек деп,
Ага өлсө жеңе керек деп,
Арачы келсе соёсуң,
Арага түшкөн элчини,
Бөөдөдөн сабап коёсуң

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 1-китеп. 20-б].*

Мында элчилердин кол тийбестиги тууралуу сөз болуп жатат. Анткени ата бабаларыбыз илгертен элчи болуп келген адамга өлүм жок деп айтып келишкен. Ошондуктан эл арасында «Элчиге өлүм жок» жана «Элчи менен ырчыга өлүм жок» деген варианттары сакталып калган. Жогоруда айтылган эпостогу саптардан макалдын бир өзгөртүлүп колдонулгандыгын көрө алдык. Мындай макалдар кийинки сюжеттерде да өзгөртүлүп бир нече ирет кайталанат. Демек, эпостун көркөм дүйнөсүнө кирген макалдар элдик поэзияда жашап келген абалында гана чагылдырылбастан, кандайдыр бир өзгөрүлүп, эпикалык закончененмдүүлүккө ылайык чагылдырылат жана элдин өткөндөгү турмуш жолунун ар түрдүү кырдаалдары жөнүндө да кеңири маалымат берүүчү далил да боло алат. «Манас» эпосунун ичинде камтылган мындай макал менен ылакаптар адептүү, ыймандуу болуп өсүүгө, өз элин-

жерин сүйүүгө, мекенчил, намыскөй болууга – чыныгы кыргыз атуулу болуп тарбиялануга түрткү болот. Биздин оюбузча тарбиянын, акыл-насааттын, дидактиканын тамыры улуттун турмуштук энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу экендигин жогорудагы макал жана ылакап дагы бир жолу ырастады. Ар бир жаш муундун руху ушундай улуттук дөөлөттөрдүн кыртышынан өсүп чыкса сырткы жаман таасирлерге туруштук берип чыныгы акылдуу, тарбиялуу кыргыз жаштары болуп тарбияланып чыгууга жетишер эле. М.Толубаевдин: «Макал, ылакаптар бир эле доордун жемиши эмес. Алар калктын тарыхы менен тыгыз байланышта. Макал-ылакаптар ички мазмуну, мааниси жагынан ар бир доордогу түрдүү тарыхый кырдаалдарды, элдин үрп адатын, салтын, турмуш деңгээлин айгинелейт. Өзүнүн мазмуну, мааниси жагынан коомдук турмушту ар тараптан камтып, жашоодогу түрдүү карым-катнашты өткүр, көркөм сүрөттөп отурат» деген оюна толук кошулабыз [М.Толубаев, С.Каратаева Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат-ит-түрк» сөздүгүндөгү макал-ылакаптар. Б., 2010, 4-б].

Жалпылап айтканда, «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз, эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы, өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутуңдун алдындагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес». Улуттук көрөңгөнү, улуттук дөөлөттөрдү сактап, кийинки муунга калтыруу – жандүйнө асыл наркын сактоо дегендик. «Манас» үчилтигиндеги, Ж.Баласагындын «Куттуу билим» поэмасындагы, Кашкарлык Махмуттун «Дивану лугат-ит-түрк» сөздүгүндөгү кездешкен макал, ылакаптар ата бабалар менен кийинки муундардын ортосундагы руханий баалуулуктардын

байланышы бүгүн да актуалдуулугун жоготпостон жашоо турмушубузда жаш муунду тарбиялоодо кеңири колдонулуп келе жаткандыгын далилдеп турат. Муну биз жогорудагы Ж.Баласагындын «Куттуу билим» поэмасындагы жана Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө кездешкен макал-ылакаптар менен «Манас» үчилтигинин сюжетиндеги балдарды тарбиялоодо колдонулган макал, ылакаптарды салыштыруу аркылуу анализге алып, эпостогу каармандардын иш аракеттеринин негизинде келип чыккан макал, ылакаптардын көркөм-эстетикалык кызматын талдоого алып, варианттарды салыштырып келип макал, ылакаптардын жаш муундарга тийгизген тарбиялык маанисин ачып бердик.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫК

Иштин биринчи главасында фольклордогу дидактикалык жанрдын табиятына обзор жүргүзүп, анын эң башкы маңызын түзүп турган таалим-тарбия берүүчү мазмунун теориялык аныктамаларына токтолдук. Тактап айтканда, «Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдердин идеялык-эстетикалык зарылдыгын эпостогу каармандардын иш аракеттеринин негизинде ачып бердик. Ал эми экинчи бөлүмүндө «Манас» үчилтигиндеги сюжет куруудa композициялык түзүлүштөрдүн көркөм образдар системасындагы дидактикалык мотивдердин көркөм функциясы» сюжет курууга түрткү болгон каармандардын жасаган иш аракеттери Сагымбай, Саякбайдын варианттарын салыштыруу аркылуу талдоого алынды. Пайдаланган адабияттар күбөлөп тургандай, оозеки чыгармачылыктагы дидактика маселеси башка темалардын алкагында бизге чейин да каралып келген-

диги белгиленди. Талдоо учурунда кыргыздын оозеки чыгармаларындагы дидактиканын башкы өзгөчөлүгү – анын колдонулушу түздөн-түз турмуштук кырдаалга байланыштуу боло тургандыгына ынандык. Ал эми үчүнчү бөлүмдө «Манас» үчилтигиндеги кенже жанрлардын (макал, ылакап ж.б.) көркөм эстетикалык кызматын орто кылымга таандык орток түрк адабиятынын жазма үлгүсү болгон «Куттуу билим» поэмасына «Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдерге салыштыруу менен бекемделип, окшоштуктары жана айырмачылыктары салыштырылып анализ жүргүзүлдү. Макал, ылакаптардагы же акындар чыгармачылыгындагы санат, термелердеги дидактикадан айырмаланып, эпостогу дидактика анын сюжетиндеги ар кыл кырдаал-жагдайга, мотивге жана кейипкерлердин образына түзмө-түз байланыштуу болорун көрдүк.

# II БАП

# ЭПОСТОГУ ДИДАКТИКАЛЫК МОТИВДЕРДИН ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК КӨП БАГЫТТУУЛУГУ

## 2.1. Ынтымак, ар-намыс, биримдик ж. б. этикалык категориялардын эпосто чагылдырылышы

«Манас» эпосу кыргыз фольклорундагы эң көлөмдүү эпикалык көркөм туунду болуу менен анын кылымдар бою улуттук маданиятка тийгизип келе жаткан таасири абдан зор. Рухий нарктуулугун оозеки формада алып жүргөн көчмөн кыргыз эли өз уул-кызын «андай бол, мындай бол» же «антпе-минтпе» деген чектөөлөрдөн турган курулай сөз менен эмес, уруу ичиндеги курактык иерархия мыйзамына ылайык ар ким өз ордуна жараша адеп-кылык күтүнүү аркылуу тарбиялаган. Жүздөгөн жылдар ичинде улуттук идеяны дайра сымал сюжетине улам кошумчалап көрөңгөлөнүп келе жаткан «Манас» эпосунда ушул иерархиялык таалимдин мисалдары ар бир кейипкердин кулк-мүнөзүндө, жүрүм-турумунда, өз ара алака-мамилелеринде чагылган. Эпостун маңызындагы ушундай касиет-сапатты байкаган изилдөөчүлөр аны «кыргыздын маданий энциклопедиясы» деп баа берип келишет. Эпос коомдук аң-сезимдин чар тарабын тегиз камтыган идея – көчмөн цивилизациянын нравалык-этикалык кодексин өз мазмунуна уютуп тургандыктан бүгүнкү күнү да мамлекеттик идеологиянын негизи, ый-

ман-ынсап менен гумандуулуктун өзөгү деп таанылууда. Улуу ойчул, улут сыймыгы Чыңгыз Айтматов айткандай: «Элдин эркиндик жөнүндөгү идеалы, философиясы, ыймандык чен-өлчөмдөрү бузулбай, «таралбай», ошол жаралган калыбында жеткендигинде. Албетте, эпос деген – эпос. Ар түрдүү тарыхый кырдаалдарга ылайык эпостун көркөмдүк турпатына, кала берсе, идеялык түзүлүшүнө ар түрдүү катмарлануулар болбой коюшу мүмкүн эмес. Катмарлануунун өзү да эпостук касиет. Мындагы эң маанилүү башкы маселе – «Манас» эпосунун түпкү нукура идеясы миң жылдар бою ар түрдүү тоскоолдуктарга, кысымдарга карабастан өзүнүн наркын коротпой биздин улуу заманга жеткенинде. Бул эпостун майтарылгыс күчү» [Ч. Айтматов. Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. 8-том. Макалалар, маектер. Б.; «Учкун», 2009, 13-б], ата-бабаларыбыз ушул күнгө чейин канчалаган кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүп, ар кандай тоскоолдуктарга туш болуп келсе дагы эпосубуздун чыпчыргасын коротпой кийинки урпактарга, жаш муундарга жеткирип, улуу мурас катары калтырып кетти.

Коомдун негизги кызматтарынын бири – жаш муундарга тарбия берүү. Анткени өсүп келе жаткан жаш муундарга карата берилген тарбияга жараша коомдун келечеги аныкталат. Жаш муундарга тарбия берүү коомдун өсүп-өнүгүшүнө, ынтымакта жашоосуна, элдин тынчтыгына, ата журтун коргоодо, коомду өнүктүрүүдө максаттуу жүргүзүлгөн тарбияга жана аны курчаган адамдар чөйрөсүнүн тарбиялык таасирлерине жараша болот. Жалпылап айтканда, «Тарбия деген жаш муундарды ыймандуу инсан катары жетилтүү жана аларды эл жерге (өлкөгө, улутка) кызмат кылууга даярдоо иши» деп белгилейт М. С. Мурзаев.

Техниканын ургаал өнүгүү заманы, ааламдашуу мезгилинде улуттук баалуулуктарга көп көңүл бөлүнбөй, жашоо-турмушубузда колдонуудан чыгып бара жаткандыгы өкүндүрөт. Бүгүнкү мезгил адам аң-сезиминин өнүгүшүнүн техникалык бийик деңгээлине жетип, турмуш-тиричиликтеги көп жумуш компьютердин, техниканын жардамы менен аткарылып, мүмкүнчүлүктөр ирилештирилип, майда-барат, кичине деп эсептелген баалуулуктар, мүмкүнчүлүктөр жок болуп кетүү коркунучунда калды. Медалдын эки жагы болгон сыңары эле ааламдашуунун жашоого тийгизген оң жана терс жактары бар.

Ааламдашуу мезгили жаштардын өсүүсүнө, билимин жогорулатууга, дүйнөтаанымын кеңейтүүгө, тажрыйба топтоого, бир нече тил үйрөнүүгө, саякат жасоого, чет өлкө маданияты менен кеңири таанышууга мүмкүнчүлүк түзүп берди. Демек, ааламдашуу жаштар үчүн чоң көпүрө боло алат. Бирок экинчи жагынан массалык маалымат каражаттары, жарнама, кино, компьютер оюндары терс таасирин тийгизүүдө. Чыңгыз Айтматовдун «Адамдын ариетине ишенем» деген «Правда» газетасынын кабарчылары менен болгон маегинде: «Дүйнө алда канча динамикалуу болуп калды: мында психологиялык кысталаңдар, агылтөгүл информациянын күргүштөгөн агымы, термоядролук өрттүн коркунучу – баарын эсепке алуу зарыл, баары адамга, адамзатка таасир кылат. Техниканын өркүндөшү менен турмушта технократтык мамиленин үстөмдүгү күч алып, гуманитардык ойдун өстөнү тартыла баштаганы байкалды, ал эми чоңбу, майдабы, кандай гана өлчөмдөгү иш болбосун андагы гуманизм, биримдик, социалдык теңчилик, акыйкат, изгилик жана жакшылык өңдүү түшүнүктөр эл арасында канчалык деңгээлде бааланыпбарктала аарына жараша болот эмеспи. Биздин коомдук

түзүлүштү адамзаттын идеалдарына жетишүүнүн модели катары сыпаттап турган моралдык принциптерден четтөөгө тийиш эмеспиз. Алардын арасындагы эң негизгилери – коомдук жыргалчылыкка арналган ак ниеттүү эмгек, кишилердин ортосундагы гумандуу мамилелер жана өз ара урматташуу, чынчылдык жана туурачылдык, адепсиздикке келишпестик. Чындыгында булар абийирдин составдуу бөлүктөрү, ал эми абийир дегениң болсо өз кезинде граждандуулуктун кыймылдаткыч күчү болот. Ушуга байланыштуу муну айткым келет: «ыймандуулук» деген түшүнүк, менин көз карашымда, эч кандай жалгамалоого, примитивдүү политизациялоого андан бетер моюн сунбас нерсе. Ыймандуулук – ар кандай коом, бардык таптар, бардык адамдар үчүн тиричиликтин эң баштапкы жана эң башкы мыйзамы болот. Ар бир муун, ар бир адамзаада аны бабалардын кебелгис жана мубарек мурасы катары кабылдайт. Андыктан адамдын, бүтүндөй алганда коомдун, чоң болсун, майда болсун, ар кандай иште ушул жол-жоболорду кыйшаюусуз тутунганы ылаазым»[Ч. Айтматов. Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы.]. Көркөм мурастарыбыздын бардыгында жаштарга таалим тарбия берүүчү, акыл насаат айтуучу, ар намыстуу сезимин ойготуучу, биримдикке, ынтымакка чакыруучу мотивдердин элементтери көп кездешет. «Манас» эпосу көлөм жагынан гана бөтөнчөлөнбөстөн, орошон мазмуну, оболоогон бийик ойлору, орчундуу идеялары, омоктуу философиялык нускалары, жалпы адамзаттык деңгээлдеги рухий ыймандык дөөлөттөрү, гуманисттик маани-маңызы менен өзгөчөлөнөт. «Сюжеттик өзөгү кечээки жоокердик замандын баш-аягы түгөнбөгөн катаал кагылыш-кармаштарына, кандуу казаттарына, каардуу окуяларына шыкалып турса да, «Манас» акылмандыкка чулганган

эпос» [С.Байгазиев «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. Б-2014, 5-б] – деп окумуштуу С.Байгазиев белгилеп өткөндөй чынында эпосубузда жалпы эр жигитттерди коомчулукту патриоттулукка, намыстуулукка үйрөтө турган, тарбиялай турган накыл кептер, насааттар өтө жыш кездешет.

Патриоттуулук (гр. *patris* – ата журт) – туулган жерди, Ата Журтту астейдил сүйгөндүк, ага кан-жаны менен берилгендик, бүткүл иш аракети, ишмердиги менен аны коргоо, мартабасын көтөрүү, байытуу үчүн жан аябай кызмат кылуу [«Манас» энциклопедиясы. 2-том. Б-1995, Патриоттуулук. 150-б] Эпосто патриоттуулукка, ар намыстуулукка тарбиялоо сапаты өз элин, туулган жерин сырткы душмандардан коргоо, элинин көз карандысыздыгы үчүн талыкпай эмгек кылгандарынан жана башка каармандардын иш аракеттеринен улам көрүнөт. Манас жана анын чөйрөсүндөгү чоролору, санаалаш атуулдары тынымсыз эрдик иштерди жасап, аалам кезип өзүнүн милдеттерин аткарууга чечкиндүүлүк жана ар намыстуулук, патриоттуулук менен аракеттенишет. «Манас» эпосу – адамдын инсандык калыптануусун даана көрсөткөн, чагылдырган негизги булактардан. Ал эпостогу окуялар жана андагы адамдардын инсандык сапаттары: адилеттүүлүк, адилетсиздик, эрдик, коркоктук, акылмандык, акылсыздык, патриоттук, ар намыстуулук, биримдүүлүк, ынтымактуулукка тарбиялай турган сапаттарга өтө бай.

«Манас» эпосунда баатырдык, эр жүрөктүүлүк, кажыбас кайраттуулук, эрктүүлүк сыяктуу нравалык принциптер биригип, дагы бир этикалык түшүнүктөрдүн бири болгон намыс түшүнүгү менен жалгашат. Намыс – бул адамдын коомдо өзүн-өзү туура, адамкерчиликтүү алып

жүрүү сезими, өзүнүн абийирин, арын, милдетин сезүү сапаты. «Биринчи жагынан коомдун ар бир мүчөсүнүн жаш курагы, социалдык абалы боюнча өз-өз жолу менен наркталса, ал эми экинчи жагынан жеке адамдын намысы, үй-бүлөнүн намысы, урук, уруунун намысы биригип, жалпы эл намысына алып келген. Эл намысы анын нарктуулугунун зарыл көрсөткүчү болгондуктан, эл биримдигин бузууга, кыргыз Ата Журтун, ата конушун баскынчылык менен ээлеп алууга багытталган кызыл кыргындуу, сары сүргүндүү, кан суудай аккан нечендеген уруш менен согуштарда жеке адамдын намысы, үй-бүлөнүн намысы, урук, уруунун намысы бир гана эл намысы деген наркка келип тогошкон» [Жумалиев К. «Манас» эпосунда Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн чагылдырылышы // Изв. ВУЗов. 2014, №4, 83-б]. Белгиленип өткөндөй, ар бир намыстуу адам коомдо өзүн туура адамкерчиликтүү алып жүрүп, эл алдындагы милдетин эч качан унутпастан, эл намысын ар дайым биринчи орунга коюп ага ак кызмат кылуусу керек. Анткени, кыргыз эли ар дайым намысты бек сактап, душмандар менен салгылашып жеңиштерге жетишип, эл намысын тебелетпей келген. Эпосто мындай көрүнүштөр көп кездешет. Мисалы, Текечи кан менен Шыгай кан Кытайларга сан мүлкүн, дүйнөсүн тарттырып ийип башы челектей кан болуп Акбалтанын кытайлардын сураганын берели, айтканына көнөлүк, каалаганын берелик, Алөөкө ак үйлүү келиптир кан көтөрүп алалык дешет. Муну уккан Акбалта:

Көп эле болсо өлөрбүз,
Өлүп калса кайран баш
Кыямат жүзүн көрөбүз
Ажал жетип күн бүтсө

Көр азабын көрөрбүз!
Артыкча башым барында
Айылымды кантип берейин
Кутурган экен Алөөкө,
Ит менен кулжуңдашып көрөйүн!

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 25-б]*

– деп тирүү турганда элимди кантип кытайларга каратып коюп карап турайын деп намыстанып алар менен беттешүүнү туура көрөт – көп болсо өлөрбүз деп элинин намысын колдон чыгарбаш үчүн өлүүгө да даяр. Каракан өлгөндө кыргыздар Алөөкөнүн кордугун көп көрүшкөн. Алөөкөнүн үнүн укканда ыйлаган бала да басылып, кыздарын тартууга алып жатканда Жакып менен Улак кандын намысы ойгонуп биз да Каракандын уулу элек, баары жаман болбосок, канзааданын уулу элек. Эгер Акбалта бизге баш болсо кытайдын катыгын берелик деп намыстанышат.

Өтүп кеткен Каракан
Атабыздын чоңдугу
Аз болсо тоонун сеңирдей,
Каракандын сегиз уулу
Атасын тартпай баарысы
Акмак болду дегизбей
Кара-Тоону бет алып,
Ой беките конолу

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 29-б]*

– деп атанын атын өчүрбөй татыктуу уланталы, балдары акмак чыкты дебесин деп намыстанышат. Анткени, илгертен кыргыз эли балдарды атасынын атын татыктуу улантууга, чыныгы элдин уулу болууга тарбиялап келишкен. Мунун далили Жакып менен Улак кан атанын жолун улап, эли үчүн жасаган иш-аракетинен көрүнөт.

Кыргыздар өзгөлөргө жамандык каалабаган, кыянаттык кылбаган, башкага жемин жедирбеген сак, катылгандын катыгын берген, эрдик менен элин, жерин коргогон, намыскөй эл.

Уругу кыргыз,
Убададан жылгыс,
Уруш десе токтолбойт,
Өлбөй тынгыс.
Өжөр кыргыз,
Өчпөй тамбаган,
Өчү канбаган,
Кеги кетпеген,
Келгенин эптеген,
Кеткенин жектеген,
Намыска айланган,
Ажалга байланган,
Урушка шайланган

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-том, 198-б].*

– деп «Кыргыздын уландары он эки жашында балакатка жетилип кан төгүлгөн кармашка, майданга түшкөндүгү улуу эпостордо, санжырада айтылат. Эрегишкен жоо менен баатырлар намыс үчүн кашык каны калганча салгылашкан. Кыргыз эли бет алдынан жарадар болгонду эрдик дешкен, артынан жарадар болгонду кордошкон, «коркок, качып баратып ок жеди» дешкен. Өлүмгө намыс, эрдик менен жалтанбай барганды сыймык көрүшкөн. Кызыл кыргын түшкөн майдан талаасын «Манас» эпосунда таасын сүрөттөйт» [Кыргыздардын улуттук маданияты. Б-2012]. Эпостогу патриоттуулук, ар намыстуулук, ынтымактуулук сапаттар, көбүнчө Манас баатырдын, Алмамбеттин, Бакайдын, Сыргактын, Каныкейдин жана

башка каармандардын кылган иш аракеттеринен даана көрүнөт. Манас баатыр өзүнүн эл үчүн кылган иш аракеттери аркылуу башка каармандарга үлгү көрсөтүп, аларды бирдиктүү, ынтымактуу, патриот, намыскөй болууга чакырат. ««Манас» эпосунда кыргыз элинин сырттан басып кирген күчтүү, көп сандуу, ырайымсыз душмандарга каршы жүргүзгөн көп кылымдык боштондук күрөшү – чыгарманын идеялык мазмунун аныктаган башкы тема. Эпостун башкы проблемасы – жалпы элдик биримдик, ынтымак» [Бегалиев С. «Манас» эпосунун поэтикасынын маселелери» [Текст]/ С. Бегалиев. – Ф., 1967. 19-б.] дейт окумуштуу С. Бегалиев. Манас эр жеткен күндөн тартып эле баатырдык эрдик көрсөтүп, кыргыз элин кыйын кырдаалдан, кысталыш жолдон куткарып келген намыскөй, чыныгы патриот болгон. Манас баатырдын намыскөйлүгү калмактар жана башка элдер менен болгон кармаштарда ачык көрүнөт. Эпостун башынан аягына чейин Манастын эли үчүн жан аябаган образы жана ал баштаган бабалардын иш аракеттери урпактарга сабак, үлгү.

Манастын нукура баатырдыгы, жекече эрдиги, майышпас кайраты, намыскөйлүгү Эсенкан жиберген калмак-кытай колу менен согуштарында ачык көрүнөт. Анын:

Тегерегин карабай,
Тегин жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Күрдөөлдүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бул калмак,
Мен бир күлжүктөшүп көрөйүн

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 1-китеп. 72-б].*

– деп турушу «өз элинин чыныгы патриот экендигин, жеке керт башынын эмес жалпы кыргыз эли үчүн анын эркиндигин коргоого бел байлап чыккандыгы, ал үчүн өмүрүн да кыюуга даяр экендигин айгинелейт. [«Манас» энциклопедиясы. Патриоттуулук. 1-том. 351-бет]. Калмактардын катыгын берип аларга кыргыздын сүрүн көрсөтүп, башка эр жигиттерди да ушундай иш аракеттери менен элинин чыныгы патриот уулдары болууга чакырат. Буга чейин бала Манасты басынтып келген кытай-калмактарга тайманбастан кол көтөрүп, өз намысын коргогон, эрдик сапаттарынын өзгөчө күчтүү белгилери эпосто жогорку көркөмдүктө чагылдырылып берилген.

Калмактын Кочку балбаны жети жүз кол менен жер коруп келип, Манаска катылганда Манас:

Кайран башым барында
Калкымды кантип берейин,
Кыдыр Алда колдосо,
Кайнап жаткан кытайга
Кармалашып көрөйүн,
Айза кармап топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп:
«Тобокел» – деп бел байлап,
Туу кармашып турушуп,
Тууган үчүн ит менен
Турбай кирип урушуп,
Кыргынды кызык салам – деп,
Кытай алган жылкымды
Ажыратып алам – деп

*[Манас. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. 105-б].*

Кара курттай быжыраган кытай менен салгылашып, кыргыздын намысын коргоп, тууну бийик көтөрүп, ал-

ган жылкыларымды кайтарып алам, ажал жетсе элим үчүн окко учам, мен тирүү турганда эч ким кыргыз элин багынта албайт, намысын тебелебейт деп намыстанып жоого аттанат.

Өзү келип катылган Нескарага да жасаган эрдигинен да ушул сапаттар алдыга чыгат. Манас алты жүз колу менен келип, Нескараны тосуп чыкты. Айдаркандын он алтыдагы Көкчөсү бир капталдан, Үмөт, Үйшөн деген мангулуктар Жайсанбайга жардамга бир миң беш жүз аскери менен артынан кирди. Күнөс балбан сегиз миң колу менен туурасынан чыкты. Дит багып чыдап бара албай, Нескаранын эси чыгып кайра тартып, качып берди. Манас Аккула менен закымдап, аркасынан кууп жөнөдү. Нескара ошол кезде он тогуз жашта экен. Качып жүрүп ал мындай арман кылат:

Кабылан жолго жатарбы ай,
Жолугарга, жолукпай,
Жолум мындай катарбы ай!

Нескара атынын күлүктүгүнөн кутулуп кетет. Нескаранын көп колу жансоогалап багынып беришет. Ошондо жалпы эл чогулуп Манаска келет – арасында алтайлыктар, кангайлыктар, мангулдар бар. Чогулгандарга Манас айтат: Айланабыз бүт жоо, эндекей жатыш болбойт, Нескарага окшогон бирөө келсе, четибизден чаап кете берет. Жоо келсе кабарлашып, бири-бирибизге канатташ бололу! Турган эл туура сөз! – деп эп көрүштү. Ал жердеги чогулгандар:

Өлүп калсак кырылып,
Бир чуңкурга тололу.

Тирүү болсок жыйылып,
Бир дөбө бололу!
Уктуңарбы баарың,
Улуу-кичүүн карың!

*[Манас. Эпос. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. 200-б]*

– деп антты-шертти кылып тарашат. Манас кыргыз ичине бириккен бардык уруунун башын бириктире алган чыныгы жолбашчы, душманга такаат берүүгө аттанган тайманбас колбашчы: «Өлүп калсак кырылып бир чуңкурга тололу, тирүү болсок жыйылып бир дөбө бололу».

«Патриоттуулук» татаал коомдук жана адептик жобо жана моралдык психологиялык сезим жана ал «жарандык» түшүнүгүнүн курамдык бөлүгү. Социалдык-ыймандык жобо катары патриоттуулук ата-журтту сактап, бириктирүүгө, ынтымакты бекемдөөгө кызмат кылат. Моралдык-психологиялык сезим катары патриоттуулук Мекенди жакшы көрүүдөн, анын ийгиликтери менен сыймыктануудан, кемчиликтери үчүн кыжаалат болуудан, туулган жерин коргоого даяр туруудан билинет» [Абдымомунова Г. А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо. Автореферат. Б, 2009, 10-б]. «Манас» эпосунда Ата Мекенди сүйүү, өз элин сырткы душмандардан коргоо жана башка патриоттуулук, ар намыстуулук сапаттары эпостун башынан аягына чейин андагы каармандардын жасаган иш-аракеттери аркылуу сүрөттөлөт.

«Туулган жердин топурагы», «Ата журттун асылдыгы» деген ыйык сезим, түшүнүктөр Манаста өтө эрте ойгонот. Ал он эки жашка толуп, эрезеге жеткенден баштап элдин көз карандысыздыгы, өз мекени Ала-Тоого кайтуу үчүн күрөшкө баш коет. Буга анын Алтай жеринде көр-

сөткөн эрдик иштери айкын күбө. Кытайлардан жүрөгү өлүп калган Акбалта менен Жакып Жолойдун зордугуна чыдабай, кызын, малын тартуруга берип, аман-соо калалык дешкенде, Манас душманга багынгандан көрө согушууну, керек болсо өлүүнү артык көрөт:

Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн
Курман болуп кетейин

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 1-китеп, 88-б].*

Алтайдан Ала-Тоого качуу жөнүндө кеңеште Манас элине мындай деп кайрылат:

Колунан келсе Эсенкандын бизди кое турган ою, тартып калар бою жок. Андан коркуп элди дарбытыштын да, башка жакка качуунун да эби жок. Андан көрө баарыңарга эп болсо, бала да болсом кан кылдың, мен бийлеген көп болсо, намыстын жолун кууйлу, атадан калган туулган жерди кытайга алдырып коюп, кантип турабыз?! Кытайга кыргын салалы, кызыктуу жерди алдырып, кызматта жүргөнчө, кыргыз уулу болгону, кырылып жатып калалы! Кайтарып жерди алалы. Алды менен аскер куруп барып, намыс үчүн бел байлап, кытай менен кырылышып, ата-бабабыздан калган жерлерди бошотолу, керек болсо ошондон кийин качып барбай көчүп баралы [Орозбаков С. «Манас» эпосу, 2-китеп. 13-б]. Манастын чыныгы намыскөйлүгү кытайларга туулган жерди тарттырып ийип кантип жашайбыз, туулган жерди алдырып коюп, душман алдында «чөгөлөп жашаганча тик туруп өлгөнүбүз артык» деп аскер курап, намыс үчүн бел байлоосу аркылуу көрүнөт.

Эркек козу туулуптур,
Не жумушка туруптур?
Эр азамат туулуптур.
Не жумушка туруптур?
Эркек козу болгондо
Курмандыкка караткан
Эр азамат болгондо
Намыс үчүн жараткан!
Туулмак бар өлмөк бар,
Жакшы менен жамандык
Туш-тушунда көрмөк бар.
Атадан не үчүн тубамын,
Аманат жаным чыкканча,
Намыс жолун кубамын!
Энеден не үчүн тубамын,
Эрлердин жолун кубамын.

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 2-китеп. 22; 24-б]*

Эпосто Манас баштаган ар бир кыргыз жоокердин иш-аракети душмандарга тарттырылып жиберилген ата конушун кайтарып алуу, элдин тынч жашоосун камсыз кылуу. «Манас кыргыздын коомдук беделин коргойт. Кыргыз элинин эпосунда адамды адам кылган башкы сапат ар намыстуулук, патриоттуулук. Ар намыс түшүнүгү – бул эл-жерди сүйүү, кайраттуулук, тайманбастык, кайраттуулук сыяктуу мыкты сапаттар менен биргеликте берилет. Эли үчүн кан жанын аябаган адам. Тактап айтканда, баатырлык, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук, тайманбастык сапаттарга ээ адамдарды айтууга болот» [Кыргыз тилинин сөздүгү. Б, 2011]. Кыргыздын басып өткөн катаал тарыхый жолу, көчмөн турмушу ата-журтун жоокерлик күч менен коргоп келүүгө мажбурлаган. Тур-

муш чындыгынын өзү уул баланы боорун жерден көтөрө баштаган күндөн тартып ыңырчакка мингизип, атка мингенге, кылыч, найза кармаганга үйрөтүп «эр намысы – эл намысы» деп, элдин эркиндигин коргоого, сүйүүгө багытташкан. Эпостон мындай сапаттарды Манастын айланасындагы Чубак, Сыргак, Алмамбет өңдүү каармандардын образынан учуратабыз.

Коңурбай Мааникер тулпарды күч менен сураганда, аш берип дардаңдаган Бокмурундун жүрөгү түшүп, эл атасы Кошойго кеңеш кылат. Кошой Бокмурунга мындай кеңешин айтат:

Ат аяган жер карайт,
Жер карабай не карайт.
Куш аяган көк карайт,
Көк караса көп карайт

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 3-китеп. 133-б]*

– деп Мааникерди берүүнү туура көрөт. Бирок кыргыз башына кыйынчылык түшкөн кырдаалда ар дайым Манасты эстейт, андан колдоо, жардам күтөт. Ошондуктан Кошой Манаска айтып аны менен кеңешип, андан кийин гана Коңурбайга Мааникерди берүүнү туура көрөт. Кошой Үрбүнү, Төштүктү, Жамгырчыны, Багышты, Агышты, Жүгөрүнү ээрчитип алып Манас баатырдын алдына барып болгон окуянын жөнүн Кошой Манаска айтканда, Манас баатыр Аккула атты каргытып, ак сакалдуу Кошойдун астына барды:

Аттигине, абаке,
Акылыңыз канаке?
Сенден бөлөк бири айтса,
Өлүк эмес тири айтса,

Албас белем жанын деп,
Төкпөс белем канын деп!
Жаш экенден сыйлаган,
Жамандыкка кыйбаган
Кошойлуктан калдың деп,
Кол тийбеген кары элең,
Ошондуктан калдың

деп – Манас аябай капаланат.

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 3-китеп. 139-140-бб].*

«Көкөтөйдүн ашындагы Мааникер күлүк үчүн болгон Манас менен Коңурбайдын ортосундагы пикир келишпестик, чын-чынына келгенде, ат үчүн эмес, намыс үчүн болот. Коңурбай кыргызды багынтып, өзүнүн үстөмдүгүн көрсөтүү үчүн гана ат талашат. Ошон үчүн Манас мындай шылдыңы үчүн кежир меймандарды ура баштайт» [Сыдыков А. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдер» Б-2006, 41-б]. Мааникерди берүү жөнөкөйгө турган эмес. Анткени бүгүн Мааникерди берсек, эртең Аккула, анан Чалкуйрукту тарттырып жиберебиз деген ойдо болот. Мааникерди берүү менен жалпы эл өмүр бою калмактардын алдында кызмат кылып, намысын тебелетип коймок. Ошондуктан эр жигиттин милдети сырткы душмандардан элин коргоо, эл үчүн кызмат кылуу, элдин намысын сактоо деген сапаттар алдыңкы негизги пландарга өтөт. Бул окуя Манастын намыстуулук сапатын ойготот. Ошентип Манас баштаган кырк чоро калмактардын зомбулугун тыйып, алардын мизин кайтарат. Акырында адамды теңине албаган Нескара, Коңурбай, Музкиндиктер аттарын тартуу кылып, Манастын ачуусун басышып, алдынан өтөт. Мисалдагы окуя Манас баатырдын эл жерин сүйгөндүгүн, патриоттуулугун намыскөй-

лүгүн, эл жери үчүн өлүмгө да даяр экендигин көрсөтөт. Демек, мына ушундай Манас баатырдын кылган иш аракеттеринен бүгүнкү өсүп келе жаткан жаш муун, эр жигиттер татыктуу тарбия ала алышат. Чыныгы кыргыздын эр жигити болууга умтулушат жана Манас баатыр сыяктуу бүт өмүрүн элине, жерине кызмат кылууга арнаган эр жигиттердин өсүп жетилүүсүнө эпостогу баатырдык мотивдердин таасири күчтүү.

Манастын өмүрүндөгү эң негизги милдеттердин бири – улуттук ар намыс үчүн күрөшүү, жерин сырткы душмандардан коргоо, элине ак ниет кызмат кылуу. Анткени, мураска калган, муундан-муунга өтүп келе жаткан ата-бабанын жери – бул кыргыз баласы үчүн бийик жана эр жигит үчүн элине кызмат кылуу парз экендигин «Манас» эпосундагы Манас баатыр баш болгон каармандардын, чоролордун иш аракеттери ачык далил болуп турат:

Атамдан калган жер үчүн
Аттанганы турамын...
Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы
Ынтызар болдум алууга
Испара менен Алайды.
Алдырып коюп кытайга,
Намысың жоктон жүрүпсүң.
Чапкан балта өтөбү
Чакырлоонун ташына.
Нелер келип не кетпейт
Эр жигиттин башына

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 2-китеп. 151-б].*

Манастын патриоттук сезиминин ойгонушуна бөтөн жерде өткөн көр турмуш менен катар ага алгач таалим-тарбия берген акылман Акбалтанын Манаска эли-жери жөнүндөгү акыл кептери күчтүү таасир берет, сезимин курчутат, чечкиндүүлүгүн, жоодон кайра тартпаган тайманбастыгын өркүндөтөт. Ушундай уюткулуу кептерди Манас Кошойдон, Бакайдан, Акбалтадан башка карыялардан дагы угат.

Туулмак бар, өлмөк бар,
Алда берген аманат
Ажал келсе бермек бар.
Аттангандан тартынба
Айтуුга калсын артыңа

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 2-китеп, 151-б].*

Чыныгы атуул, чыныгы патриот гана Манасча элдин, мекендин кызыкчылыгын жогору коёт. Манастын патриоттуулугунун бөтөнчө күчтүү жагы – анын адамдын эң мыкты сапаттары менен айкалышып тургандыгында.

Жогоруда белгилеп өткөн Манас баатырдын, анын жанындагы ишенимдүү чоролорунун жасаган иш аракеттеринен улам «Колдон намыс кеткенче, канжыгадан баш кетсин» деп айтылып калган кеп тарбиянын башаты дээр элек.

«Мындай сапаттар өзгөчө каармандардын өз элинин, өз жеринин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн жан аябаган күрөштөрүндөгү, кыйын кезеңдеги кажыбас кайратынан, майтарылбас эркинен, кужурмөндүүлүгүнөн, жалтанбастыгынан, эрдикти көрсөтүүлөрүнөн таасын байкай алдык» [«Манас» энциклопедиясы». 2-т., Б.; 1995. Патриоттуулук. 150-б]. Эпостогу эл сынына толгон беделдүү, нарктуу инсандардын баары өмүр жашоосун

мекенсиз элестете албаган чыныгы патриоттор.«Манастын чыныгы элдик баатыр катары негизги белгиси эл жерине берилгендиги. Ал эс тарткан күнүнөн өлөр өлгүчө ата журттун эркиндиги ички, сырткы душман менен жан аябай күрөшөт. Ал ар дайым биринчи болуп жоого чабуул коюп, анын эң кыйын баатырларын жекеме-жеке беттешүүлөрдө жеңип чыгат. Ата журтка болгон чексиз сүйүү, андан канын-жанын аябоо, намыскөйлүк анын жоокердик мүнөзүндө жетектөөчү роль ойнойт» [«Манас» энциклопедиясы. 1995, 410-б]. Мисалы, Кытайлар басып алган Ата журтту бошотуу жөнүндөгү жалпы элдик кеңештеги Манастын сөзү эпосто мындайча баяндалат:

Атадан не үчүн тубамын?
Алда билет өлүмдү,
Ааламга канча турамын?
Аманат жаным чыкканча
Намыс жолун кубамын.
Атамдан калган жеримди ,
Алдырып коюп кытайга
Аңкайып кантип турамын?
Атым өчүп калбайбы
Атамдан калган Нааманды
Алты айга чейин албасам.
Түркстан барган кытайды,
Түгүн койбой кырбасам.

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 75-б].*

Ушундай иш-аракеттери аркылуу Манас баатыр элдик улуу иштерге башкаларды да шыктандырып, патриоттук рухун көтөрүп, намыскөй болуп, биримдиктүү, ынтымактуу болууга өзүнүн артынан ээрчитет:

Шүмшүңдөгөн басыктар
Түрк уулунун мойнуна
Сүйрөткөн экен арканды.
Моюндан аркан чечиңер,
Алалбасаң кытайды
Аманат жандан кечиңер.
Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып жерди алалы,
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыянатта жүргөнчө,
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып калалы.

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 79-б].*

Манастын патриоттуулугу, намыскөйлүгү эпостогу каармандарды гана шыктандырбастан, эпосту окуган, уккан адамды да шыктандырып, патриоттук, намыскөйлүк сезимин ойготуп эл жерин сүйүүгө, ак кызмат кылууга чакырат. Ушуга байланыштуу дагы бир мисал:

Сапарда самсып жол жүрсөң,
Чаппай жүрүп жылып өт.
Бендеге келет бир кезек,
Заманыңда кылып өт,
Душмандык кылса кумурска,
Санап туруп кырып өт,
Нөөмөт эрге бир тиер,
Өнөрүңдү кылып өт

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-т. 65-б]*

– деп жаш кезинде, ал-кубатың бар кезде эл үчүн иштеп, элдин намысын коргоп, өнөрүңдү көргөзүп кет дейт.

Төгүлбөй турган кан болбойт,
Өлбөй турган жан болбойт,
Өлүмдөн качкан жан оңбойт

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 217-б, 8–9-том]*

– деп, чороловрун патриот, намыскөй болууга чакырат.

Кыргыз үй-бүлөдө уул төрөлгөндө бүт уруусу кубанган. Анткени бир үй-бүлөнүн гана эмес жалпы элди коргоочу баатыр төрөлдү деп сүйүнүшкөн. Бул тууралуу С. Байгазиев: «Эне уул баланы жөн эле «ыңаалатып», жарык дүйнөгө төрөп коюш үчүн он ай көтөрүп, омурткасы сыздабайт, эркек баланы эне бир үй бүлөгө гана эмес, жалпы тууган элине, калайык журтуна төрөп берет, уул элдин перзенти, жамааттын табылгасы. Туулган «туяк» ата-энесинин акысынан, апасынын ак сүтүнөн элдин уулу болуп, калайык калкынын керегине жараган азаматтык кызматы аркылуу гана кутула алат деген идея чөгүп жатат. «Манас» эпосунун түп негизинде да ушундай ой жаткандыгын көрөбүз. Манас жарык дүйнөгө төрөлгөндө Алтайдагы кыргыздардын башчысы Акбалта карыя «бизге белге таңуу уул ушул», «Карыганда байбиче кабылан тапты сүйүнчү!» деп тебетейин көккө ыргытып кубанат. Жалгыз Жакыптын үй бүлөсүнө гана эмес, жамы журтка перзент туулду» [Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. Б-2014, 30-31-бб].

Манастын уулу Семетей да атасынын жолун улап, эл жерин коргоп, эл үчүн ак кызмат кылган, патриот, намыскөй болуп чоңоёт.

Кыргызда атадан артык уул, атага тең уул, атадан кем уул деген кеп. жөн айтылган эмес – бул нерсенин бардыгы турмуштук тажрыйбадан алынган. Эпосто мындай

атага тең уул болуп Манастын кылган иш аракеттерин, намысын тебелетпей татыктуу улап кеткен уулу Семетейди, небереси Сейтектин улуу мурасты татыктуу улагандыктын үлгүсү катары эл чыгармачылыгы эпоско айлантып чыккан. Манас баатыр элин сырткы душмандар менен болгон салгылашууларында коргосо, Семетей менен Сейтек ички душмандар менен болгон күрөшү аркылуу эл намысын коргогон.

Семетей да атасы сыяктуу эл жерин коргогон намыскөй, патриот, элдин биримдигин, ынтымагын сактагандыгын анын кылган иш аракеттеринен көрүнөт. Мисалы, Кокондон чыккан Төөбалбан менен Букардан чыккан Акбалбан күрөшкө чыгып, алты күн күрөшүп Акбалбан байгени Төөбалбанга алдырып жибергенде Семетей намысы кеткен немедей:

Бу Букардын балбанын
Кокондуктун Төөбалбан
Жыгат деген эмине?
Бу Букардын күйгөн бак,
Сынат деген эмине?
Сан байгени алты шаар
Алат деген эмине?
Шагы сынып алактап
Букарлыктын баарысы
Калат деген эмине?
Капырай, Төөбалбан кантип дөө кылам,
Карыганда атамдын
Алтын тагын алдырып,

Букарга кантип ээ кылам?! [Каралаев С. «Семетей» эпосу, 1-китеп, 267-б] – деп Төөбалбанга сан байгени алды-

рып жибергенине ичи күйүп, карыганда атамдын тагын кантип коконго алдырам деп намыстанат. Андан көрө минтип намыстан колду алдырганча өлгөнүм артык дейт.

Букарлыктын алтын так
Балбанын жыгып жиберип,
Тартып алдым дедирбей,
Сынган амыз кимдики,
Сыздаган сөөк кимдики,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Минтип тирүү жүргөнчө
Туубай туна чөгөйүн!
Ушу турган Маргалаң
Сарттарга кантип берейин.
Колумдагы тасмыям
Такыр сайып жиберип,
Ушу турган төө балбан,
Бир күрөшүп көрөйүн!

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 1-китеп-268-б],*

– деп элинин намысын колдон алдырып жибербейин деп Төөбалбан менен күрөшүүнү туура көрөт.

Кокуй атам Ысмайыл,
Он экиде күрөшпөй,
Отуз бешке келгенде
Тушаган итке жетембт?
Он биримде күрөшпөй,
Он тогузга келгенде
Чапсам бокко өтөмбү?
Тозбогун ата жолумду,
Коё бер, ата, колумду!

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 269-б]*

– деп Семетей эр жеткенден тартып эле эли үчүн кызмат кылып, ата жолун улантып намыскөй, патриот болуп чоңоёт.

Жаш кезимде эл үчүн,
Далдайып басып жүргүчө,
Кыямат жүзүн көрөйүн.
Кызыл кыргын, күйгөн чок,
Азамат карап турчубу?
Канзааданын баласы
Өлүмдөн коркуп турчубу?
Жети күндүн бири өлүм
Алданын чийип койгонун
Аманат менде көрбөйбү!

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 308-б]*

– деп дайым элдин намысын коргоп, кан жаны калбай, өмүрүнүн аягына чейин ак кызмат өтөйт.

Манастын уулу Семетей Канчоро менен Кыяс капыстан кол салып, өлүм алдында турганда минтип ойлонот:

Котур ташы койнунда,
Шайтанды баккан экенмин,
Эми эле башын кошкондо,
Элдин алы не болот,
Жарагы жок жаш күлүс,
Эрдин алы не болот,
Капарсыз калды эл менен,
Жердин алы не болот.

– деп Семетей өлүп бара жатып дагы, эли-журтунун тагдыры жөнүндө толгонуп турат. «Өз өмүр жашоолорун ушундай улуу нарктар менен жуурулуштуруп өмүр кечиргендиктери үчүн Манас менен Семетей жана Бакай, Каныкей, Кошой, Чубак, Сыргак, Чыйырды, Айчүрөк, Күл-

чоро, Алманбет сыяктуу каармандар түбөлүк өлбөс болуп, биздин маңдайыбызда чолпон жылдыздай жаркырап, адептик патриоттук маяк катары жашап кала беришти. Туулган «туяк» жер үстүндө кош аяктуу макулук, кыбыраган көрпенде болуп эмес, айланасына жакшылыктын жарыгын чачкан нурпенде болуп жашоого тийиш. Өз көмөчүнө күл тартып, кара башынын кызыкчылыгынан башканы билбеген Абыке, Көбөштөй, Көзкамандай, Канчородой пенде болуп жашоонун жамаат үчүн маңызы, куну жана куту жок. Көзкамандай, Көбөштөй «туяктын» «эне боюна бүткөнүнөн бүтпөгөнү» артык» [Байгазиев С. «Манастын» ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты. Бишкек, 2012. – 31-32-бб] деп, кыргыз эли уулдарын кичине кезинен баштап эле ат үстүндө, жоо бетинде тарбиялап келишкен.

Эр кадырын эр билет,
Эр билбесе не билет?
Кайгысыз адам карыбас,
Жамандык сүйгөн жарыбас,
Пайдасыз адам марыбас

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-тт 501-б]*

– деп эр жетип элге кызмат кылар убак келген күндөн баштап дайым эл үчүн кызмат кылып, эл кадырына алынып, эл намысын, таламын талашып пайдалуу иш жасоо ар бир жигиттин милдети экендигинен кабар берип турат.

«Манастын патриоттуулугу эл-жерин терең сүйгөндүгүндө, бүт өмүрүн элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө арнагандыгында гана эмес, ал түгүл каршылашкан душмандарына жасаган мамилесинен да ачык сезилет. Анын өз эли, өз жери үчүн тынчтык кандай маанилүү болсо, башка элдер үчүн да ошондой эле маанилүү. Деге-

ле, адам баласын урматтоо, тең кароо Манастын патриоттук сезимин бөтөнчө таасирдүү кылып турат. Чыныгы атуул, чыныгы патриот гана Манасча элдин, мекендин кызыкчылыгын жогору коет» *[Кудабаева Г. Б. «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттары» Б., 2003, 64–69-б].*

Канзааданын баласы
Кыяны бузуп өч албай,
Кылымды бузуп өч албай,
Калдайды бузуп кан албай,
Кагыш кылып жан албай,
Айза сунуп топ бузбай,
Дагдыр жетип окко учпай,
Кантип тирүү туралы!
Бейли кара Кыязга,
Бет алышып урушпай,
Кармашып жатып кан албай,
Кармашып жүрүп жан албай,
Тирүү болбой өлөйүн,
Туура жаңжал салбасам,
Туулбай туна чөгөйүн.

*[Каралаев С. «Сейтек» эпосу, 154-б].*

Эпосто биримдүүлүккө, ынтымактуулукка тарбиялай турган дидактикалык мотивдер өтө жыш кездешет. «Элдин биримдиги, ынтымагы «Манас» эпосунда туу катары көтөрүлүп, ыйык сезим, түшүнүк делип аздектелген, жалпы журтубуз ардакталган салттык белги» [Акматалиев А. Манастын жети осуяты. Избранное 2 том. Б. Шам. 1998, 8-б] Мындай мотивдерди «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунан көп кездештирүүгө болот:

Жазуудан артык жан өлбөйт,
Так үстүндө кан өлбөйт,
Жерде жатса дан өлбөйт,
Ырыскы берчү кудайым,
Атпай угуз уругу,
Жаратканың жалгыздан
Ынтымак тиле жудайын

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-т, 55-б]*

«Эпостун туруктуу мотивдеринин бири – чабылып чачылган элдин башын бириктирүү, Ата Журтту, Мекенди, эл жерди баскынчылардан бошотуу, эзилген элди көз карандысыз, тең укуктуу турмушка жеткирүү, дайым жаратkandan ынтымак тилеп, биримдиктүү болууга чакырган мындай мотивдер өтө көп кездешет» [Жумалиев К. «Манас» эпосунда Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн чагылдырылышы. – 2014, 34-б]. Чубак Алмамбетке эрегишип чыр чыгарганда Бакай Чубакка: – Өзүбүз бузулуп, бири-бирибизди буттан тартып жаткан соң, пил да болсок жыгылабыз, миң да болсок кырылабыз, Алмамбет кыйырыңдан карыш жылган жок, Арданба, кан Чубак, карайлап келген Алмамбет калмакка кызмат кылган жок! Кылган кызмат өзүңдүкү, байкагын Чубак сөзүмдү:

Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз – деп
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң уруу алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу.
Кандыгым кеткен меники,
Калкты бузуп жөнөшүң,
Кандай жумуш сеники?

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 338-б, 8-9-тт]*

Алмамбет билсең, жанын биз үчүн кыйнап жүрөт, анын кызматы мени менен сен үчүн деп Чубакты Алмамбет кыргыз эли үчүн кандай кыйынчылыкты башынан өткөрдү, анын жасаган иш аракети биз үчүн ак. Ошондуктан калкты бузбай, бөлүнбөй баардыгыңар биримдикте иш кылгыла. Бөлүнүүнүн кажети жок, бөлүнсөк башка элге кеп болобуз, алар биздин алсыздыгыбызды билип басып алышат. Ошондуктан ынтымактуу, биримдиктүү иш кылгыла деп чыр-чатакты токтотуп туура жолго салат.

Бакайдын акылмандыгынан Чубак чыр чыгарып элди азапка салганы жатканда, даанышман айкөлдүгү, сөзгө чечендиги менен ойлонуп иш кылууга, дайым бөлүнбөй биргеликте «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» иш кылууга үндөйт. Бакай эпосто Манас баштаган каармандардан баштап баардыгына акыл айтып, кысталыш жолдо туура жол көрсөтүп келген акылман карыя. «Акылмандык – акылга дыйкан, көптү билген, көптү көргөн, даанышман, кеменгер адам. Эзелтеден эле кыргыз эли акылман адамдарды кастарлап, алардын накыл кептерин көңүлгө тутуп келген. Элдеги, жамааттагы абийир, адеп, жалпы эле ыймандык нормалардын сакталышын акылман карыялар көзөмөлдөп турган. Ушу менен катар журт башына кыйынчылык түшкөндө туура жол таба билген. Акылмандык – эл тарабынан бааланган, ага коомчулук ыйгарган өзгөчө статус. Турмушта буга жалаң гана көп жашаган, көптү көргөн карыялар гана эмес, акылы жетик, түшүнүгү терең, татаал маселелерди калыс чече билген жаш адамдар да ээ болушкан. Демек, акылмандык эпосто элдин рухий дараметы, коомдун алдыга өнүгүшүнүн зор таянычы, прогресстин өзүнчө бир шам чырагы катары кеңири камтылып көрсөтүлүүсү

менен көңүлдү өзүнө бурат» [«Манас» энциклопедиясы. Акылмандык. 1-т, 69-б]. Бакай бир гана каны кызуу жаш жоокер Чубактын ачуусун басып, чоролордун чырын токтотпостон, кошуундагы жалпы ынтымакты ыдыратпай, өз ара түшүнүүгө жеткирип, жалпы элдин ынтымагын, биримдигин сактап калат. Эпостогу кейипкер Бакайда калыс, адилет, акылман, айкөлдүк сапатка да эгедер улуу адамдын образы жаралган.

Манас кырк чоросу менен Көкчөдөн кайтып келе жатып, Ногойдун баласы Үсөнгө (кийин ал Көзкаман атанып кетет) жолугат. Ал балдары менен тууганын издеп, Манаска кошулуу үчүн калмактардан келе жаткан. Манас туугандарынын келгенине он эки боз үй тиктирип, ар бирине Үсөндү баш кылып, анын балдарын бирден үйгө киргизет. Өрлүктөгөнүм ушул деп, жаңы келген туугандарынын ар бирине отуз-кырк баш мал бөлүп берет. Элге кабар айттырып, туугандарынын келгенине той берет. [Манас. Мусаев С. Ф.1986, 121-123-бб] Бул эпизоддо Манастын келген туугандарына той беришин, мал беришин туугандар арасындагы ынтымакты, биримдикти сактоого кылган аракети сүрөттөлөт.

Акбалта Жакыпка келип:
Чалгын барса – чаң бирге,
Бололук, Жакып, кулунум,
Өлүм орток, жан бирге,
Тирүү болсок жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 20-б]*

– деп Акбалта Жакыпка бирдиктүү, ынтымактуу иш кылалы деп айтат. Кыйынчылык башта турганда ар кимибиз ар кай жакта бөлүнүп жүрсөк душмандар бизди жок

кылат, ар кай жакка таратат дейт. Ошондуктан биримдик-түү, ынтымактуу бололу, «чалгын барса – чаң бирге, өлүм орток жан бирге» деп биргелешип иш кылууну көздөйт.

Жыйынтыктап айтканда, эпосто кездешкен ар намыстуулукка, биримдүүлүккө, ынтымактуулукка, патриоттуулукка тарбиялаган дидактикалык мотивдер көбүнчө эл жерди сырткы, ички душмандардан коргоо учурунда жана чоролордун бири-бирине жасаган мамилелеринде жана эң негизгиси Манас баатырдын эл үчүн жасаган ак кызматынын мисалы. Эпосто Манасты жана анын чоролорун жортуулга аттанаарда, чоролордун ич ара пикир келишпестиктеринде дайым өзүнүн насаатын айтып келген Бакай, Акбалта, Кошой өңдүү аксакалдардын чоролорго айткан акыл насааттарында дидактикалык мотивдин уюткусу жаткандыгын мисалга алдык. Ушундай акыл-насаатка ширелишкен каармандардын жасаган иш аракетиндеги мотивдер, «Манас» үчилтигинде көп учурагандыктан окурманды өзүнө тартып, патриоттуулукка, биримдүүлүккө, ар намыстуулукка, ынтымактуулукка чакырат. «Манас» үчилтигиндеги насааттарды, дидактикалык мотивдер жашоо турмуштагы тарбиялык мааниси абдан жогору.

## 2.2. «Манас» үчилтигиндеги эмгек темасынын тарбиялык маңызы

«Манас» үчилтигинин сюжетинде улут тарыхы, үрп адаты, каада-салты сыяктуу баалуулуктардын бардыгы камтылып, кыргыз элинин басып өткөн жолун эске салуу менен бирге эмгекке тарбиялай турган мотивдер каармандардын иш аракеттеринде көркөм чагылган. Мисалы, Манас баатыр баштаган Бакай, Кошой, Каныкей, Акбалта,

Алмамбет, Бөлөкбай уста өңдүү каармандардын жасаган иштери эмгекчил, ишкер адамдын үлгүсүн берет. «Эмгектин бөлүнүшү байыркы учурларда эле болгондугун «Манас» эпосу да ырастайт. Маселен, койчу башчысы Ошпур, жылкычысы Ыйман, төөчүсү Сарбан, уйчусу Байбол, төлгөчү Кара Төлөгү, Агыдай далы көрүүчү, Ырамандын ырчысы, кабарчысы Жаш Айдар менен Эр Шууту, кароолчусу Сереги менен Жоорунчу, тилмечи алтымыш буруу тил билген Ажыбай, кара тилин кайраган чечен, элчиси Үрбү, балбаны алп Кошой, Акаяр, чыканактай эр Агыш, жоокерчиликтеги чалгынчысы Алмамбет, Сыргак, алдыда болуучу жакшылык менен жамандыкты жаңылбай билген акылман, көз ачыгы Бакай, Каныкей, чайчысы Тазбаймат, дарыгери Каныкей, Момунжан болуп берилишинен эле «Манас» үчилтигинде эмгектин бөлүнүшүнүн бардык түрүн, башкача айтканда, акыл эмгеги менен күч эмгегинин жиктелишин көрүүгө болот» [Манас энциклопедиясы. Б-1995, 366-б]. Жогоруда белгиленип өткөндөй «Манас» үчилтигинен эмгектин баардык түрүн жолуктурууга болот. Устачылык, дыйканчылык, узчулук жана башка кол өнөрчүлүк менен эмгектенген каармандардын иш аракетин ачык, даана, таамай көрүп, эмгекчилдиктин уюткусун, иштермандыктын үлгүсүн көрүп үйрөнүп, үлгү алууга болот. Эпостогу бул каармандардын эмгекчилдиги жаш муунга үлгү болот. «Үлгү – насаат айтуу, тарбиялуу болууга чакыруу маанисиндеги айтылган ырлар. Үлгүнүн кеңири таралышы адамдын жеке жүрүш-турушу, ички рухий байлыгынын санаты, бирөөгө жасаган мамилеси, кыял-жоругу. Жакшы адамдын үлгү алар жакшы жагы сыпатталып, даңазаланса, анын каршысында жаман адамдын көңүл иренжиткен терс жактары сүрөттөлүү менен адамды андай жоруктардан качуу жагы

эскертилип турат» [Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том, 2004]. Каармандардын ар бири өз кесибин мыкты билгендиги, иштермандыгы, алсак, Бөлөкбайдын усталыгы, Каныкейдин жана анын нөкөр кыздарынын уздугу үлгү болууга татыктуу. Эзелки бабаларыбыздын турмушундагы дарыгерлик, устачылык, жарак-жабдык, жоо кийимин даярдоо, кен эритүүчү, көөрүкчү, төрт түлүк малды багуу, жер иштетип дыйканчылык менен аракеттенүүсү таасын чагылдырылып, ар бир уздун, устанын эмгеги, алардын колунан чыккан не бир азем буюмдар көркөм сөз аркылуу эпосто кеңири шөкөттөлгөн.

Манас Беш-Таш башы Бек-Жайлоону ашканда ар жактан Анжиян көрүнөт. Ошол Анжияндын боз талаасынан бир ак сакалчан дубанага жолугат. Дубана Манаска: «Түпкү атаң Огой кан көк жал адам болгон эле. Сен ошону тартыпсың. Бирок минген атың сага ылайык эмес, сени уят кылат сага башка ат керек» дейт. Анан Манаска: «Экөөбүз ортолукта аштык айдайлы» деп сунуш кылат. Манас карыянын акылын туура көрүп дароо макул болот. Экөө чогуу аштык айдашат. Карыя эки өгүздү жетелеп келет. Манас буурсун кармап, экөө жерге кочуштап үрөн эгишет. Бир күнү чарчап калган Манас уктап кетет. Ойгонуп кетип айланасын караса, буудай кызарып тоодой болуп үйүлүп жатыптыр. Аң-таң болгон Манаска баягы карыя өзүнүн Баба дыйкан экендигин, Манастын минген аты алсыз экендигин билип, ушул буудайды сатып ордуна ат алсын деп буудай эгишкендигин айтып, батасын берип көздөн кайым болот [С.Каралаев «Манас» эпосу. 344-б].

Ошол кезде эли каатчылыкка кабылган нойгуттун каны Карача аштык издеп жүргөн экен. Карача Манаска: «Аккула сизге тартуу, эгер сиз туура көрсөңүз бул буудайды бизге бериңиз» дейт. Карача жигиттерин чакырып,

токсон нарга буудайды жүктөшөт. Буюрса элим тоюнат деп сүйүнгөн, Манаска терең ыраазы болгон Карача кан батасын берет. Менин жерим Лоб дайра, кабар ала жүр, мен картайсам элиме көз сала жүр деп суранат. Аккуланы минип Манас бир тарапка, тигилер өз жерин көздөй сапар тартышат.

Бабадыйкан чал менен
Ортоктоп буудай айдадык,
Алты ай буудай бышкыча
Боз-Талааны жайладык.
Эмгек кылып, аш таптык,
Эр өлтүрүп, журт кырган,
Мытаамдыктан баш тарттык

– деп Бабадыйкан менен биргеликте буудай тигип, алты ай буудай бышкыча Боз-Талаада күн өткөрүшөт. Ак эмгегинин аркасы менен аш таап, ал тапкан аш менен жалпы элди багат.

Чын бусурман менденин
Баш терисин көрөмүн
Опол-тоодой буудайды
Бакыр менен мискинге
Баарын бөлүп беремин

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 352-б]*

– деп Манас баатыр тер агызып ак эмгек менен тапкан ашын бакыр менен мискинге бөлүп берет. Ошондой эле ошол эккен буудайына, маңдай тер агызып тапкан ак эмгегине Карачадан Аккуланы сатып алат. Сюжет Манас баатыр дыйканчылык аркылуу ак эмгек өтөп, жер иштетип, өзүңдүн ак эмгегиң, ак кызматың менен каалаган нерсеңди таап, ийгиликтерге жетишсе болорун көрсөтүп жатат. Эпосто көрүнүп тургандай, кыргыз эли мал чарба-

чылык менен бирге эле илгертен дыйканчылык менен эмгек кылып, жан багып келгендигинин күбөсү. Муну биз эмгек ырларынан дагы көрө алабыз.

Алтайдан Ала-Тоого келе жатканда, өзү тийиштик кылган Текес канды жеңгенде, анын дүнүйө мүлкүн, төрт түлүк малын, ал тургай үй оокатын талап тоноого кам урушкан кошунундагы айрым бир алдым-жуттумдарга, алкы бузуктарга жана ач көздөргө Манас жар чакырат:

Албаңар жырык ийнесин,
Не кыласың калмактын,
Эзелден жыйган дүйнөсүн.
Кош-кошко союш алыңар,
Бакырын коюп салыңар,
Кары, жашы чалыңар,
Дүнүйөдөн куруп калгандай,
Кантесиңер баарыңар

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 2-китеп, 44-б].*

Бул саптарда Манас өз кошуунун, чоролорун адилеттикке, кайрымдуулукка, боорукерликке үндөп, аларды ак эмгекке, маңдай тери менен жашоого чакырат: башка бирөөнүн жыйган дүйнөсүнө кызыкпай өз ак эмгегиңер менен дүйнө күтүп жашагыла деп ак эмгек менен нан таап, жан багуу керектигин айтат. Манастын мындай буйругун эли, кошууну туура кабыл алып:

Жолобогун, алба деп,
Жоонун мүлкү эч качан,
Опо кылбайт жанга деп

*[Бириктирилген вариант, 2.96-б]*

Айтканда чоролор жутунбастан анын айтканын угуп токтоп калышат.

Манастын жарак жабдыгын жасаган укмуштуу уста жана кырк мүңкүрдүн башында турган казына сакчысынын кылган иш аракети түздөн-түз эмгекчил, иштерман адамдын үлгүсүн өзүнүн жасаган иш аракеттери эмгекчилдиги менен көрсөтүп жатат. Бөлөкбай ушундай эмгекчилдиги жана иштермандыгы менен эпосто устачылыктын пири жана кереметтүү уста катары сүрөттөлөт. Ал Манастын укмуштуу курал жарактарын – Айбалтасын, Сырнайзасын, Ач албарс кылычын жасайт. Бузулган Аккелтени, дүрбүнү, башка татаал курал жарактарды да оңдойт, доолбас, булдурсун сыяктуу күнүмдук жай турмушта урунган буюмдар да анын колунан чыгат. Бөлөкбайдын өз ишин мыкты билгендиги, зоот чебери экендиги, талыкпаган татаал эмгек менен баатырларга жасап берген курал жарактар эпосто жогорку көркөмдүктө сүрөттөлөт. Мисалы, Сырнайзаны «сары карагайдан кыйып, саратандын ысыгында алты ай бою кумга бөлөп жаткырып, чарайна менен чаптап, пил териси менен каптап, колдон тайып кетет деп кош тутам жерин төрт кырдуу кылып, колго жылуу болсун деп кой макмал менен тыштап, улатпай учун болоттон чыгарып, тийген жери ырбасын деп көз жаш менен сугарып, узундугун кырк кез кылат. Бөлөкбайдын мындай эмгекчилдиги Кытайлык манасчы Жусуп Мамайдын вариантында Бөлөкбайдын Манастын курал-жарагын жасашы өзүнчө чон эпизод болуп берилип, өтө кеңири баяндалат. Анда кендин иштетилишинен тартып, Манастын өзүнө гана ылайык курал-жарактын жасалып бүтүшүнө чейинки аткарылган иштер ырааттуу сүрөттөлөт. Бөлөкбайдын Манастын курал-жарагын жасашына Кошой, Бакай, Акбалта, Жамгырчы башында турган жалпы кыргыз журтчулугу жардамга келет. Бул курал-жарактардын жасалышы абдан зор

эмгекти талап кылган: анткени ар бир курал-жарактын өзүнүн жасоо шарты бар, алардын туура жасалышы жортуулга, салгылашка чыдай турган бышыктыгы чоң маселе болгон. Ал үчүн устада мол тажрыйба, кылдаттык, атайын билим болуууга тийиш. Эпосто макталып сүрөттөлгөн Манастын курал-жарактарын жасаган колунан көөрү төгүлгөн Бөлөкбай уста эпостогу орчундуу каармандардын бири. Эпостогу ар бир курал душмандын катыгын берип жоодо жеңсин деген жан дүйнөсүнөн чыккан тилек менен Бөлөкбайдын колунан чыккан:

Жердин бетин от кылам,
Очокту кызы көк кылам,
Темирди сүттөй агызам,
Арстандын жасап шайманын,
Айбан мүнөз душманга,
Өнөрүмдү таанытам

*[Жусуп Мамай «Манас» эпосу, Б-2014, 83-б].*

Кыргыздар эзелки замандарда эле темир иштетип, устачылык кылгандыгын эпос күбөлөйт. Темирди иштетип курал-жарак жасоо чоң эмгекти талап кылаарын Бөлөкбайдын иштөө тартибинен көрүнөт. Жусуп Мамайдын вариантында мындай курал-жарактын жасалыш тартиби башынан аягына чейин толук сүрөттөлүп берилген:

Таштар эрип кызыл кан,
Көк жашыл тартып көрүнөт,
Очоктогу кызарган,
Сүзүлүп өңү агарсын,
Көк жашыл тарткан жалындан,
Үстү каймак килтилдейт,

Алды кызыл жылтылдайт,
Орто жери ак сары,
Үч түрлөнүп калганда,
Болот чыгат бүт баары.
Андан алып иштетсек,
Сууга чылап таштасак,
Бет өзгөрүп кирдебейт,
Ийилет, сынбайт, морт кетип,
Чапсаң тайбайт таш кесип,
Бетине жукпайт кан калып,
Чопого кырк күн таштасак,
Өңүнөн азбайт дат басып.
Үч түрдүү сырын көрсөтүп
Отту койду өчүрүп,
Шамал тийсе болбойт деп,
Очоктун оозун көмдүрүп,
Кырк күндөн кийин ачтырып
Үч кабат болуп катыптыр

*[Жусуп Мамай. «Манас» эпосу, 84-б].*

Ушул отко шарты менен иштетилип жасалган темирден мылтык, найза, айбалта ж.б. Манастын курал-жарактарын жасоо үчүн Бөлөкбайдын күнү-түнү эмгектенгендиги эпосто сүрөттөлүп берилген:

Эң үстүңкү кабаты,
Кырым, урум көк жалдан,
Аралашып катыптыр.
Атар мылтык, ачалбарс,
Сайар найза, айбалта,
Мен ушундан бүтөймүн,
Ортосу көк жал шеги жок,

Туулга кылам баатырга,
Мындай темир деги жок.
Эң түбүндө калганы,
Коло, чойун, коргошун,
Салтанаттуу аккелте,
Сандолун кылып атарда,
Салар огу бул болсун

*[Жусуп Мамай. «Манас» эпосу, 84-б].*

Жат душмандын башына, арылгыс кайгы муң болсун деп ар бир куралды кылдаттык менен иштеп чыккан. Бөлөкбай темирдин түрүн иштетип чыккандан кийин курал-жарак жасоого Кошой, Бакай, Акбалта, Жамгырчы башында турган жалпы кыргыз журтчулугу жардамга келет. «Дүйнө бүткөн дүйшөмбү иш баштоочу күн болсун» деп бардыгы биргеликте «эртең менен азанда май кайнатып казанга» Манастын курал-жарактарын жасап башташат. Чаба турган кылычынын жасалышына Кошой, Бакай, Акбалта, Жамгырчы баш болгон канча адам тер агызып иштеген:

Бутунда тепкен тактайы,
Колунда бар танап жип,
Төрттөн киши дем албай,
Аракет кылат тер төгүп.
Абал мурун жасады,
Чаба турган кылычын.
Сегиз киши барсканчы,
Сегиз киши балкачы,
Барскан жанса балкалар,
Ширөө чыгып шырылдап,
Жалын учуп чырылдап,

Отто темир бороктоп,
Кайнап жатат быжылдап,
Балта менен барсканчы,
Тер чубуруп жымылдап,
Бел кырчоодон казган жер,
Көлчөк болуп чылпылдап.
Оргуштап жаткан булактын
Жанынан жерди ойдуруп,
Чылпылдата жылкынын,
Майы менен майлатып,
Күн тийгизбей далдалап,
Кылычты таштап койдурду.
Бир жума жатты көлчөктө,
Балыктын майын сыздырып,
Жыландын өтүн жыйдырып,
Алып келип кылычты,
Үстүнө жаба койдуруп,
Ыштуу сары курмушу,
Алып келип оротту.
Бир жума жатты күн көрбөй,
Устадан башка жан көрбөй,
Ороосун сыйрып ачтырып,
Эгеген кызыл алтындан,
Эби менен буу берип,
Күнгө койду астырып,
Сары алтындан чынжыр боо,
Алты кабат тактырып.
Жаба мыйаз, сарымсак,
Сыгып суусун алдырды,
Жумгактын куйуп сүтүнөн,
Араң бетин ысытып,
Ошол суугга малдырды

*[Жусуп Мамай. «Манас» эпосу, 84-б].*

Мисалда бир кылычтын жасалышы канча эмгек, канча убакыт, кандай акылмандуулук талап кылынары сүрөттөлөт. Өз ишин мыкты билген Бөлөкбай уста акы албастан, элдин батасын алууну гана каалаган:

Акы берсе уста албады,
Ак ниет уста ал дагы.
Пул берсе уста албады,
Санаасын башка бурбады,
Батаңды бергин мага – деп,
Ал Бакайга жалбарды

*[Жусуп Мамай «Манас» эпосу, 93-б].*

Бөлөкбай устанын образы – өз ишине чын дилинен берилген эмгекчилдиктин, иштермандыктын үлгүсү: «эмгекчилдик жалкоолукту четтетүү менен эле чектелбестен, адамдардагы башка жетишкендиктерди калыптандырууга да түрткү берет» [Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов» Б, 1998, 199-б]. Ошондой эле Бөлөкбай устанын ишмердиги аркылуу көчмөн калктын устачылыктагы байыркы мектеби көрсөтүлгөн. Ишибизде мисалга алган Манастын эгин эгип, тулпарга ээ болуусу, Бөлөкбайдын жоо жарак жасоо устачылыгы эр жигит үй-бүлөсүн гана бакпастан, жалпы элдин түйшүгүн мойнуна алат деген идеяны далилдейт. Эгерде Ж. Баласагындын «Куттуу билим» дастанында эмгекчилдик тек сөз менен саналып айтылган:

Эр кишини эки сапат багыттайт,
Чындык сөзү, ак эмгеги багыттайт.

Сен өзүңө курам десең жыргал күн,
Сөздү коюп, эмгектенгин күнү-түн.

Баары өтөт, түбөлүктүү жакшы атак,
Жакшы адамдын ишин айтып мактошат.

Сен да өтөсүң, калтыр жакшы атыңды,
Атың калса, сактаганың даңкыңды
Жакшылыктын жолу татаал, тайгалак,
Дилгир жетет, а жалкоолор кур калат, – деген *[Ж. Баласагын. «Куттуу билим», 48; 44-45; 95-бб.]* дидактикалык насааттардан, макалдардан гана турса, кыргыздын «Манас» эпосунда эмгекчилдик аркылуу калкына кызмат өтөө, ар бир устанын, малчынын, дыйкандын кызматы менен жалпы коом жыргал жашоону кура алат деген идеялык багыт, таңуулоо максатын көздөгөн курулай сөз менен эмес, ар бир кейипкердин мээнети иштин процессин сүрөттөө аркылуу, ар биринин жеке жөндөмү даңазаланып, бүтүргөн иши, колунан чыккан буюмдун сапаты баяндалат.

Эпосто Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк баштаган кыргыздын уз айымдарынын эмгеги дагы ырдалат. Мындай көрүнүш көбүнчө Манас баатыр баш болгон баатырлар, чоролор жортуулга аттанып жаткан эпизоддордо көп кездешет. Жоо кийимдин бардыгын күнү тынбастан, түнү уктабастан уз чебер сарамжалдуу, тыкан, бүйрө айымдар алдын ала даярдап чыккан. «Көкөтөйдүн ашы» эпизодундагы кандагай шымга байланыштуу эпизод Каныкейдин аялдык мыкты сапаттарынын дагы бир кырын ачып бере алган эң бир жаркын эпизоддордун бири. Бул учур манасчылар тарабынан дагы зор канааттануу менен ырааттуу айтылат:

Андан бери карата
Аңкарып адам караса

Таамай алты жыл болду,
Жаанга бул сөз чын болду.
Баштаганы бу шымды
Батпай турган куу шымды
Жаңы аракет кылганга
Так он эки жыл болду

Бул шымды жасаш үчүн тоо текенин терисине залал келтирбей атып келиш үчүн алтымыш мергенди жөнөтөт, терини күнгө кургатпай ак сандыкка салып, эринбей ашаткысын жасап, жез челекке салып, боёкчусун алдырып жасоо ар бир эле аялдын колунан келе бербейт:

Анжыяндык ар жагы
Айым Мүнсөк бер жагы
Даңдуң баштын тоо теке,
Аң уулап адам көрбөгөн
Сырты кара зоо теке
Абыкени баш кылып
Алтымыш мерген аткарып
Териге залал кылдырбай
Бир-бир көзгө аттырып
Күндүн жүзүн чалдырбай
Кургатканын кундуйтуп
Ак сандыкка каттырып
Ашаткысын эринбей
Аярлык менен Каныкей
Жез челекке жаткырып
Алма кабык алдырып
Алты ай малма салдырып
Анжыяндын Шагыл сарт
Боекчусун алдырып

Катын бычып, кыз тигип,
Оймоктуудан уз тигип,
Өңкөй уздар иштеген,
Кайып бектин Арууке,
Токсон кызга баш болуп
Тогуз күнү тиштеген.
Тиштегени билинбей,
Кайсы түрдүү иш кылып
Иштегени билинбей.

Ал шымдын тигилиши да бир сырдуу, анда тигүүчүлүктүн түрдүү өнөрүн колдонгон: найза тийсе тешип кетпесин деп анын ичине болот эгип иштетип, жетимиш балбанга ийлетет. Мындай жоо кийим бир гана Каныкейге окшогон мээнеткеч акылдуу айымдардын нускоосу менен жаралат.

Карап көрсөң өлчөөсүн
Кайыгы көзгө илинбей,
Жымырата тиктирген,
Жылан боор бүктүргөн.
Кош кобулдан тиштеген,
Ичине буулум ичтеген.
Найза тийсе тешер – деп
Бышыктабай койгондо
Мында да ишим бекер – деп,
Болот эгеп ширеткен,
Жетимиш балбан бөкөгө
Жеке шу шым каранды
Алым салып ийлеткен.
Боегун каныш бийлеткен,
Сынамакка бу шымды

Сыр бараң атсам ок өтпөйт,
Так үстүнө карандын
Табылгы жаксам чок өтпөйт,
Бүктөөсүн адам таппаган,
Уздар көрүп мактаган

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-том, 136-137-бб].*

Манаска арнап Каныкей тиккен шымды Көкөтөйдүн ашында Кошой кийди. Каныкей бул шымды тикмек болгондо Даңдун-Баштын текелеринин терисин калың деп угуп, Абыкени баш кылып, алтымыш мерген аткарып, териге залал кылдырбай, бир-бир көзгө аттырып, терилерин алдырып келип, күндүн жүзүн чалдырбай кургатканын кундуйтуп, ак сандыкка каттырып, ашаткасын эринбей аярлык менен Каныкей жез челекке жаткырып, алма кадыкка алты ай малмага салдырып, он кемпирге оңдотуп, ышкын түп менен боетуп, алтымыш балбанга алмак-салмак ийлетип, катын бычып, кыз тигип, оймоктуудан уз тигип, өңкөй уздар иштеген. Кайып кызы Арууке токсон кызга баш болуп тогуз күнү тиштеген. Тиштегени билинбей, кыйыгы көзгө көрүнбөй, жымырата тиктирген, жылан боору бүктөлгөн. Кундактай белин ийип, тизеси жерге тийип Кошойго жүгүнүп, ызаат көрсөтүп, Каныкей ал жерге басып келди, Алакан жазып батасын берди: «Эркек балалуу бол, аты Семетей болсун! Кошойго кошулуп ал жерде турган эл, капыр менен мусулман чуркурап, бүт бата кылды» *[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 3-китеп Ф.-1981, 204-214-бб].*

Желке чачы жүн экен,
Өзүңдүн көзүң өткөндө
Эмгекке тууган күң экен!

деп акылдуу, эмгекчил, колунан көөрү төгүлгөн ууз адамга жолуккандыгына кубанып ак батасын берет *[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8–9-том, 140-б].*

Манас баштаган кол «Чоң казатка» аттанарда Каныкейге барып жолугушат. Каныкей сыртка чыгып отуз-кырк балбанга бир чоң куржун көтөртүп келип, ортого коюп Алмамбетке кайрылды: «Аяшым, тыңда! Мына бул куржундун ичинде узак сапарда жүргөн адамга эмне керек болсо ошонун баары бар! Бээжин ысык жер деп угуп, аптап урса баатырлардын ал-кубаты кетер деп, уяң койдун жүнүн тогуз жүз кемпирге тыттырып, келиндерге кыя тиктирип, тогуз ай кылдарды, уздан узга сындатып, сайса найза тешкисиз, чапса кылыч кескисиз, кырк чорого кырк калпак кылып койгом. Ичин суусар ичтетип, тышын буулум тыштатып, үч талаа кылып бычтырып, жаактыгын түшүрүп, туулганын сыртына тумчуланып кийсин деп кырк чорого кырк тумак кылып койгом, мунуң бар.

Кедик койдун тармал жүн,
Таза жерге жыктырып,
Тасмалдатып кырктырып,
Тогуз жүз кемпир чогултуп,
Тырмакка салып тыттырып,
Келинге кесе бастырып,
Кызга кыя тиктирип,
Тогуз ай башта кылдатып,
Уздан узга сындатып,
Сайса найза тешкисиз
Чапса кылыч кескисиз,
Баары алтындан чоктолуу,
Баалары калпактын

Каймал төөгө токтолуу.
Кырк чорого кырк калпак,
Ысыктуу күндө кийип бак.
Ичин суусар ичтетип
Тышын буулум тыштатып,
Үч талаа кылып бычтырып,
Жаактыгын түшүрүп,
Туулганын сыртынан
Тумчуланып кийсин деп,
Алкымына бүчүсүн
Айкаштыра түйсүн деп
Басырык уруш салышса
Башынан түшпөй жүрсүн деп,
Кырк чорого кырк тумак,
Кызматым билсең а турмак,
Баары да баргек чоктолуу,
Баалары карандын
Каймал төөгө токтолуу.
Ак кийимден кирдесе,
Көңүлү чөгөт болор деп,
Көп сөкөт бизге коер деп,
Эр башына кылганым
Он эки көйнөк, он дамбал,
Бээжинге салсаң чоң жаңжал,
Бейыйман өлсөң бурак жок,
Суп кийгенге сурак жок,
Ак чүчтө көйнөк, суп дамбал,
Казатка кийсең куп дамбал,
Ондон кылып жүргөмүн.
Токтоп туруп кебимди ук
Кыркыңа кылдым кырк чопкут.

Кытайга барсаң сапарга
Кызматым ушу айтарга,
Кырк баатырга кырк чалбар
Кылып койгон ишим бар,
Кызматка койгон кишим бар.
Кытайга салсаң чырың бар,
Кылайтып айтсам сырым бар,
Кырк чорого ылайык
Кыйбат баа шымым бар

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-том, 262-263-264-265-266-бб, Каныкей].*

Кыргыздардын атагы алыска кеткен кан Каракандын көзү өткөндө Кытайлардын Молто, Алооке аттуу кандары көп кол менен келип, кыргыздарды чаап алат, алардын чогуу туруусу кооптуу деп туш-тушка бөлүп жиберет:

Олжо кылып оңбогур
Беш көкүлдүү кыз алды.
Талдын баарын сулатты.
Тамдын баарын кулатты.
Такыр чаап алды эми
Акыр-такыр заманды
Журт башына салды эми

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 1-китеп 27-б].*

Бул чабуул кыргыздардын башына түшкөн эң оор, эң кыйын мезгил болгон. Калың эл чабылып, чачылып тарыхта жок болуу коркунучунун астында турган.

Бирөөнү айда Каңгайга,
Бирөөнү айда кара калмак Алтайга

Кыргыз эли айдалып, сүрүлүп, ушундай бир кыйын кырдаалда турганда жеке керт башты ала качуу, калкалоо эрдикке жатмак эмес. Бөтөн жерде, бөтөн элде жүргөндө эптеп өз жанын сактап тиричилик көрүү үчүн аракет жасоо керек эле.

Кечүүгө тиккен бак да жок,
Керсейип жатаар чак да жок.
Сегиз-тогуз жыл болсун,
Жан аябай турушуп,
Аябай жанды багалык

– деп өз алдынча өнүгүүнүн жолун издешет *[Каралаев С. «Манас» эпосу, 1-китеп. 37-б].* Айдалып барган кыргыздар калмактардын малын карап, эптеп жан багып турат. Бир күнү Акбалта кырк үйлүү кыргызды топтоп, акыл-кеңеш салат. Жер айдап эгин эгели, алтындын кени бар экен, аны казалы, чалкалап жатаар кез эмес, эмгек кылалы дейт. Анын айтканын баары эп көрүшөт. Бир жактан жер айдашып, буудай эгишет, бир жактан алтын кенин казышат. Казып алган алтындарын калмактарга малга айырбаштап, эсепсиз байышат. Бышкан эгинди сатып, кең-кесири жашап калышат. «Байлыктын карама-каршы түшүнүгү жакырчылык башкача айтканда, байлык – жакшылык, жакырчылык – жамандык категориясына кирет. «Малдуу киши хан болот», «Адамдын күчү мал болот» деген саптар бул ойду ырастап тургандай. Бирок, ал байлык башка адамдардын жакшылыгы үчүн колдонгондо гана оң көрүнүшкө айланат» [Кудабаева, Г. Б. «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттары [Текст]/ Г. Б. Кудабаева. – Б., 2003]. Каракандын Жакыбы сан кара күтүп бай болуп, төрт түлүгү шай болуп аты Алайга жетет. Өнүгүүнүн жолу бир гана эмгек экендиги эпосто Акбалтанын сөзү менен таамай берилет:

Кырсыкты чечсе жараткан,
Дардайышып жатасың,
Алып койгон эмгектин,
Табагын тайга сатасың.
Эмгек кыл, балдар эмгек кыл
Акыңды эмгек кайтарат.
Арыганың семирет,
Ачкан курсак тоюнат

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 1-китеп. 15-б].*

Азып-тозур Алтайга оогон кыргыз журту аштык айдап эмгек кылып, капанын көбү жоюлуп, кара курсак тоюнуп, башка түшкөн оор кырдаал бир гана эмгек аркылуу чечилет:

Азып келдик алыстан,
Ушу турган калың журт
Бир ырысы бар экен
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Акбалта тилин алалы,
Агызып терди маңдайдан
Аштыкты кенен салалы...
Кара жерди биз быйыл,
Кетмендеп жатып оёлу.
Эми мээнет кайтты деп,
Малга тунуп калышып.
Санаасы менен болуптур,
Сандыгынын баарысы
Сары алтынга толуптур

*[Бириктирилген вариант, 1-китеп 11; 15-бб.].*

Эмгек кимдин ким экендигин көрсөткөн күзгү. Кишинин ар намысы эмгегинин натыйжасында көрүнөт.

Акбалтанын демилгеси аркылуу кыргыздар кара курсактын камын гана жасабастан, өз мекенине жетүүнүн аракеттерин кыла башташат. Эмгек коомдук максатка айланып, элдин ынтымагы, ырашкерлиги артат.

Эпостогу дагы бир белгилүү эпизод – Манастын катыгып чоңоюшу. Эмгек кылганга, өз алдынча иш аткарууга, мал багууга үйрөнсүн, сөөгү катыксын деп Жакып баласын койчусу Ошпурга берет:

Бай Жакып
Байбичеге сүйлөндү
Аңдасам балам, акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Тилазар деймин, динге кас,
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга
... малай берели
Эркелетип олтурбай
Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 1-китеп, 91-б].*

Жакырчылыктан чыгуунун, жыргал, жетиштүү жашоодо жашоонун бирден бир булагы – адамды эмгекке тарбиялоонун бир жолу. Байлыктын баалуулугу мал менен эле чектелбестен, мал багуу үчүн чоң эмгек керек экендигин көрсөтүп, Жакып баласын эмгекти баалоого, эл эмгегин баалоого үйрөткүсү келет: бала кыйынчылыктарды, тоскоолдуктарды өз алдынча жеңип, өз башынан өткөрүп такшалбаса, ал турмушту жакшы түшүнбөйт.

Жакшы жашап жан багуу эмгектин түйшүгүн тартуу, баштаган ишин аягына чыгарган жоопкерчилик, эмгектин өтөөсүнө чыга ала турган өжөрлүк жакшы сапаттарды калыптандырып, жаш баланын жашоого болгон көз карашын оң жагына өзгөрөт. Бирөөнүн тапканын жеп ичип жата берсе, же ата-энесинин колун карап отура берсе, коомго аралаша албай өз алдынча эмгектенип иш кыла албай калат жана инсандык өз алдынчалыгы жоголот.

Жаныңдын болсун аманы,
Бар душмандын жаманы
Эң кыйыны эринчээк
Эрине берсең ар ишке
Калдың өзүң жалгыз тек

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-том, 22-б]*

Аракет кылып эмгектенсе, ак эмгеги кайтып элге таанылып коомдон өз ордун табат:

Мурункулар айткан кеп:

Бир адамдын ырыскы
Бирөөгө ырыс болбойт деп,
Баштагылар айткан кеп:
Башка адамдын дүйнөсү
Башкага дүйнө болбойт деп

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-том, 29-б].*

Мээнетти тарттым жашымда,
Бербердигер кудурет
Берди дөөлөт башыма.
Отун болбой от болбос,
Мылтык болбой ок болбос,

Бел байлабай мээнетке
Бендеге дөөлөт токтолбос

*[Орозбаков С. «Манас» эпосу, 8-9-т, 85-б].*

Эпосто эмгек темасындагы эпизоддор өтө жыш кездешет. Жогоруда мисалга алгандай устачылыктын мектебин Бөлөкбай жана анын жардамчылары, узчулуктун мектебин Каныкей жана анын нөкөрлөрү көрсөтөт.

Иштин бул бөлүмчөсүндө дидактикалык маани-маңыздын башкы темасынын бири болгон эмгек темасынын эпосто чагылышы талдоого алынды. Эмгекчилдиктин үлгүсү катары Каныкейдин Манас баатырга жана анын чоролоруна жасаган кийим-кечектеринен жана жортуулга чыгаарда камдап койгон азыктарынан талыкпаган эмгекти тастыктап, эмгекчилдиктин башаты үчилтикте жаткандыгын жогорудагы бөлүмдө келтирилген мисалдардын негизинде талдоого алып анализ жүргүзүлдү. Ошондой эле эмгекчилдиктин бүгүнкү жаш муунга тийгизген таасири көрсөтүлдү. Каныкейдин мындай эмгекчилдиги аркылуу кыргыз аялдарынын ишмердиги да талдоого алынып, кийинки жаш муунга тийгизген тарбиялык мааниси ачып көрсөтүлдү. Каныкей кыргыз аялдарын эмгекчилдикке тарбиялоонун үлгүсүн көрсөтүп муундан муунга калтырып жатса Бөлөкбай уста Манаска жана анын чоролоруна жасаган курал-жарактарынын негизинде эр жигиттерди эмгекчилдикке тарбиялоонун үлгүсүн көрсөтүп жаткандыгын Сагымбай, Саякбай жана Жусуп Мамайдын варианттарын салыштыруу аркылуу талдоого алынды.

## 2.3 Үй-бүлө темасындагы дидактикалык мотивдер «Манас» үчилтигинде

«Үй-бүлө кичинекей мамлекет, анын мүчөлөрү (ата-эне, чоң эне, чоң ата, эже-синди, ага-ини) жана башкалардын бири-бирине болгон мамилеси, коомдогу алган орду, иштеген иши, билими, маданияты башкача айтканда бардык сапаттары бала үчүн үлгү болуш керек» [Конгайтиева З. Үй-бүлө тарбиянын башаты. (Элдик педагогика) Методикалык курал. Б-2005, 3-б]. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү уул-кыз, небере-чөбөрө – ата-эне, ага-эженин кылган иши, жүргөн-турганы, өз ара мамилеси, сүйлөгөн сөздөрү аркылуу тарбияланган. Курулай үгүт-насаат айта берүү кыргыз менталитетине анча мүнөздүү эмес. Кылымдарды тепчиген көчмөн турмуштун катаал шарты, далай муундардын тагдырына туш келген жоокерчилик кырдаал-шарт улут генетикасына чыдамкайлыкты, сабырдуулукту, жоктон барды жараткан тапкычтыкты калыптандырган. Көчмөн жоокер урууда туулган баланы турмуштун өзү тарбиялаган. Ага «андай бол, мындай бол», «ал жаман, бул жакшы» өңдүү курулай акылга муктаждык болгон эмес: жаман-жакшыны жаш муундарды коомчулуктун башына келген түйшүктүн өзү такшалткан.

Ушул стилдеги тарбиянын элементтери элдик оозеки чыгармаларыбызда да өтө жыш кездешет. Кыргыздын энциклопедиясы болгон «Манас» үчилтигинде дидактикалык мотивдер ар бир каармандын жасаган иш аракеттеринен даана көрүнүп турат. Мисалы, баш каармандар болгон Манас менен Каныкейдин бири-бирине жасаган мамилеси жана аларга тарбия берген Чыйырды, Кошой, Бакай, Акбалталардын жасаган иш аракеттери, Жакып

менен Чыйырдынын Манасты жашоо турмуштун кыйынчылыгын көрсүн, денеси катыксын, өз алдынча эмгек кылып үйрөнсүн деп Ошпурга бериши, Манас өлгөндө Каныкейдин Семетейди тарбиялашы, Манас өлгөндө Чыйырдыны өз энесиндей жонуна көтөрүп алып Каныкейдин Букарга жөө жол тартышы, Айчүрөктүн Сейтекти тарбиялашы, ошондой эле Манастын аялдары Каныкей менен Акылайдын жолдошторуна жасаган мамилелери үй-бүлөнүн бузулбай сакталышына түздөн-түз таасир тийгизет. Эпосто Манас 12 жашка чыгып эр жетип калганда Чыйырды менен Жакып балабыз мал багып, өз алдынча иш кылып көнсүн, денеси катыксын, мал багуунун түйшүгүн тартсын, жашоо турмуштун ачуу-таттуусун тартып кыйынчылыкты жеңе билсин, тентектиги тыйылсын деп Ошпурга беришет:

Айланайын Ошпур бай,
Сен, өзөндө жаткан дөө элең,
Бай Жакыптын көп коюна ээ элең.
Бизде дүнүйө далай, бала жок,
Өлгөндө көргөн бул бала
Тентегин тыяр чара жок.
Торко тон кылдым кийгизгин,
Жылкы ичинде Торучаар
Тулпарды кармап мингизгин,
Төбөсүнө калмактын ташын тага көр
Аманат койдум колуңа
Дагы бир төрт жыл бага көр!

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 88-б].*

Ушундай насаат Ж. Баласагындын «Куттуу билим» поэмасында төмөндөгүдөй саптар аркылуу айтылат:

Ата жолун көрсө бала тегинде,
Көнүп кетет ооргo да жеңилге.

*[Жусуп Баласагын. Куттуу билим. 116-117-бб]*

Кыргызда улуу адамдар даам сыза электе эч качан алардан биринчи дасторкондогу тамакка кол салуу болгон эмес. Андыктан Жакып Букардан келген өз небереси Семетейге уу салынган аякты берсе:

Сизден мурун мен ичсем,
Такыр болуп кетемин.
Жүзүн көрбөй Кудайдын
Атаке капыр болуп кетемин.
Атадан мурун аш ичкен,
Абийирдин баарын кошо ичкен,
Ошенткен бала болобу
Ошону бала деген оңобу

– деп, биринчи ооз тийгенден баш тартып, кайра Жакыпка сунат *[Каралаев С. «Семетей», 1-китеп, 247-б].* Ушул эле эрежени Акдилмиш Өткүрмүшкө конокко баруунун жол жобосун айтып жатып эскертет:

Улуу болсо өзүңдөн эзелки адат,
Ашка колду кичүүлөр кийин салат.

*[Жусуп Баласагын «Куттуу билим», Б., 2015, 352-б].*

Көрүнүп тургандай, каарман элдик салттарга таянып, аны өз жашоо-турмушунда колдонуп жатат. Үй-бүлөнүн ынтымагы, бакубатчылыгы түздөн-түз аялга байланыштуу: конок күтүү, узатуу, тууган-туушкандар менен жылуу мамиледе болуу, жарынын айтканын эки кылбай, керек учурда кеңеш айтуу, өзү билемдик менен үй-бүлө-

лүк маселени чечпөө, балдарга тарбия берүү, үй-бүлөдөгү ынтымакты сактоо, сабырдуу болуу – жакшы аялдын милдети, ушундай аялдар гана үй-бүлөнүн уюткусу боло алган. Эл башкарган эрлерге кеңеш берсе берген, бирок бийликти толугу менен өзүнө алып алган эмес. Күйөөсүнүн чечимдерине, жүргүзүп жаткан саясатынын адилеттүүлүгүнө, тууралыгына көз салып турган. Кокус кан жаңылса, же кимдир бирөөнүн тилине кирип туура эмес нерсе жасаса, өз пикирин айтып жолго салып турган. Эркекти сыйлаган, барктаган, кемтигин толтуруп, демине-дем, күчүнө-күч кошуп, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп жолдошуна дайым кам көрүп, кыйынчылыктарды бирге жеңип келишкен. Мындай сапаттардын бардыгы Манастын жары Каныкейде бар. Каныкейдей акылдуу аял гана жакшы сөзү, жакшы мамилеси менен душманды азайтып, тууганыңды көбөйтөт. Отко салса күл болбойт дегенди кандай кыйынчылык, азапка туш келсе да чөкпөйт, мүңкүрөбөйт, жүдөп жок болуп кетпейт, кайра курчуп чыйралат деп түшүнөбүз. Ал эми Каныкейде болгон сапаттар Акылайда жок. Каныкей менен Акылайдын Манаска жасаган мамилесин, жүргөн-турган иш-аракетин, мүнөзүн салыштыруу да аялзатына тиешелүү сапаттардын маңызы ачылат:

Алып турган зайыбың,
Шооруктун кызы Акылай
Шоодураган капырай.
Айтса тилди албаган
Дардештиги бар экен.
Орой кыял, суук сөз,
Обу жок жаман жан экен.
Эрге кароо, эң долу!

Чабылып кеткен долунун
Чатагы мынча бар экен

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 512-б].*

Акылайдын тарбиясыз орой, долу, дардештигин айтуу аркылуу ыймансыз, тарбиясыз аялзатынын сапаттары саналып, Манаска татыксыз аял катары сүрөттөлөт:

Баатыр, керилет экен катының,
Кесиреттүү капырың
Акылай менен сен жүрсөң,
Бир кийим түшпөс жонуңдан.
Суук сөзүн тийгизсе,
Кыраандар кетер колуңдан!
Эрге жакын оозу шок
Эч акыл таап бере албайт,
Акылайдай балаа жок!
Акылай менен жүрсөңүз,
Эзели ишиң жөнөбөйт,
Эгерим бала төрөбөйт.
Конокко келбес кишиңиз,
Келгениң кетип талаалап,
Бузулуп кетер ишиңиз

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 512-б].*

Ушуларды эске алган Бакай кан Манаска Каныкей тууралуу айтып, Букардын каны Темирканга жуучулукка баралы дейт. Манас Бакайдын акылына көнөт:

Акылай менен жүрсөңүз,
Ордоңуздан качат го
Дарс окуган молдоңуз,
Колуңдан качат жороңуз.

Манас кандын Акылай,
Үтүрөң тентек экен деп,
Тилдеп коер бекен деп,
Үйүңдөн качат кишиңиз.
Оңолбойт бир да ишиңиз.
Каада билбес катының
Кайдан келген капырың.
Кырк жерден келген кырк чоро
Кызык кымбат сөз айтса,
Оройлугун билгизет.
Кырк кырааңды Акылай
Кимисин үйгө киргизет.
Акылайдын барында
Кырк чоро кетер талаага.
Бул Акылай катының
Оолукма жинди капырың
Үзүлгөнүң улабайт,
Чачылганың жыйнабайт,
Жыртылып кеткен чоронун,
Чопкутун оңдоп жамайбы...

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 527-б].*

деп Манаска дайым аталык насаатын айтып келген Бакай кан Акылайдын жасаган иш-аракеттерин көрүп Манаска татыктуу жубай болуп бере албайт деп, Каныкейди сунуштайт. Анткени Манастай эл баштаган баатырга Каныкейдей аял гана татыктуу деп эсептейт:

Ал Каныкей капыры,
Адамдан бөлөк акылы,
Сайып жүрүп бак кылар,
Салып жүрүп там кылар,
Санжыргалуу башыңды
Жер жүзүнө кан кылар.

Түрс аяк жаман атыңды
Багып тулпар ат кылар.
Кызматыңды бат кылар.
Кандыгың журтка дүң болот
Жалгыз башың миң болот!
Арышын керет ааламга
Аккуладай бууданың
Айыл конот чуркурап
Адашкан башка тууганың!

*[Каралаев С. «Манас» эпосу, 528-б].*

Каныкейди алсаң «санжыргалуу башыңды, жер жүзүнө кан кылат, кандыгың журтка дүң болот, жалгыз башың миң болот!» деп айтылат эпосто.

Манас өлгөнүнө кырк күн боло электе «ага өлгөндө иниге, жеңе керек болучу» деп Абыке менен Көбөш кыргын салып Каныкей менен Акылайды алмакчы болушат. Каныкей менен Акылайдын Манаска жасаган мамилесин көрүүгө болот. Анткени Акылайга Көбөш:

Менин айткан сөзүмө
Көнөсүңбү Акылай?
Көбөш саа кеп айтат,
Тиесиңби Акылай?
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Макул, болот, макул деп, –
Макул жакшы болот деп, –
Картайып калган чагыңда
Арага гана келдиң баатыр деп,
Ал уулга тийбес катындын
Жети атасы капыр, – деп

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 27-б].*

Манастын көзү өткөнүнө кырк күн боло электе Көбөшкө макулдугун берип койгондугу анын Манасты сыйлабагандыгын, урматтабагандыгын Манастай баатырга ылайыксыз, татыксыз экендигин далилдейт.

Акылайдан айырмаланып Каныкейдин ыймандуу, акылдуу, тарбиялуу, Манаска татыктуу, аны сыйлаган, урматтаган аялзаты болгон:

Бадышамдын өлгөнү кырк күн боло элек,
Кумпайдан тууган бадышам,
Каргадан тууган иттерге
Төшөгүн кантип бастырам,
Төшүмдү эле кантип ачтырам? !
Каздан тууган бадышам,
Каргадан тууган иттерге
Төшөгүм эле кантип бастырам,
Койнумду эле кантип ачтырам?!
Бу көрөкчө өлөмүн,
Минтип тирүү жүргүчө
Туубай туна чөгөйүн!

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 28-б].*

Каныкей менен Акылайдын жасаган иш аракеттеринен сырткары да таалим-тарбия ала турган элдик көз караштар жана түшүнүктөр орун алган. Кыргыз элинде «Бир күн туз таткан жериңе миң күн салам айт» деген макал бар. Бул макал аркылуу ата-бабаларыбыз келечек муунга көргөн жакшылыгыңды эч качан унутпай, дайым аларга да жакшылык менен жооп бергин деген маанини туюндуруп жатат. Бирөөнүн жакшылыгына жамандык менен жооп берген адамдарды «тузум урсун» деп каргаган. Мындай көрүнүштү Эпостогу Ырамандын ырчы уулу Манас өлүп, ордосун талап алганда да:

Мына ушинтип турган айкөлдүн
Зайыбына кантип тиебиз?
Кыямат кеткен жан достун
Тузуна кантип сиебиз?

деп, Семетей Букардан өз жерине келгенде Көбөшкө кошулуп кол салмакчы болгондо да:

Тузу оор Манастын
Тузуна кантип сиебиз
Манастын туйгун уулуна
Не бет менен тиебиз? – дейт.

Ошпур Жакыптын алдына Манас балаӊ тентектик кылып, малыӊдын баарын кырды, ашкан тентек болду деп айтканда Чыйырдынын көзүнөн бөлөк-бөлөк жаш кетип Жакыпка минтип айтат:

Аман болсо Манасыӊ
Кеӊ-Кол Талас жер табат.
«Атамдан калган мурас» – деп,
Аргын кыргыз эл табат.
Аман болсо Манасыӊ
Күйүттүү кабак ачылат,
Күйүккөн жүрөк басылат.
Упасы жок куу малга:
«Уулум тентек чыкты» деп,
Убара болуп кейибе,
Жалгызыӊ Манас куттуку,
Кыйналып баккан бу малыӊ
Кыйкырса шамал жуттуку.
Быйыл уулуӊ буюрса
Казатка кирер убагы.

Быйыл кезде Манасың,
Он экиге толгон кез,
Ушул быйыл чунагың
Он эки жашар болгон кез.
«Уулум тентек чыкты» – деп,
Кайгырбагын малыңа
Кайгырбагын малыңа,
Кайрат бергин балаңа.
Малың арбын, балаң жок
Он экиге келиптир
Сен Манасты тыяр чамаң жок

– деп Чыйырды Жакыпка малым кырылды деп кайгырба, балаң Манас аман-эсен чоңойсо, сенин үзүлгөнүң уланат, чачылганың жыйналат, ал эми малың күнүмдүк нерсе бирде бар, бирде жок дейт [Каралаев С. «Манас» эпосу, 96-б].

Ар бир эне баласынын эч кимге кор болбой эркин чоңоюшун каалап, бала үчүн көп азап тартып келишкен. Мына ушундай белгини биз Манас баатыр өлгөндө Каныкей Семетейди эч кимге кор кылбай, татыктуу тарбия беришинен байкасак болот.

Энеке, казгалдак деген кайран куш
Кайрылбай учат талаа деп –
Канчаны көрөт экенбиз,
Энеке карындан чыккан бала деп...
Кулаалы деген курган куш
Куюлуп учат талаа деп,
Курчашкан тууган жогунан
Куруп барам кудай ай,
Курсактан чыккан бала деп
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Сексенге чыккан Чыйырды,
Моло таштай жетимди
Боорго кысып чыркырап,
Болкулдап ыйлап, тоо көздөп,
Энекең басып бир жүрдү буркурап.
Дүпө бир дүпө жөтөлүп,
Манастан калган жетимин
Түйшүктү тартып Чыйырды,
Моюнга салып көтөрүп.
Таманын ташка тапталтып,
Чекесин күнгө какталтып,
Багалчак этти жоорутуп,
Энекең балтыр бир этти оорутуп,
Энеңдин жатаарына кабак жок,
Энеңдин ичерине тамак жок,
Кепич кийбей байпакчан,
Кейийт экен чунак жан,
Өтүк кийбей байпакчан,
Беренден туулган бала – деп,
Энекең бет алып жайга жаталбай

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 37-49-бб.].*

Семетейди мойнуна көтөрүп алып ысык күнгө какталып, багалчак этин жоорутуп, балтыр этин оорутуп, тамак ичпей, өтүгү жок байпакчан далай жерди басып өтүп бала үчүн канчалаган азап-тозокту көрдү. Бала үчүн бир гана эне ушундай кыйынчылыкты баштан кечирет, түйшөлөт.

Чыйырдынын небересин аман асырап калуу үчүн жасаган аракети анын кор болбошуна кам көрөт. Анткени, «дүйнөнүн башаты эне эмеспи. Төбөбүздөгү теңирден, көктөгү нур жаадырган күндөн, жер энебизден кийин-

ки эле жан жараткан экинчи кудайыбыз ушул эне го. «Ыңаалап» жерге түшкөндөн кийин бооруна алып, эмчегин эмизип, ак сүтүн берип торолтконучу, түн уйкусун үч бөлүп, үстүңдө көпөлөктөй айланып, кара жанын карч уруп, асырап багып тургузганычы. Андан кийин уул-кызга өмүр бою эненин жаны курман. «Балдарым» деп откосууга түшүүгө, алар үчүн садага чабылууга даяр турган чыныгы күйөрүң, азабыңа түтөр жан ушул эне го» [С. Байгазиев. Педагогикалык руханият. Б., 2008, 6-б]. Эне өмүрү өткөнчө баласынын адам болушу үчүн бар күчүн жумшап алпурушат. Муну биз Чыйырдынын Семетейди аман асырап калуу үчүн кан жанын аябай жасаган иш-аракетинен көрөбүз. Чыйырдынын небереси үчүн жасаган иш-аракети жаш энелер үчүн сабак болуп, ар бир бала эне баркын билип, эмгегин актап, эл алдындагы парзын, жоопкерчилигин сезип, татыктуу адам болууга умтулууга үндөйт.

Манас өлгөн соң Каныкей Абыке, Көбөштүн кысымынан улам, айкөлдүн «Эри өлгөндө катынга төркүнү жакын болот» деген акылына таянып Каныкей кайын энеси Чыйырдыны ээрчитип Букарга качып жөнөйт. Ошондо Бакайдын баланы асыроо, сактоо маанисинде айткан насаатын мисалга алсак:

Ой, Каныкей кулунум
Темиркан жетип коноорсуң
Атаңа гана айыл болоорсуң.
Аркаңа чачың өрө көр,
Астыңдагы алдейлеп турган чунакты
Бир тууганың Ысмайылга бере көр!
Каныкей балам, оолакка салгын боюңду
Сен бөлөк эле кылгын оюңду.
Балаң эрбейип атка мингиче,

Ок өтпөс эле тонун кийгизбе,
Оо дүйнө кеткен Манастын
Кулунум Ата экенин билгизбе!
Жашы он экиге келгенде
Жибергин гана кыргыз Таласка,
Курдашым гана султан Манаска,
Куран окут Каныкей!

*[Каралаев С. «Семетей», 332-б, 2-китеп].*

Манас өтүп кеткен соң Каныкей кан жутуп эмне кылаарын билбей турганда, Чыйырды Каныкейге: белиңди бек байла, кан өлгөндө катынга төркүнү жакын болуучу, Каракан көздөй качалы дейт:

Ой, Каныкей кулунум,
Бадыра темир курч эмес,
Башка өскөн иттер журт эмес.
Курама темир курч эмес,
Жердигинде кул өскөн иттер журт эмес,
Бу Талас бизге жер эмес.
Телик куш бизге куш болбойт,
Тентиген иттер журт болбойт,
Кулаалы бактык, куш болбойт,
Кул өскөн иттер журт болбойт.
Белиңди байлап, кайрат кыл,
Береним балам өөдө тур!
Ушу турган Семетей
Туйгунуң Манастан калган чунагың.
Адырдан аккан булагың,
Айкөлдөн калган чунагың,
Асманда жарык жылдызың,
Жакаңда жакут, кундузуң,

Боз ала туйгун болпонуң,
Ушу турган Семетей
Боз карчыга чолпонуң

*[Семетей. Эпос. Саякбай Каралаев варианты. 55-б].*

Кейип, боздоп отурганда пайда жок, андан көрө Манастан калган белекти душманга дайынын билгизбей багалы, чоңойсо эл жерин коргой турган баатыр болот, атасынын жолун улаган азамат уул болот, Семетейди кор кылбай багып чоңойтууга таятасы Темиркан көздөй баш калкалап кетели дейт.

Энеке, башкага бурба санааңды,
Баана кылып кетели
Баатырдан калган балаңды.
Канзаада элек жарайлык,
Кандыкты эстен чыгарып,
Балаңыз он экиге келгенче
Төркүндүн көзүн карайлык

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 68-б].*

Ошондо Чыйырды менен Каныкей далай жерди басып, Темиркандын шаарына кетип бара жатканда сексенге чыккан Чыйырды баса албай чарчап калганда Чыйырды Каныкейге мени талаага таштап кет, азабымды тартайын, асылым туйгун жалгызга аякташа жатайын, сандалтпай мендей карыны, ушул бир жерге таштачы деп Каныкейге кайрылганда, Каныкей:

Кагылайын энеке,
Кадырлаш өзүң жогуңда
Кимди бир меке кыламын?

Айзага таккан желек – жеп,
Асылдан калган белек – деп,
өлөйүн – деп арыман,
өлбөй тирүү келатам
Энеке, сенин барыңан!
Айзага тактым желек – деп,
Касиеттүү кыргыздан
Энекем, кармай бир чыктым белек – деп.
Көрүп койсом көөнүм ток,
Энеке, сенден бир бөлөк мекем жок!
Кайран бир журттан айрылып,
Кан Букар тентип барганда,
Кай муразга жетемин?
Энеке, сендей мекемди
Ай талаага куу катын
Кантип эле таштап кетемин?
Энеке, сенден айрылып,
Кантип тирүү турамын,
Береки, каран башка күн тууса,
Кимди караан кыламын.
Сени таштап талаага
не муразга жетейин!

– деп Чыйырдыны айдалыга мингизип, Семетейди белине байлап жолун улантат [Каралаев С. «Семетей» эпосу, 70-б]. Манасты сыйлаган, урматтаган үчүн Каныкей Чыйырдыны өз энесиндей көрүп, жонуна көтөрүп, «сенден бир бөлөк мекем жок» деп кадырлап, барктап ай талаага таштабай аман-эсен атасынын жерине жеткирет. Каныкейдин Чыйырдыга мамилесинен бүгүнкү коомдо жашап жаткан ар бир келин үлгү алып, жашоо турмушунда колдонсо, кайненесин меке катары көрүп сыйлап урматтаса, азыркы заманда болуп жаткан аянычтуу көрүнүштөр

болмок эмес. Каныкейдин ар бир кыймыл-аракети, баскан-турганы жаштар үчүн үлгү болууга тийиш.

Манастан калган туякты жаман тууган алты арамдын кордугунан ала качып, эч кимге кор болбой эр жеткизип, журтуна кайтаруу максатын көздөгөн Каныкей карындан чыккан жалгызы Семетейди таякеси Ысмайылдын асырап берүүсүн туура көрөт.

Каным жездемден калган экен деп,
Канзааданын жалгызын
Каалап алсаң сен кандай?
Бекзааданын баласын,
Ысмайыл, бейлеп берген мен кандай?
Кыркып бердим чыбыгын,
Кылайын такыр ырымын.
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатты,
Кылып берди ырымын.
«Балам» десем оңбоюн,
«Ботом» деп койсом мен муну,
Эгерде эки болбоюн

*[Каралаев С. «Семетей» эпосу, 185-б].*

Каныкейдин бул кылган иш-аракети бир гана баласынын эркин чоңоюшун каалаганы, кыйынчылык болсо да көтөрүүгө даяр экендигин, өз баласын «балам десем оңбоюн, ботом деп койсом мен муну, эгерде эки болбоюн» деп Ысмайылга тапшырганынан байкалат. Анткен себеби кичинесинен жетим өсүп, кордук көргөн бала чүнчүп коркок болуп, эрезеге жеткенде эли-журтун издеп барууга бел байлаган, атасы Манастын кунун кууган баатыр боло албас эле. Каныкейдин мындай жакшы са-

паттарын, Айчүрөк да Сейтекти тарбиялоодо үлгү тутат, анын жолун улантат.

Семетей дүйнөдөн өткөндө, Айчүрөктүн үч айлык боюнда калат. Айчүрөк тогуз ай бою Кыязга билгизбей көтөрүп, аман-эсен көз жарып алуунун аракетин көрөт:

Бая айдай катын Айчүрөк,
Аты Сейтек баланы
Бир адамга билгизбей,
Бир кишиге көргөзбөй,
Болот эшик сарайга,
Болжолу жок далайга,
Мойнуна тумар тактырып,
Алдейлетип бактырып,
Кир аяктан ичирбей,
Кирдүү кийим кийгизбей,
Канаттууга кактырбай,
Камчылууга чаптырбай,
Жетимдигин билгизбей,
Жедигер тилин тийгизбей,
Бейшаркыт үйгө киргизбей,
Боз ала туйгун болпоң деп,
Көкжалдан калган Чолпон деп,
Тулпардан калган туяк деп,
Туу казына чунак деп.
Кечигип чачым өрдүм деп,
Келин кезде көрдүм деп,
Белестен аккан булак деп,
Бегимден калган чунак деп,
Минтип бакты баланы.
Бу Акундун кызы бейтаалай
Ойноп жүргөн чунактын

Түбүнө бирөө жетет деп,
Кокусунан кашайтып
Бирөө өлтүрүп кетет деп,
Эрдикке салып Айчүрөк
Күндүзүндө уйку албай,
Түнүчүндө тынч албай,
Эптеп бакты баланы

*[Сейтек. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты. 70-б].*

Сейтекти эч кимге көргөзбөстөн, кыйынчылык тарт-пасын деп эч кимге билгизбей, болот эшик сарайга багат. Эр жетип чоңойгончо, кирдүү кийим кийгизбей, кирдүү аяктан ичирбей, канаттуугаактырбай, камчылууга чап-тырбай, жетимдигин билгизбей, күндүзү уйку албай, түнү тынч албай чоңойтот.

«Манас» эпосун баштан аяк тепчип өткөн дагы бир жалпы тема – бул ата менен баланын ортосундагы мами-ле. Эпосто Манастын атадай тутунуп туу туткан адамда-ры: Бакай, Кошой, Акбалталар. Акылман карыялар.

Бокмурун Көкөтөйдүн ашына Манасты чакырбай ка-лат. Ошондо Манас «Бокмурун чаап алам деп» чамынган-да, акылман карыя төмөнкүдөй акыл айтат:

Барып чаап алгыдай,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Сары адырмак тоо эмес,
Салмакташар жоо эмес.
Бутпараш чапкан болобу,
Бутпарашка катылса,
Манастын иши оңобу?
Жетимди чапкан болобу,
Жеткилең иши оңобу?

Балага барып катылып,
Уятка ишиң чатылып,
Ошондо ишиң оңобу?

– деп, Бакай Манасты Бокмурунга барып катылсаң уят болосуң, ал сенин салмакташаар жооң эмес, жетимди чаап алган болбойт. Сабырдуу бол, ойлонуп иш кыл, бекер уятка каласың деп акылман сөзүн айтып, Манасты токтотуп калат [Семетей. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты. Б.: 2013. 1-китеп, 1090-б.].

Ал эми, Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашын берүү тууралуу Кошойго кеңеш кылганда, Кошой мындай акылын айтат:

Балам, аш берген киши айыпкер,
Аш берген киши күнөөкөр.
Эңкейиште бас болот,
Биздин кыргыз аз болот.
Кара кытай, манжуу журт
Биздин журтка кас болот.
Кара кытай жайнаган
Каканчындын калкы бар,
Кабыла калса кыргыздын
Канын ичер салты бар

*[Семетей. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты. Б.,2013. 1-китеп, 1093-б.].*

Бокмурунга өз баласындай насаатын айтат:

Ачуу шайтан, акыл дос,
Ай, Бокмурун кулунум!
Акылыңа акыл кош.
Алакандай кыргызды
Аш берем деп жыйбагын,

Айтылуу Манас болбосо,
Бөлөк журтту кырбагын.
Ай, Бокмурун кулунум!
Байлыгыңа салбагын,
Алакандай бусурман
Барып берип кытайга
Балакетке калбагын.
Малга көпкөн баласың,
Бу тилимди албасаң,
Баары журтту чакырып
балакетке саласың.
Кара кытай, көп манжуу,
Аш билүүчү эл эмес.
Кабар угуп, калк жыйып,
кан Коңурбай жетпесин?
Кабылан Манас болбосо,
калың кара журтуңду
Такыр кырып кетпесин?

*[Семетей. Эпос. Саякбай Каралаевдин варианты. Б., 2013. 1-китеп, 1094-б.].*

Эпостогу Бакай, Кошой өңдүү акылман карыялардын насааты баатырларды душмандар менен болгон салгылаштарда ийгилик менен кайтып келүүсүнө өбөлгө түзгөн. Алар уруу ичинде орчундуу иштерди жүзөгө ашырууда аталык насааттарын айтып, аксакалдык милдетти даанышмандык менен аткарып келген.

Жыйынтыктап айтканда, «Үй-бүлө темасындагы дидактикалык мотивдер «Манас» үчилтигинде» деген темадагы бөлүмдө Сагымбай, Саякбайдын варианттарында Каныкей менен Акылайдын, Айчүрөктүн үй-бүлө ишинде жолдошуна жасаган мамилелери жана Манас баатыр баш

болгон чоролор жортуулга чыгаарда азык камдап берүү, кийим-кечектерин даярдап берүү жана башка аялзатына тиешелүү болгон милдеттерди аткарууда образдарын салыштыруу аркылуу талдоого алынды. Дидактикалык мотивдер аркылуу ынтымак-биримдик, ар-намыс, эл үчүн жасаган эрдик, эмгекке тарбиялоо, үй-бүлө институту сыяктуу жалпы адамзатка тиешелүү моралдык-этикалык категориялар эпосто көркөм чагылат. Эпостогу дидактикалык мотивдер аркылуу жоокерчилик заманда көчмөн турмуш өткөргөн ата-бабанын жеке сапаттары аркылуу коом ынтымагын, эл биримдигин сактап келгендиги талдоого алынды. Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк өңдүү асылзаада аялзатынын энелик сапаттары, жубайына шерик болгон акылмандыгы, жоокер эр азаматтардын жоо кийимин камдоодогу чебер уздугун көркөм шөкөттөө – дидактиканын экинчи, кеңири маанисиндеги маңызына жооп берген мотивдерден.

## КОРУТУНДУ

Бул эмгегибизде дидактикалык мотивдердин «Манас» эпосундагы көп багыттуу идеялык-көркөмдүк функциясына талдоо жүргүзүү аракети болду. Эпостогу дидактика элдик поэзиянын идеялык-тематикалык мазмунунда орчунду орунду ээлейт. Эгерде дидактика кууш маанисинде тарбия берүү үчүн жалаң насаат айтуудан турган педагогикалык ыкманын бир түрү болсо, фольклордо, анын ичинен эпикалык поэзияда – чыгарманын көркөм системасында олуттуу роль ойногон мотивдердин бири экендигин көрүүгө болот. Анткени антропология, этнология, философия, психология сыяктуу илимдердин пайда болуп калыптануусунун башатында фольклор тургандыгы айдан ачык.

Манасчы Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин вариантындагы дидактикалык мотивдер буга чейинки эмгектерде жалпы мүнөздө гана берилсе, бул иште сюжет, композиция, көркөм образдар системасы эпостогу дидактикалык мотивдердин көркөм функциясы, идеялык-эстетикалык кызматы аныкталды;

Манастын жарык дүйнөгө келгенден баштап, бул дүйнөдөн өткөнгө чейинки сюжеттерде камтылган анын эл үчүн жасаган иш аракети жана чоролоруна, Манаска, Семетейге акыл-насаатын айтып келген Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк, Кошой, Бакай, Акбалтанын иш аракеттерин коштогон таалим-тарбиялык ойлор талдоого алынды;

Манас» үчилтигиндеги макал, ылакаптардын идеалык-эстетикалык кызматы, алардын эпостогу орду каармандардын аткарган иш аракети аркылуу аныкталды;

Ынтымак, ар намыс, биримдик ж.б. этикалык категориялардын эпосто көркөм-образдуу интерпретацияланышы талдоого алынды;

Үчилтиктин композициялык курулушундагы Жакып мал багып байышы, журтуна кадырлуу болуусу, Манас эр жеткенде эгин эгип, Аккула сындуу тулпарга ээ болгондугу, Бөлөкбай уста жоо-жарак жасап, Манастын кошуунун камсыздаганы, Каныкейге окшогон чебер уздардын жоо кийимин камдаган өнөрү аркылуу эмгек эң чебер поэтизацияга ээ болгондугу белгиленди;

Баатырдын жар тандоосуна байланыштуу маселелер аялзатынын өмүрлүк жар, келин, кайнене, коомдук атуул, мекенчилдик милдет, кызматтары талдоого алынды;

Асылзаада аялзатынын энелик ролу. «Манаста» Каныкейдин энелик портретине токтолуу аркылуу болочок баатырдын өсүп-чоңоюу тарыхы, Айчүрөктүн Семетейди тарбиялашы талдоого алынды;.

Дидактикалык мотивдер менен элдик оозеки чыгармачылыктын башка жанрларынын ортосундагы өз ара байланыштар белгиленип, алардын ортосундагы өтмөлүүлүк, жалпылыктар мисалдар аркылуу далилденди.

Дидактикалык мотив, башкача айтканда, келечек урпактарга нуска кеп айтуу, таалим-тарбия берүү «Манас» эпосунун негизги милдеттеринин бири. Ал милдет эпосто фольклордук чыгармачылыктын синкреттүүлүк табиятына ылайык өтө кеңири, ошол эле учурда көркөм поэтикалуу ишке ашкан.

## АДАБИЯТТАР

1. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун историзми [Текст] /Э. Абдылдаев. –Ф.: Илим. 1987. – 157 б.

2. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун сөздүгү. «Манастын» 1000 жылдыгына карата [Текст] /Э. Абдылдаев. – Б., 1995. – 172 б.

3. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] /Э. Абдылдаев. – Ф.: Илим, 1981. – 265 б.

4. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары [Текст] /Э. Абдылдаев. – Б.: Шам, 1997. –111 б.

5. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери [Текст] /Э. Абдылдаев, З. Мамытбеков. – Ф., 1966. – 244 б.

6. Абдылдаев, Э. «Манастын» тарыхый-баатырдык эпос катарында калыптануу жана өнүгүү этаптары [Текст] /Э. Абдылдаев. – Б., 1999. – 62 б.

7. Абдылдаев, Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан [Текст] /Э. Абдылдаев. – Ф.: Кыргызстан, 1983. – 95 б.

8. Абдылдаев, Э. Мамбет Чокморов. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] /Э. Абдылдаев. – 2-том. – Б., 2002. – Б. 430-441.

9. Абрамзон, С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи / С. М. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480 б.

10. Абдымомунова, Г. А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды патриотизмге тарбиялоонун айрым маселелери [Текст] / Г. А. Абдумомунова. – Бишкек: Бийиктик, 2005. – 111 б.

11. Абдыракунов, Т. Бабалардан калган сөз [Текст]: кыргыз фольклору жөнүндө макалалар / Т. Абдыракунов Кыргыз фольклору жөнүндө макалалар. – Фрунзе: – Илим, 1981. – 163 б.

12. Айтматов, Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу [Текст]/ Ч.. Айтматов // Китепте: «Манас». Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 430 б.

13. Айтматов, Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат [Текст]/ Ч. Айтматов. – Ф.: Кыргызстан, 1988. – 397 б.

14. Акматалиев А. «Манастын жети осуяты» [Текст]/ А. Акматалиев. – Изб. 2-том. – Б.: Шам, 1998. – 424 б.

15. Акмолдоева, Ш. Б. Древнекыргызская модель мира (на материалах эпоса «Манас») /Ш. Б. Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 1996. – 220 с.

16. Акмолдоева, Ш. Б. Духовный мир древних кыргызов. Б., 1998.

17. Акмолдоева, Ш. Б. Манас ааламы [Текст] / Ш. Б. Акмолдоева. – Бишкек: Илим, 2003. – 160 б.

18. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери [Текст]/ С. Мусаев ж. б. – Ф.: Илим, 1988. – 492 б.

19. Ауэзов, М. О. Мысли разных лет [Текст] / М. О. Ауэзов. – Алма-Ата: Изд-во АН КАзССР, 1959. – 318 с.

20. Ауэзов, М. Киргизская народная героическая поэма «Манас» [Текст]/ М. Ауэзов // китепте: Киргизский героический эпос «Манас». – М.: Изд-во АН СССР, 1961. – Б. 15-84.

21. Байгазиев, С. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы [Текст] / С. Байгазиев. // Мугалимдер, тарбиячылар, ЖОЖдун окутуучулары, студенттер үчүн. – Бишкек, 2012. – 39 б.

22. Байгазиев, С. «Манастын» ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты [Текст] / С. Байгазиев. // Мугалимдер, тарбиячылар, ЖОЖдун окутуучулары, студенттер үчүн. – Бишкек, 2012. – 39 б.

23. Байгазиев, С. Бала Манастын инсан катарында калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу [Текст] / С. Байгазиев. // Мугалимдер, тарбиячылар, ЖОЖдун окутуучулары, студенттер үчүн. – Бишкек, 2012. – 47 б.

24. Байгазиев, С. Манастаануу [Текст]/ С. Байгазиев. – Б., 2000.

25. Байгазиев, С. Улуу «Манас» – улутубуздун дил жана тил бешиги » [Текст]/ С. Байгазиев. – Б., 1994. – 96 б.

26. Байгазиев, С. Педагогикалык руханият. Б., 2008.

27. Бартольд, В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд, түз. О. Караев. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1997. – 456 б.

28. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун поэткалык маселелери [Текст] / С. Бегалиев. – Ф., 1967-ж.

29. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары [Текст]/ С. Бегалиев. – Ф.,1989.

30. Бегалиев, С. «Манас» эпосунун поэтикасынын маселелери [Текст]/ С. Бегалиев. – Ф.,1967.

31. Бекмухамедова, Н. Хж. Эволюция женских образов в эпосе «Манас» [Текст] / Н. Х. Бекмухамедова. – Бишкек: Эркин Тоо, 1997. – 118 с.

32. Белинский, В. Г. Статьи о народной поэзии [Текст] / В. Г. Белинский // Полн. собр. соч. – М., 1954. – Т. 5. – С. 289-450.

33. Богданова, М. И. Об особенностях киргизского эпоса «Манас» [Текст]/ М. И. Богданова //китепте: Киргизский героический эпос «Манас». –М.: Изд-во АН СССР, 1961. – С. 197-234б.

34. Борбугулов, М. Адабият теориясы. –Б., 1994.

35. Борбугулов, М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы [Текст]/ М. Борбугулов. – Б., 2004. – 159 б.

36. Бутанаев, В. Я. Энесай кыргыздары [Текст]: фольклор жана тарых / В. Я. Бутанаев, И. И. Бутанаева – Бишкек: Кыргызстан-Сорос, 2002. – 228 б.

37. Бүткүл дүйнөлүк биринчи эпос фестивалы: Эпикалык мурастарды сактоонун жолдору жана жаңыча ыкмалары [Текст]: эл аралык симп. материалдары. – Бишкек: Бийиктик, 2006. – 520 б.

38. Валиханов, Ч. Ч. Собрание сочинений в 5-томах [Текст]/ Ч. Ч. Валиханов. – Алма-Ата: Каз. Сов. Энц., 1984. Т. 1. – 432 б.

39. Веселовский, А. Н. Избранные статьи [Текст] / А. Н. Веселовский. – М.: Гослитиздат, 1939. – 571 с.

40. Веселовский, А. Н. Историческая поэтика [Текст] / А. Н. Веселовский. – М.: Высш. шк., 1989. – 404 с.

41. Гусев, В. Е. Эстетика фольклора [Текст] / В. Е. Гусев. – Л.: Наука, 1967. – 319 с.

42. Жусуп Баласагын «Куттуу билим». Б., 2015. Жайнакова, А. «Манас» эпосундагы патриархалдык-феодалдык мамилелер [Текст]/ А. Жайнакова. – Б., 1997.

43. Жирмунский, В. М. Введение в изучение эпоса «Манас» [Текст]/ В. М. Жирмунский // в книге: Киргизский героический эпос «Манас». –М.: Изд-во АН СССР, 1961. – С. 85-196.

44. Жирмунский, В. М. Народный героический эпос [Текст]/ В. М. Жирмунский. – М., 1962. – 287 с.

45. Жирмунский, В. М. Тюркский героический эпос. – Л., 1974. – 724 б.

46. Жумалиев, К. «Манас» эпосунда Ата-Журт, Мекен түшүнүктөрүнүн чагылдырылышы // Изв. ВУЗов. – 2014. - №4. – 279 б.

47. Закиров, С. Кыргыз элинин макал-лакаптары. Ф., 1972.

48. Закиров, С. «Эр Төштүк» эпосунун варианттары жана идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү [Текст] / С. Закиров. – Фрунзе: КыргССР Иасынын басмасы, 1960. – 64 б.

49. Ибраев, Ш. Мир эпоса (Поэтика казахского героического эпоса) [Текст] / Ш. Ибраев. – Алматы: Гылым, 1993. – 423 с.

50. Исаков, Б. Манас таалими. [Текст] / Б. Исаков. – Б., 2008. – 44 б.

51. Исаков, Б. Манастын алгачкы эрдиктери [Текст] / Б. Исаков. – Б., Гүлчынар, 2008. 88 б.

52. Кайыпов, С. Эл ырчылары жыйнагына жазылган баш сөз. – Ф., 1981.

53. Каралаев, С. «Семетей» эпосу 1-2-том. – Ф., 1986.

54. Каралаев, С. «Манас» эпосу, Б., 2010.

55. Каралаев, С. «Семетей» эпосу, 1-китеп. Б., 2013.

56. Каралаев, С. «Семетей» эпосу, 2-китеп. Б., 2013.

57. Каралаев, С. «Сейтек» эпосу, Б., 2013.

58. Карасаев, Х. Накыл сөздөр. 2-китеп. Ф., 1987.

59. Каратаева, С, Толубаев М. «Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат-ит-түрк» сөздүгүндөгү макал-ылакаптар». Б., 2010.

60. Кебекова, Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы [Текст] / Б. Кебекова. – Ф.: Илим, 1982. – 157 .

61. Кебекова, Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст]/ Б. Кебекова. –Б.: Турар. – 2009. – 496 б.

62. Керимжанова, Б. Семетей и Сейтек. Ф.: 1961.

63. Кудабаева, Г. Б. «Манас» эпосундагы каармандардын инсандык сапаттары [Текст]/ Г. Б. Кудабаева. – Б., 2003

64. Краткая литературная энциклопедия. М., 1967.

65. Кулалиева, К. «Манас» эпосу менен Ж. Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанындагы идеялык-көркөмдүк параллелдер.

66. Кыдырбаева, Р. З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст]/ Р. З. Кыдырбаева, К. Асаналиев. – Б.: Шам, 2004. – 572 б.

67. Кыдырбаева, Р. З. Кыргыздын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр. Б., 2009.

68. Кыдырбаева, Р. З. Эпос «Манас». Генезис. Поэтика. Сказительство [Текст] /Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Шам, 1996. – 393 с.

69. Кырбашев, К. «Манас» эпосунун стили. [Текст] / К. Кырбашев. – Фрунзе: Илим, 1983. – 174 б.

70. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түз: Шериев Ж, Муратов А. – Б., 1994.

71. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2-том. [Текст]/. –Б.: Бийиктик, 2002. – 816б.

72. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 3-том. [Текст]/. –Б.: Бийиктик, 2002. – 640 б.

73. Кыргыз макал-лакаптары, (түзгөн: Ш. Усупбеков) – Ф., Кыргызстан, 1982.

74. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки, [Текст]/. – Ф.: Илим, 1973. –706 б .

75. Кыргызско-русские пословицы, поговорки и изречения (составил и перевел Сыргабек Шамбаев) – Ф.: Мектеп, 1979.

76. Мамыров, М. Адабият башаты. – Ф.: Кыргызстан, 1986.

77. Мамытбеков, З. Отражение жизни и борьбы кыргызов в эпосе «Манас» [Текст] / З. Мамытбеков. – Бишкек: Б-сыз, 1993. – 113 б.

78. «Манас» энциклопедиясы [Текст]:1-том / А. Карыпкулов. – Б.: КЭ Башкы редакциясы,1995. – 440 с.

79. «Манас» энциклопедиясы [Текст]: 2-том / А. Карыпкулов. – Б.: КЭ Башкы редакциясы, 1995. – 432 с.

80. «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына …. [Текст] /. – Б., 1995. – 196 б.

81. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 2-китеп. С. Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 799 б.

82. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 3-китеп. С. Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 666 б.

83. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 4-китеп. С. Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 366 б.

84. «Манас». Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 1-китеп. С. Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 296 б.

85. Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. Б., 1993.

86. Молдобаев, И. Эпос «Манас» как источник изучения духовной культуры кыргызского народа [Текст] / И. Молдобаев. – Ф.: Илим, 1989. – 148 с.

87. Мусаев, С. Каныкейдин образы («Манас» эпосунун элдүүлүк проблемалары) [Текст]: автореферат дисс. . . канд. филол. наук / С. Мусаев. – Ф.,1963. – 25 с.

88. Мусаев, С. Чоң манасчы Саякбай Каралаевдин варианты боюнча 1-китеп [Текст] / С. Мусаев. – Ф., 1984. – 440 б.

89. Петросян, А. А. К вопросу о народности эпоса «Манас» [Текст]/ А. А. Петросян // в книге: Киргизский героический эпос «Манас». –М.: Изд-во АН СССР, 1961. –С. 5-14.

90. Пермяков, Г. Л. От поговорки до сказки. – М.: Наука, 1990.

91. Поливанов, Е. Д. Кыргызский героический эпос «Манас»: исследование и переводы [Текст]/ Е. Д. Поливанов. – Б.,1999. – 123 с.

92. Пропп, В. Я. Фольклор и действительность [Текст]/ В. Я. Пропп // в книге: Избранные статьи. – М., 1976. – 327 с.

93. Радлов, В. В. Образцы народной литературы тюркских племен [Текст]/ В. В. Радлов. – М.,1985. – 244 с.

94. Радлов, В. В. Предисловие [Текст]/ В. В. Радлов // в книге: «Манас» – героический эпос киргизского народа. – Ф.: Илим, 1968. – С. 14-37.

95. Рахматуллин, К. А. Великий патриот легендарный Манас [Текст]/ К. А. Рахматуллин. – Ф.: Киргизгосиздат, 1943. – 79 с.

96. Сарыпбеков, Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст]/ Р. Сарыпбеков. – Ф.: Илим,1987. – 151 б.

97. Сыдыков, А. «Манас» эпосундагы каармандык идеалдары. – Б., 2006.

98. Сыдыков, А. Героические мотивы в эпосе «Манас» [Текст] / А. Сыдыков. – Фрунзе: Илим, 1982. – 134 с.

99. Токтогул. – 1–2-том. Ф., Адабият, 1984.

100. Узбекские народные пословицы (составители: Б. И. Саримсаков, А. К. Мусакулов) – Ташкент: Фан, 1983.

101. Чыгыш элдеринин макал-лакаптары (которгон: У. Асаналиев) – Ф., Кыргызстан, 1980.

102. Шериев, Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты. Б., 1996.

Шериев, Ж. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]/ Ж. Шериев, А. Муратов. – Ф. : Мектеп, 1987. – 59 б.

# Мазмуну


Баш сөз ........ 3

Киришүү ........ 5

**I Б А П. «Манас» – элдик оозеки өнөрдүн көркөм антологиясы** ........ 13

1.1. Дидактикалык мотив – «Манас» эпосунда идеялык-эстетикалык зарылдык........ 13

1.2. «Манас» үчилтигиндеги дидактикалык мотивдердин функциясы. ........ 31

1.3. «Манас» үчилтигиндеги макал-ылакаптардын идеялык-эстетикалык кызматы ........ 62

Жалпы жыйынтык ........ 74

**II Б А П. Эпостогу дидактикалык мотивдердин идеялык-тематикалык көп багыттуулугу** ........ 76

2.1. Ынтымак, ар-намыс, биримдик ж. б. этикалык категориялардын эпосто чагылдырылышы ........ 76

2.2. «Манас» үчилтигиндеги эмгек темасынын тарбиялык маңызы ........105

2.3 Үй-бүлө темасындагы дидактикалык мотивдер «Манас» үчилтигинде........128

**Корутунду** ........149

**Адабияттар**........151

**Тойчубек кызы Жазгүл**

# «МАНАС» ҮЧИЛТИГИНДЕГИ ДИДАКТИКАЛЫК МОТИВДЕР

*(монография)*

Корректору *Ф. Абдалова*
Мукабасын жасалгалаган *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басуугa 09.08. 2023-жылы кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 10,0 б.т. Нускасы 200 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Ж. Бөкөнбаев көчөсү, 182.
Тел.: 0772 34-70-28, 0705 34-70-28.